Скырг
М22

Кундузбу Маматова

# Мекен деми



аб

С кырг
М 22

Кундузбү Маматова

# МЕКЕН ДЕМИ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487797

Бишкек – 2024

УДК 821-51
ББК 89 Ки 7-4
М 76

**Маматова К.**
М 76 **Мекен деми.** *Ырлар.* – Б.: «Улуу Тоолор», 2024. – 248 б.

ISBN 978-9967-78-456-49

УДК 821-51
ББК 89 Ки 7-4

ISBN 978-9967-78-456-49

© Маматова К., 2024.



## МУҢДУУ, НУРЛУУ КАЙРЫКТАР

Мага Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунан телефон чалып калды.

– Кундузбү деген жакшы акын кызыбыз бар. Ошонун ырларына баш сөз жазып бербейсизби, - деп. Мен анын атын, ысымын да укпаптырмын. Демек, чыгармачылыгы менен да таптакыр тааныш эмесмин да. Кыскасы, Кундузбү Маматованын эки китеби жана кол жазма ырлары менин колума тийди. Эң башкысы, Кундузбү "тагдыры бар акын" экендигин чыгармаларын окуй баштаганда эле туйдум. Темалары айта турган ойго өтө бай. Сезимди селт эттирген ирмем саптар жана туйлап жазылган турмуштук поэмалар акындын бул ааламга келген тагдыры таптакыр башкача экенин ырларынан даана байкалды. Айылда бала кезде өзү өсүп чоңойгон үй жөнүндө жазганы окурмандардын жан дүйнөсүнө тополоң түшүрөт.

"Атамдын алмалары бышты бекен?
Шак ийип жер жайнатып түштү бекен?
Ээн үйдө терип алган жан адам жок,
Алмасы ээсин жоктоп күттү бекен?"

Ооба, ал алма бактын ээлери кайып болуп кеткенине көптөгөн жылдар болуптур. Ошол алмалардын ээсин жоктогону дагы кызык. Атаңгөрү, балалык кезин эстебеген ким бар дейсиң!

"Сагындым алма, өрүгүн самап турам,
Эстесем жашым агат улум-улам.
Ооз тий деп беш-алтыны ушул жылы,
Бар бекен ала келчү ага-тууган?
Жебестен жыттап-жыттап алар элем,
Кусалык тамагымды небак бууган".

Аттиң, автордун ичиндеги аруу тилектерин, сагынычтарын туйган ага-тууган, айылдаштар бар бекен? Ушул акыркы алты саптагы акындын көкүрөгүндөгү эңсөөлөр, армандар окурмандарды ойлонтпой койбойт. "Мен өскөн үй" аттуу ырында: "Ошол үйдүн терезелери сынып, быркырап, дубалдары сыйрылып түшүп, короого кирген пенде жок, короонун ыраңы кетип, дүркүрөп өскөн бак гүлдөбөй сумсайып турганын көрүп, атамдын үйү катыгүн, атамды жоктоп турабы" - деген армандуу оюн айтат.

Автор мага алты бөлүмдөн турган ырларын жөнөтүптүр. Экинчи бөлүмүндө "Эне тил", "Апаке мени кечиргин", "Бир тууганым". Өзүнүн чыгармачылыгы жөнүндө "Ырларга толгон дил кайрык" аттуу шилтемелер. Акын "Чаң баскан китеп" аттуу ырында:

"Чаң баскан китеп, саргайган барак,
Окулбай турса көйгөй да, азап" экенин айтыптыр.

Туура, бүгүнкү күндө басмадан жарык көргөн китептер толтура. Ал эми ал китептерди окурмандар талашып окуп атабы же жөн эле текчедеги милдетин аткарып отурабы? Автор ошол жөнүндө оюн ортого салыптыр. Менимче, бул бүгүнкү күндүн ойлонто турган маселеси. Ал эми автордун чыгармалары менин пикиримде окурмандардын сезимдерин, жан дүйнөсүн козгобой койбойт деген ойдомун. Анткени, Кундузбү тагдырдын татаал жолун, өйдө-ылдыйыштарын башынан өткөргөн. Ал поэзия





мейкиндигине кечигип келсе да, ааламга айта турган аруу ойлору бар экени кашкайган чындык. "Тагдыр менен сүйлөшүү" аттуу ырында: Тагдырдын өзү тарбиянын түрүн бергенин, тоонун жыпар гүлүндөй бапестеп, дагы деле болсо, долононун бүрүндөй болуп жүргөнүн баса белгилептир. Кундузбү ырдын аягында мындай дейт:

"Сыноонду да, кыйноонду да коё тур,
Гүл ачуудан, бүр ачуудан калганмын.
Менин акым балким бардыр айтууга,
Чындыгы жок бул жашоонун жалганын!"

Жонуңдан уйдун тилиндей кайыш сыйрып, башыма жорук салып жазалаба, сыноолоруңду токтото көр, эми мени желкелебе, сумсайтпа, анткени эңшерилип кете электе эргүүдөн, үлгүрөйүн окурмандардын жан дүйнөсүнө жарык чачкан ырларды тартуулаганга, - дейт автор.

"Жалгашпай айтар сөзүм, ыргактарым,
Музанын ыргагынан ыраактадым.
Дүйнөмдүн сырты тынч да, ичи толкун,
Издөөдө эргүүлөрдүн ыргактарын".

"Эргүүлөрдүн ыргактарын издөө" деген, менимче башкалардын ырларына окшошпогон, өзүнө гана таандык Кундузбүнүн портретин көгүлтүр мейкинден көрсөткөн ырларды жазуу. Чыныгы чыгармачыл инсандын саптары ушундай болор. Ааламда асыл жандар бар экенин, "Асыл жандар" аттуу ырында мындай сүрөттөптүр:

"Жыгылып бараткнда жөлөгөндөр,
Жанымда мээримине бөлөгөндөр.

Келтирди жашагымды кайра баштан,
Жакшы иш, жакшы максат жөрөлгөңөр.

Куланып бараткандa таягандар,
Кубарган гүл өңүмдү аягандар.
Кубантып үмүтүмө отту жакты,
Мертинген максатымды улагандар".

Жыгылып бараткандa жөлөп, куланып бараткандa таягандар, кубарган гүл өңүн аягандар кайра баштан жашагысын келтирип атканы жакшы жөрөлгө экенин жүрөгү менен билдириптир.

"Кол сынса жен ичине жашырасың,
Көңүлдүн сынган жерин дарылоого,
Мезгилдин далдоосуна жашынасың.

Тоого чык, деңизде сүз, дүйнө кезгин,
Жан дүйнөң орунун таап тынч албаса,
Жалгызсың эл ичинде муну сезгин".

Ооба, сынган кол байланып турганынан билинет, көңүлдүн сыныгын кантип дарылайбыз? Ал көрүнбөйт, автор айткандай, мезгилдин далдоосуна жашынат. "Жамгыр менен сүйлөшүү" аттуу ырында: "

Сен да мендей буулуктуңбу күзгү жаан?
Көзүң ачпай көнөктөйсүң, төгөсүң.
Сен да мендей ызалыкка баттыңбы?
Узун түнгө көз жашыңды каттыңбы?
Сен сырттасың, а мен үйдө буулугуп,
Тып-тып эткен тамчың тыңшап жатамын.





Айталбаган бүт арманың угулуп,
Эмнегедир бүгүн мен да капамын".

Күндөрдүн бир күндөрүндө сабакта отурган балдар сөз талашып кетишти. Анткени "Эң сулуу сөз кайсыл?" деген суроого жооп таба алышпай аябай түйшөлүшкөн эле. Ар кимиси ар кандай сөздөрдү айта баштады...

"Бардык эле сөздөр сулуу чынында,
Ушул сөздү айтпай калуу кыйын да.
Мен бой жеттим айта албаган бир жолу,
"Апа" деген сөздүн өзү сулуу да.

А эмнеге айтпадың деп сураба,
Туулгандан апакем ким билбедим.
"Апа" деген сөздү айтуу буюрбай,
Бул тагдырды далай жолу тилдедим".

"Апа" деген сөздү билем, "Апа" деген сөздү сүйөм, бирок " апа" деген сөздү кеч айтканыма барбы менин күнөөм? - дейт каарман. Мен Кундузбүнүн айрым ырлары жөнүндө гана пикиримди билдирдим. Кээ биринде албетте кемчиликтер да бар, мактай турган жагы андан көбүрөөк деп эсептеймин. Автордун "Жамгыр" аттуу ыры менен аяктасам деген ойдомун.

"Асмандын жиги сөгүлүп,
Ак жамгыр бүгүн төгүлүп.
Буулугуп турат токтобой,
Чачымдан сылай өбүлүп.
Төгүлгөн жамгыр башкача,
Көзүмө муңдуу көрүнүп.

Сен турсаң көктө көз жаштап,
Мен турам жерде сөгүлүп.

Буулуктуң неге ак таңда,
Баттыңбы түпсүз арманга?
Тамчыңдын үнүн эшитип,
Жай барам тиктеп асманга.
Төгүлгүн жамгыр төгүлгүн,
Мүрөгүң чачып бактарга.
Сен жууган жүзүм албырат,
Сөз таппай өзүм актаарга".

Автордун мен окуган жамгыр жаагандай ырлары окурмандарды ободогон ойлорго жетелейт деген ойдомун.

***Карбалас БАКИРОВ,***
*Кыргыз Республикасынын*
*эл акыны.*





* * *

Өкүндүрүп өрт чалып турган дүйнөм,
Өрөпкүүдөн тар болуп кийген күрмөм.
Өпкө боорду аралап ыза толуп,
Бүчүлөнбөй көзүнөн сынган түймөм.

Жеңип дагы, жеңилгенде согуп бир муш,
Жерден алып жерге урган ушул турмуш.
Жетегинде жетелеп алсыратып,
Маңдайыма жазыптыр не бир укмуш.

Жетүүчүдөй марага теминемин,
Жекирүүдө жерге кире, кемигенмин.
Өжөрлүктөн тырышып, кежир болуп,
Мына көрчү, кежейгенин кежигемдин.

Каректерден издегеним үзүм мээрим,
Баёлуктан билалбай эмне дээрим.
Ак-караны түшүнүп жол тапкыча,
Тагдыр өкчөп бактымды, баскан мөөрүн.

Тилейм түндө жакшылык жатаарымда,
Тоскоолдуктар жол тоспо сапарымда.
Темир кишен кийгендей илең-салаң,
Бара жатам бактылуулар катарында.

Темир кишен кийсем да бара берем,
Менин ордум бактылуунун катарында.

## КУНДУЗБҮ

Ырлардан шуру тагынып,
Унутпай жүрөт өткөндү,
Кыялга чексиз малынып,
Түшүндө көрөт түркүндү,
Санаада дайым сагынат,
Туулган жер айыл, төркүндү.
Берметин издеп сөздөрүн,
Дүйнөнү кезген Кундузбү.

Муунта койбой тамакты,
Чечейин топчу, бүчүмдү.
Арасат калган иштерге,
Сарптайын калган күчүмдү.
Аман-соо алып башымды,
Чыгардым бүтүм, чечимди.
Алдыга басам себеби, мен,
Атамдын кызы Кундузбү.

Жазамын ырды төгүлтүп,
Асманды, жерди, жылдызды.
Кымбатын кынап ырларга,
Кыйырга даңктап кыргызды.
Күч болом такыр ыйлатпай,
Кубаттап кара бир кызды.
Кымбатын билип өмүрдүн,
Сүйүүгө балкыйт Кундузбү.





## КУНДУЗБҮ

*(акро ыр)*

Күн нуруна чагылышып чачтарым,
Удургутуп, ойлорумду кулпурат.
Назик соккон жүрөгүмө сүйүүнүн,
Данегиндей сезим берди кулпулап.
Ууз сүйүүнүн толкундаткан сүрү ай,
Зирек жанды жөн койбоду чымчылап.
Бактылуулук ачса кенен эшигин,
Үмүт жанып канат күүлөйт, умтулат.

# МЕКЕН ЖӨНҮНДӨГҮ ЫРЛАР

Тыңдап күндө айтылчу кептериме,
Себепкерсиң максатыма жеткениме.
Ата-Журтум койнуңду терең ачтың,
Эрке кыял көгүчкөндөй-кептериңе.

Кубат алып жапжашыл тулаңыңдан,
Бойго жеттим аска-зоолуу турагыңдан.
Жилик толуп, жүрөгүмө сүйүү конду,
Шимип ичип тиш какшаткан булагыңдан.

Кан-жанымдан айланып ынагыңа,
Билик болсом жагылчу чырагыңа.
Ой-кырыңдан эргүү алып обон созгон,
Күч бере көр тоолук эрке уларыңа.

Ар бир таңда ой кошосуң ойлоруma,
Эргүү койбой жетелейт ой-боюма.
Арча, кайың, бадалда сени даңктап,
Айланамын сайрап турган торгоюңа.

Чагылгандай аскаңа тийип өтөм,
Дастан жазып бекемдеп чийип өтөм.
Кызыл тууңдун бооруңа ураан жазып,
Кыраан куштай бийигиңе илип өтөм.

Желдей желем эркин тулпар, күлүгүңдөй,
Сулуу жерди көрбөдүм бийигиңдей,
Жарчегиңе жармашып чимирилем,
Табылгыңдан жасалган ийигиңдей.





## МЕКЕН ДЕМИ

Чөгөрүп кусалыкты карегиме,
Бой уруп туңгуюктун тереңине.
Тумчугуп баратсам да бар күч менен,
Жарасам экен мекен керегине.

Оонадым көк майсаңдуу шиберине,
Булдуркөн даамы али илебимде.
Ачуусу, таттуусу да ширелишип,
Койнуңда жеттим мекен тилегиме.

Таш тилип таманымды чуркаганмын,
Туптунук булагынан ууртаганмын.
Санаа жок, балдай ширин кыял менен,
Ар түрдүү кооз гүлүн жыттаганмын.

Бийик тоо, жашыл арча төрү кенен,
Асманы тунук көкмөк, көлү терең.
Желкемден басса дагы нечен сыноо,
Күчтүүмүн мекенимдин деми менен.

## МЕКЕНИМ КЫРГЫЗСТАН

Мекеним Кыргызстан алтын уям,
Сендеги кенендикти сезем, туям.
Тоо-ташың, көлүң, дайраң, кең талааңды,
Жараткан кыргызыма белек кылган.
Желегиң желбиресин ар бир тоодо,
Сен менен мен бактылуу толкуп турам.

Мекенин Кыргызстан - туулган жерим,
Теңирим тартуу кылган көрктүү төрүң.
Дүйнөнү суктандырып чалкып жатат,
Көгүлтүр касиеттүү Ысык - Көлүм.
Ташың да, топурагың, тоо булагың,
Бизге ыйык, болбосунчу эч бир кемиң.

Мекеним Кыргызстан - Ата журтум,
Береке, ырыс, дөөлөт, бакыт кутум.
Ак карлуу аска-тоолор символубуз,
Бийиктеп уча берсин барчын кушуң.
Ак калпак, ак элечек, комуз күүсү,
Бир гана Кыргызстан өзүң үчүн.

## КАСИЕТТҮҮ ОШ ЖЕРИМ

Таза аба, тунук асман кең мекен,
Касиеттүү жерим менин Ош экен.
Кут, береке, дөөлөт ырыс өзүндө,
Ош шаарыма мактоо айтсам эмне экен?

Сулайман-Тоо Оштун көркү көк тиреп,
Ак-Буурасы мөрөк суудай агылат.
Мажирүм тал элпектигин көргөзүп,
Келиңиз деп башын ийип кол сунат.

Токчулукка ороп Кудай бул жерди,
Кызыр даарып карапайым бүт элди.
Пейли кенен мейман көрсө сүйүнүп,
Күлүп, жайнап тосуп алат келгенди.





Кылымдардан кылымдарды карыткан,
Ош шаарымды тапса болот тарыхтан.
Урпактарын сактап жүрөт касиети,
Көзүн салып тээ үстүртөн Жараткан.

Ош шаарымда атат күндөр шаң менен,
Кут-береке кошо келет таң менен.
Үч миң жылды басып өтүп көркөмсүң,
Өс, өсө бер, сыймыктанам сен менен.

Ошум гүлдөп, өсө бергин шаң менен.

## КАРА-КУЛЖА МЕКЕНИМ

*Сөзү Кундузбү Маматовага,*
*Обону Догдурбай Урмамбетовго таандык.*
*Аткарган. Д. Урманбетов.*

«Чакан-Таш» төрүн ээлеген,
Аскасын аркар жердеген,
«Тар» сууда туйлап чабагы,
Күч берет элге дембе-дем.
Күкүктөп кирсе дайрасы,
Мактанам мекен сен менен.

***Кайырма:***
Кара-Кулжа, Кара-Кулжа,
Жашайсың дайым оюмда.
Кара-Кулжа, Кара-Кулжа,
Милдетиң алам мойнума.
Сагынчым жашайт койнумда.

«Ажике» жайлоо, «Кулунду»,
Салтанат, майрам, шаңга бай,
Алайку тоонун көркөмү,
Төрөлгөн акын Сооронбай.
Сөз гүлүн арнап тоолорго,
Буйгадан чыккан Тургунбай.

***Кайырма:***
Кара-Кулжа, Кара-Кулжа,
Жашайсың дайым оюмда.
Кара-Кулжа, Кара- Кулжа,
Милдетиң алам мойнума.
Сагынчым жашайт койнумда.

Кыяктын күүсүн чалса жай,
Ыргалат арча ырдап жай.
Жашыл төр кошсо кайрыгын,
Нуруна бөлөйт көктө ай.
Капчыгай ичи жаңырат,
Келгендей ырдап Рыспай.

***Кайырма:***
Кара-Кулжа, Кара-Кулжа,
Жашайсың дайым оюмда.
Кара-Кулжа, Кара-Кулжа,
Милдетиң алам мойнума.
Сагынчым жашайт койнумда.
Төшөйүн боорум бооруңа.





## ТООЛОР МЕНИ, МЕН ТООЛОРДУ САГЫНГАМ

Тоолук кызмын ат жалында ойногон,
Тоо-ташына кумарланып тойбогон.
Чакан-Таштын бийигине суктанып,
Кыял менен ой-чуңкурун жойлогон.
Арпа-Тектир, Алмалууну аралап,
Карагатын, бүлдүркөн жеп тойлогон.

Тоо кызымын тоодон алгам кубатты,
Ничке-Суудан издеп далай булакты.
Жорго минип, кулун байлап, бээ сааган,
Сагынамын бала кезде убакты.
Айлуу түндө сүтак үнү алдейлеп,
Жаткан өңдүү, салуучумун кулакты.

Тоолук кызмын, ышкын терип чоңойгом,
Бостон-Булак суусун ичип торолгом.
Кучак жеткис бийигине сөз жеткис,
Жалгыз талда селкинчек тээп ойногом.
Ак-Чокудан күндүн нуру төгүлсө,
Ак боз үйдө таттуу уйкудан ойгонгом.

Жайлоо жашыл, ак боз үйдө от жагып,
Кымыз жутуп, керки менен ээрин чаап.
Атакем аай, жүгөн тигип, камчы өрүп,
Сулуулачуу жорголордун эбин таап.
А апакем сүтүн тартып, камкаймак,
Саамал берчү, таңда ысык нанын жаап.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487797

Кокту ичи козу-улакка чуру-чуу,
Шаңга толуп майрам болчу Ничке-Суу.
Журт которуп Бостон-Булак көчкөндө,
Жалгыз талда айлуу түндө ыр-күлкү,
Ал анткени кош селкинчек салынып,
Коюн союп, кымыз ичип, черткен күү.

Барам бир күн тоолоруma барамын,
Көрүп келем тоосун, ташын абалын.
Бостонбайдын булагынан суу ичип,
Ничке-Суунун көрүп өскөн чабагын.
Жазып келем шириндигин түгөнгүс,
Атакемдин алмасынын сабагын.

Төрт тарабы тоолор менен курчалган,
Айылыма кусаланып толгоном.
Чакан-Ташты, Ак-Чокуну, Чалманы,
Эстеп жатып түштө көрүп ойгоном.
Ой-Алманын, Ой-Алчанын мөмөсүн,
Таттуулугун эч бир жерден көрбөгөм.

Барам бир күн бүтпөй жатат камылгам,
Тоолор мени, мен тоолорду сагынгам.
Арчалары, акчечеги, бадамы,
Өстү бекен дагы, дагы жаңыдан.
Кайсыл жерде жүрсөм деле тоолорум,
Мен силерди сагынганым сагынган.





## ТООЛОР МЕНЕН СЫРДАШЫП

Таза абада булутту сүрүп барам.
Эпкининен күч алып күйүп, жанам,
Коштоп турса жаркыным колдон алып,
Көөдөн учуп көлкүлдөп сүйүп барам.

Аска-зоосу аркайып кучак ачып,
Аймаласа шамалы сүйүү чачып.
Тоо булагын тамшанып ичкен адам,
Бактылуудур көзүнөн нуру жанып.

Таазим кылып караймын, суктанамын,
Тоо кызымын тоолорго ыктаганмын.
Бала кезден чоноюп жылаңайлак,
Тоо жытына кумарланып чуркаганмын.

Келдим тоолор, сагынып бүгүн издеп,
Сагынчымды таркатууга оюм түздөп.
Эркелейин өзүңө тосуп алгын,
Толкунданып турамын көңүл гүлдөп

## БАЛАЛЫКТЫН АЙЛЫНА САЯКАТ

Баргым келип балалыктын айлына,
Жолго чыктым кем карчымды артына.
Колдо сүрөт, өткөн күндүн элеси,
Лента болуп көз алдыма тартыла.
Кубангандан далдактаймын, шашамын,
Туулган жерим жаралгансың бактыма.

Мен таянган бөксө тоолор жапжашыл,
Көйнөктөрүн алмаштырып кийгендир.
Чакан-Ташты чокусунан чыкчу күн,
Бүгүн деле дал ошондой тийгендир.
Топуракта калган изим суу чайып,
Таш төгүлүп, дареги жок калгандыр.

Куурагандыр алма, өрүк, жаңгагы,
Түйбөй дагы калса керек алмасы.
Кызым бир күн келип терип жесин деп,
Күтсө керек жашыл бактын канчасы?
Балалыктын айылына жеталбай,
Мендей болуп жүргөндүр ээ канчасы?

Баёо мүнөз бал татыган балалык,
Узап кетти алыс эми аралык.
Саякаттап эстегенде барамын,
Баягыдай кайра туулуп, жаралып.
Араласам балалыктын бакчасын,
Көңүл сергип, жүрөк калат тазарып.

Колдон алып, неберемди жетелеп,
Саат сайын барып келем айлыма.
Бал тилине тойбой угуп кубанам,
Кайыл болуп эмне десе баарына.
Балалыктын айылынын бак-нуру,
Балакайлар жан дүйнөгө падыша.

Бажырайган көзүңөрдөн кетейин,
Өпкө-боорум кагайынбы, кантейин?
Кыялыңдан, кылыгыңдан наристем,
Көөнүм тоюп, жыттап-жыттап алайын.





Бала бакыт, бала дөөлөт, ырысым,
Жытың искеп, балалыкка барайын.

Кыт-кыт күлкүң эске салат өткөндү,
Жашыл жайлоо, суу алуучу өстөндү.
Жылаңайлак тулаң чөптү тепселеп,
Көпөлөк кууп, гүлүн жыттап өпкөндү.
Бала менен жашоо жыргал, зор бакыт,
Бала менен дүйнө сулуу, көркөмдүү.

## АЙЫЛЫМА БАРАМЫН

Көргөнүмдө жашыл шибер көктөмдү,
Эске салам балалык кез, өткөндү.
Көкүлүмө гүл кыстарган асыл кез,
Мезгил менен неберeме өткөнбү?
Сагынамын, унуталбайм дагыле,
Балдай таттуу, күлкү чайган көздөрдү.

Кыял менен балалыктын айлына,
Кыя жолду кесип өтүп барайын.
Баягыдай жылаңайлак суу кечип,
Моокум кана бир каткырып алайын.
Бүлдүркөн жеп, колду боёп кызарта,
Тентектикти кыял менен салайын.

Анда укмуш сайрап турчу куштар да,
Сүтак тынбай обон созчу уктаарда.
Көпөлөктөр гүлдөн гүлдү тандашып,
Жеткирбестен учаар эле асманга.
Ак чөлмөктү чогуу ойноп курбулар,
Жүрөөр элек карабастан ак жаанга.

Ширин эле айылымдан алмасы,
Толо болчу кырман менен кампасы.
Эрте жазда алма гүлү төгүлсө,
Кооз көрүнчү колхозумдун бакчасы.
Жылаңайлак шибер чөбүн аралап,
Гүл жыттанчу балалыктын бакчасы.

Чымчыктарга уя жасап чогулуп,
Жүрчү элек талдан-талга кубалап.
Жерге түшкөн балапанды колго алып,
Уясына салсак жүрөк кубанат.
Бал аарынын үйүн бузсак чогулуп,
Ызылдатып баарыбызды кубалап.

Чаң-тополоң, баш аякка карабай,
Качаар элек, коргонууга жарабай.
Жини келип чагып кетсе томпойто,
Көз көрүнбөйт, баштар болсо чарадай.
Кагылайын мынча ширин бал курак,
Бал аарыдай балың татып турам ай.

Кумурсканын ийинине суу куюп,
Маашырлана күлө колду чапкылап.
Баёолук ай таза, тунук булактай,
Суутаттырып турат таңдай катырып.
Колдон келсе бар-жогума карабай,
Барат элем балалыкка бастырып.

Кыш чилдеде тепкенибиз жылгаяк,
Аяз дагы коштоп бизди жылмаят.
Кыялкечтин жомогундай гүл курак,
Эске түшсө кандай адам улгаят.





Мезгил менен кеткен экен кайрылбай,
Жашыл көктөм, ак жаан арты бурганак.

Барып келдим балалыктын айлына,
Көзүм салып аярлаймын айбыга.
Таттуу курак, баёо мүнөз, аруу дил,
Ооп турат небереме, балама.
Окшоштурам неберемди өзүмө,
Эркелөөдөн бултуң этсе таарына.

Бал шириним, бактым, күнүм жарыгым,
Бүгүн, эртең, өткөн күнүм тарыхым.
Неберемдин кыялына катылган,
Көрүп турам бактылуулук асылын.
Балам менен балалыктын айлынан,
Жазып келдим, жаза берем жакшы ырым.

## АРМАНЫ ДАСТАН БОЛУП ЫРДАЛАТ ЭЭ

Чалманын жыпар жыттуу алма гүлүн,
Мен үчүн моокум гана искегиле.
Алмасы ширин эле, кызыл эле,
Гүлүнүн шагын ийип үзбөгүлө.
Сагындым, бирок аттиң баралбаймын,
Себебин сурап мени издегиле.

Көк шибер көктү кечип, өрүк терип,
Бал, ширин балалыктын кечи эле.
Апакем данек тизип мончок кылып,
Кубанып моюнума такчу эле.
Каткырып, тегеретип боорго кысып,
Атакем тажабастан ойнотчуле.

Эски там жепирейип жол боюнда,
Ээниреп ээсин жоктоп муңканат ээ.
Арыгы тазаланбай, бак буталбай,
Тереги арман менен ыргалат ээ.
Алма, өрүк баягыдай мөмө бербей,
Арманы дастан болуп ырдалат ээ.

## АЛМАСЫН БИР ЖЫТТАСАМ БОЛООР ДАРЫ

Атамдын алмалары бышты бекен?
Шак ийип, жер жайнатып түштү бекен?
Ээн үйдө терип алган жан адам жок,
Алмасы ээсин жоктоп күттү бекен?
Көз салып байкап калган кошуналар,
Жаш чайып, башын чайкап турду бекен?

Апамдын гүл бакчасы сууга жетпей,
Саргайып жалбырагы түштү бекен?
Сагынып суу жетелеп, кетмен чапкан,
Багбанын жоктоп ыйлап күйдү бекен?
Баланын үнү менен базар болгон,
Короосу топ баланы күттү бекен?

Ээн турат акталбаган бир эски там,
Үч көздүү терезеси сынып улам.
Тереги шамал менен обон созуп,
Түтөтүп каңырыкты боздоп турган.
Суу жетпей бакча, алма, өрүгүнө,
Бар бекен багбан болуп карап турган?





Бедесин тебелетпей жыйды бекен?
Чоочун кол же терегин кыйды бекен?
Ак таңда сайрап келген булбул, куштар
Уясын таппай издеп жүрдү бекен?
Үмүтүн үзө албай үшкүрүнүп,
Эзилип дубалдары түштү бекен?

Сагындым алма, өрүгүн самап турам,
Эстесем жашым агат улам-улам.
Ооз тий деп беш алтыны ушул жылы,
Бар бекен ала келчү ага-тууган?
Жебестен жыттап-жыттап алар элем,
Кусалык тамагымды небак бууган.

Атамдын колу тийген алмалары,
Апамдын гүл бакчасы дагы, дагы.
Мен үчүн ыйык, асыл кең бейиштир,
Ата-энем адамзаттын асылдары.
Таркасын сагынычым ушу жылы,
Алмасын бир жыттасам болоор дары.

## МЕН ӨСКӨН ҮЙ

Терезе сынып, быркырап,
Сыйрылып түшүп дубалы.
Короого кирген киши жок,
Короонун кетип ыраңы.
Дүңкүйгөн багы гүлдөбөй,
Сумсайып турат турагы.
Атамдын үйү катыгүн,
Атамды жоктоп турабы?

Үзүлүп каттоо, алака,
Дубалдан кетип жарака.
Отоо чөп басып коргонду,
Кеткенби дөөлөт-береке?
От жаккан киши көрүнбөйт,
Атамдын уя, турагы,
Куну учуп аттиң турабы?
Чуру-чуу түшүп ойногон,
Балдарын жоктоп турабы?

Морудан чыккан түтүн жок,
Короодо буюм бүтүн жок.
Короосу толгон мал эле,
Арман ай, үрүп чыгаар ити жок.
Мустайган дубал сыйрылып,
Күңгүрөнүп ый кылып.
Көчөнү карап күткөндүр?
Кусасын катып сыр кылып.

Чөп баскан ушул короодо,
Кытылдап күлкүм калды эле.
Оюнга тойбой эркелеп,
Мookумум абдан канды эле.
Бактылуу атып ар бир таң,
Балалык нурум жанды эле.
Арманын айтып ээнсиреп,
От басып жатат там деле.

Апамдын эккен бак-шагы,
Мөмө да албай карыптыр,
Каралбай калса бак деле,
Адамга окшош карыптыр.





Атамдын тиккен тереги,
Тийгендир көпкө кереги.
Шуудурап ыйлап тургандыр,
Бошотуп муун-жүүн, денени.

Короосу ачык жабылбай,
Отоо чөп өсүп, чабылбай.
Калганбы деймин эрте, кеч,
Көз салчу киши табылбай?
Бак-шагы турат буталбай,
Мал кирип буту тушалбай.
Короонун көрүп алыстан,
Тамакты бууган жашымды,
Турамын азыр жуталбай.

Небере барбы? Кыз барбы?
Олутун басаар из барбы?
Атакемдин урпагы,
Ээлеп калчу уул барбы?
Атакемдин короосун,
Кор кылбай таза күтөөргө,
Берекесин качырбай,
Мен дечүдө күч барбы?

Кут-береке качырбай,
Кош колдоп кармап калгыла.
Короонун кунун учурбай,
Көбөйүп бакыт тапкыла.
Куран окуп атама,
Ээн койбой ээлеп ак тамын,
Улуулап отун жаккыла.
Кирген да чыккан алкасын,
Короосун кенен ачкыла.

Күлкүгө толгон бул короо,
Жымжырттык менен тунжурайт.
Биз менен кеткен күлкүнү,
Айткыла эми ким улайт?
Каткырык толгон бул короо,
Кабагын түйүп тунжурайт.
Үзүлүп калган үмүтүн,
Билегин түрө ким улайт?

Ачылсын ата эшиги,
Төгүлбөй турсун кешиги,
Күн-түнү тынбай термелип,
Калбасын куру бешиги.
Короонун ичи гүлдөсүн,
Мөмөлөп багы бүрдөсүн.
Атага куран окулуп,
Шаңданып эски ак тамы,
Баякыл кездей гүлдөсүн.

## АЙЫЛЫМ

Алыстап кетсем өзүңдөн,
Аркайган тоону сагынам.
Абаңа жетпей алсырап,
Айылым сага багынам.

Көркөмү сулуу тоолорун,
Көркөмү менен сагынтат.
Көктөмү шибер мөл булак
Шыбырап аста чакырат.





Жыпар чыт чачып күн-түнү,
Сүйкүмдүү тоолуу адырың,
Алыстап кетип кантейин,
Барктабай жүрөм кадырың.

Туулган жер ыйык мекеним,
Туурума барсам дегенмин.
Торгойдой ырдап ыр арнап,
Толукшуп толкур бекенмин.

Кыр-кырда ойноп уларың,
Коодондо ашат кумарым,
Кусадар болуп сагынып
Өзүңдү эстеп турамын.

## КАСИЕТТҮҮ КАРА-КУЛЖАМ

Тоолорун көзгө сүйкүм Кара - Кулжам,
Койнуңда ойноп өстү аркар, кулжаң.
Тоосуна арчалары төп келишип,
Кооз экен, сулуу экен карап турсам.

Дайрасы эң бир сулуу күр-шар аккан,
Эли журтун зарыктырбай тегиз баккан.
Булагың тоо боорунан жылжып түшүп,
Дарылык касиети элге жаккан.

Абасы дайым таза, элин шайыр,
Рысбайың тоолорум деп ырдап турган.
Комузда кол ойнотуп Женишбегиң,
Койнуңдан Сооронбайдай акын чыккан.

Дайрасы жай айында көлкүп аккан,
Ичкенге не керемет нурун чачкан.
Суусунда ыр угуту барбы деймп?
Ичкендин жүрөгүнөн ырлар учкан.

## САГЫНЫП ЖҮРӨМ

Сагынып жүрөм атакем жүргөн айылды,
Алма, өрүк, алча, арчасын, аппак кайыңды,
Атамды эстеп, караанын издеп көз албай,
Карагым келди калдайган бактуу айылды.

Сагынып жүрөм атакем жүргөн жерлерди,
Буулугуп турган кусалык ичтен термелди.
Айылдын чаңы эсиме салып атамдын,
Жармасын жутуп чөп чапкан сонун кездерин.

Сагынып жүрөм кетменин чапкан атамды,
Жылмая күлүп ак нанын жапкан апамды.
Бир белги издейм баякы биздин көчөдөн,
А балким сезди жүрөктү эзген капамды.

Боз адыр гүлү гүлдөптүр атам барындай,
Тулаң чөп шибер чалгыда учат шартылдай.
Секелек кезде атамды ээрчип үн салып,
Ырдачу элем кыдырып тоону жаркылдай.

Сагынып жүрөм арман ай ошол кезимди,
Кусалык деген куйкалап өттү сезимди.
Атакем менен айылым көрктүү көрүнүп,
Таба албай турам атакем сенин изиңди.





## КУСАЛЫК

Бошобой кол байлаган тиргиликтен,
Айлымдын топурагын кечелекмин.
Айылдаш, курбу- курдаш, тууган менен,
Чогулуп бар сырымды чечелекмин.
Жайкалган ак сакалдуу абалардын,
Колунан таазим кылып өбөлекмин.

Боз адыр гүлүн терип бойду керип,
Атамдын мүрзөсүнө коёлекмин.
Апамдын топурагын аста сылап,
Тазалап куран окуп өтөлекмин.
Каткырып көңүл толкуп жүргөн менен,
Аттиңай, карызымды жоёлекмин.

Айылым, жакшыларым айкөл кенен,
Эңсеймин, сагынамын жетпей келем.
Аралык алыстатып арабызды,
Билинбей өзүңөрдөн четтей берем.
Унутуп калбагыла кызыңарды,
Чыгынып өзүңөргө бир күн келем.

Алаксып көр оокатка чыгынбадым,
Сагындым айылымдын чурулдагын.
Козу-улак тосуп жүргөн чыт курсактын,
Тентегин, кежир, эрке кыз-уланын.
Айлыма карызым көп куса деген,
Жай келсе барамын деп мен турамын.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Ак жамгыр аралашкан боз топурак,
Керемет чаңдуу жытың бетке урат.
Оолактап очор-бачар кетсем дагы,
Канымдын бир тамчысы тартып турат.
Туулган жер турпагыңдан айланайын,
Сагынып көңүл бүгүн жибип турат.

Жылгаңдын ак чечеги, ак кайыңы,
Бактылуу балалыктын ал айылы.
Тоо-ташың толуктаса кетиктерим,
Көрсөм дейм суу алуучу чоң сайыңды.
Сайраган тоо чымчыгы, ачкан гүлү,
Жыргатат барсам эле эх жанымды.

Айылымдын чыккан күнү жарык эле,
Булуту аппак пахта, мамык эле.
Таң эртең нандын, сүттүн жыты уруп,
Кадырман карыларым камбыл эле.
Чурулдап чыт курсактын, козу-улактын,
Үндөрү кайталангыс бакыт эле.

Сагындым ошондогу ызы-чууну,
Казанда кайнап турган аппак бууну.
Сапырып апакелер сүт бышырып,
Жармасын куяр эле ар бир күнү.
Көзүмө тартып өтөм бир ирмемди,
Угулуп айылымдын шаңдуу үнү.





## БИЙМЫРЗА МЕНИН АЙЫЛЫМ

Биймырза! Айлым сага суктанамын,
Өзүңдөн эч бир алыс чыкпаганмын.
Тамчылап киндик каным төрөлгөндө,
Эркелеп коюнуңа ыктаганмын.
Топурагың кечип күндө тажабастан,
Абаңдан кере жутуп уктаганмын.

Кусамды кантип, качан толтурамын?
Барактап өткөн күндү олтурамын.
Бак-шактуу көчөң жылуу, багың сулуу,
Эңсетет опурулган топурагың.
Эстеймин уюн саап, сүтүн тартып,
Апамдын камыр жууруп олтурганын.

Керемет түстү берчү жазы-күзү,
Көчөңдө калды бекен атам изи?
Көзүмө баары сулуу көрүнүшөт,
Кол берип учурашса жолдон киши.
Биймырза, касиеттүү айлым менин
Дем берет туулган жердин мээрим, күчү.

Сагынам ар бир ташың, бак-шагыңды,
Сагынам бакыт толгон ак таңыңды.
Каймака талкан көөлөп апам берчү,
Сагынам ысык бышкан ак наныңды.
Биймырза айлым менин өркүндөй бер,
Аянбайм сага десе бир жанымды.

## ЕКАТЕРИНБУРГГА КАРАЙ САПАР

Кетсем да алыс өзүңдөн,
Көңүлүм сенде Мекеним.
Кайрылып кайра келгиче,
Тилеймин күндө эсениң.

Күнчүлүк жолго кетсем да,
Кыйыла берем сагынып.
Тоолоруң тартып өзүнө,
Муздарың көзгө тартылып.

Айчылык сапар тартсам да,
Айылда калат эс-дартым.
Көңүлүм тынбай барынан,
Алдастай берчү адатым.

Кош дебейм Мекен коштошпойм,
Жер көрүп эле бат келем.
Көрөңгө издеп баратам,
Чогултуп эргүү апкелем.

Кайрылып сага келгиче,
Мекеним аман-эсен тур.
Койнуңда турган элимди,
Аманат сага, сактап жүр.





## АЙЫЛДАШТАН МЕН САДАГА КЕТЕЙИН

Камыр жууруп, сүт бышырып, от жагып,
Дасмал салып, бар оокатын жайнатып.
Буудай ыраң, ак маралдай созулуп,
Ак жоолугун кыйгач гана байлашып.
Бала өстүргөн айылдыктан айланам,
«Келиңиз дейт» ысык чайын кайнатып.

Кол туурулуп, жерди багып чарчабай,
«Кош-кош» айтып коюн айдап Койчубай.
Мал киндиктүү кыргыз жерин жердеген,
Кандашымды кантип турам мактабай.
Айылдыктан мен кагылып кетейин,
Айкөлдүгү турса мээрим чачып ай.

Чоң атаны тегеректеп небере,
Жарык чачат оту улуу кемеге.
Үрп-адаттын аруулугун, тунугун,
Эске салат кыргыз көчү, кереге.
Түтүн булап, аппак үйдөн нур чыгат,
Айлананын көркүн ачып дегиле.

Айылдаштан өсүп нечен акылман,
Ата-энеден алган билим, акылдан.
Салт-каадасын жоготпостон карманат,
Кайда жүрбө же алыста, жакындан.
Айыл сактайт улуулугун улуттун,
Бийиктиги бийик, таза асыл жан.

Бир түндүктүн түбүн түптөп биригип,
«Күч бирдиктей бир муштумга түйүлүп».
Касиетин жоготпостон кыргыздын,
Өтүп жатат айылдарда тиргилик.
Айылдаштан мен садага кетейин,
Көрсөм жолдон салам берем ийилип.

## БАРАЛБАЙ ЖҮРӨМ ТООЛОРГО

Тоолорум кечир, баралбай жүрөм өзүңө,
Тартып да турат капчыгай, аскаң өзүнө.
Сур булут чалган чокулар учуп көзүмдөн,
Жалкоо жан болдум туралбай айткан сөзүмө.

Убакыт, саатым ченелип такыр ашпадым,
Жапжашыл майса жайлооңду жыттап жатпадым.
Топурак иси баякыл эле бойдондур,
Кийик от жытың сезгеним үчүн мактадым.

Үстүндө аска, түбүндө дайраң буралат,
Жар боорун бирөө чийгендей жолдор суналат.
Арчалуу токой, тоо суусу, мөлтүр шуудүрүм,
Эсиме түшсө сагынган жүрөк кубанат.

Чаң каптап жолуң турса да сулуу көрүнөт,
Тумандар тарап аралап кокту бөлүнөт.
Коёнуң ойноп, кекилик сайрап таң эртең,
Тирүүлүк менен жашоонун шаңы төгүлөт.

Сагынып жүрөм, эңсеп да жүрөм жеталбай,
Кыялап кыял өзүңдөн алыс кеталбай.





Баякыл кызыл турпагың чаңы асманга,
жайылып чыкса, жүрөмүн барып кечалбай.

Сууларың толкуп күргүштөп кирген убак ээ,
Жанчылып түшүп тоо-ташка тийип турат ээ.
Туптунук булак мөлтүрүн кошуп дайрага,
Тоолорго дале мүрөктөй өмүр сунат ээ.

Барамын деймин, убакыт таппай турамын,
Сагынып жүрөм жыпжылуу алтын турагым.
Уксам да деймин жапжашыл сулуу тоолордун,
Шыбырап аста сүйлөшүп турган убагын.

Тоолор да сүйлөйт сүйлөшө билсе ар адам,
Тоолор да ырдайт коштосо арча, топ бадам.
Ыргалтса шамал ыргайы ыргак жаратат,
Жаңырат добуш аскадан чыгып ар качан.

Томуктай таштын сырлары жатат түбүндө,
Тоо сырын айтат төрт мезгил айтып түнүндө.
Тоо гана сактайт айттырбай келген кырсыктан,
Тоо сырын билсең тоо тили тоонун дилинде!

Арнагым келет уютуп сөздү дилиме,
Унуткан жокмун ирмемин ооба күнүгө.
Тиргилик деген азгырык тура ушундай,
Баралбай жүрөм атамдын эски үйүнө.

Тиргилик деген түйшүк да экен түгөнгүс,
Баралбай жүрөм атамдын дагы үйүнө.

## АЙЫЛДАГЫ КӨЗ ИРМЕМ

Баратса эми гана таң сүрүлүп,
Кыйкырат таттуу уйкуну бузуп короз,
Башталат кыштагымда көр-тиргилик.
Чакага саалган сүттөн чыгып обоз.

Чой-чойлоп кой айдаган кошуналар,
Кезүүгө алып чыкчу күндө адат.
Бах чиркин, түтүн менен сүттүн жыты,
Азгырып ичегимди курулдатат.

Күн нуру эми гана кылайганда,
Апамдын машинеси ырдап кирет.
Колуна токоч кармап бөбөктайым,
Каймакты карап улам, мага күлөт.

Камкаймак тып-тып тамат ак чыныга,
Үстүндө аппак булоо жыты аңкып.
Апакем сөөмөй менен ооз тийгизип,
Кубана тиктеп калчу бою балкып.

Жеңекем тоголоктоп куруттарын,
Жайганда камыш сере абдан толгон.
Тентектик ашынганда чекесинен,
Уурдадык курутунан жайып койгон.

Таттуусу таңдайымда турат дале,
Ошондой курутту жеп көрөлекмин.
Камкаймак нечен ирет татсам дагы,
Апамдын каймагындай табелекмин.





Сүт чайы шекер эле, сыйкыр эле,
Өзгөчө жыты аңкып тээ алыстан.
Дагыле эңсеп жүрөм ошол күндү,
Сагынып, көңүлүмө болгондо шаң.

* * *

Тоскоолдукту, азаптарды кенебей,
Тоолук кыздын бой-келбети кенедей.
Көңүлдө жаз, а жүрөктө арзуу мол,
Тоолоруна сүйүүсү чачат ченебей.

Булак суусун кан ордуна куйганбы?
Тулку боюн топурактан жууганбы?
Тоо гүлүнөн саамайына тагышып,
Жүрөгүнө чексиз сүйүү сунганбы?

Таштан-ташка миз кайраган дайрада,
Ак чабактай эркин ойноп чөмүлүп.
Ала-Тоосун сагынганда булуттан,
Кучак жаят жамгыр болуп төгүлүп.

Тиш какшаткан булак суусун шимирип,
Шилби, кайың, арчасына тигилип.
Тээ алыста жүрсө дагы мекенден,
Турпагына жүрөт күндө сыйынып.

## СӨЗҮБҮЗ ЭЧ БҮТПӨДҮ

Күн күркүрөп, төгүп-төгүп басылды,
Билген сыңар көкүрөктө басымды.
Чачтар кеткен, албуут шамал учурса,
Ойлор дагы ошол замат учкандай,
Жарым саатка жеңилдеттим башымды.

Бугу барбы бул жамгырдын капырай?
Булут сүрүп кирип келди патырай.
Капилеттен колго илешпей ойт берип,
Мээмде турган ойлор кетти чачырай.
Өткүн өттү, жердин баары суу болуп,
Ылайланды, чуңкурларга суу толуп.

А мендеги толгонуулар толготуп,
Тынчтык издейт... көздөр улам токтолуп.
Сырт караңгы ай бекинген булутка,
А болбосо, айдын бети тунук да.
Чагылышмак чачыраган ойлорум,
Жарык берсе жылдыз көктө туруп да.

Мен асманды, асман мени тиктеди,
«Дагы сенби, тажаттың го, уф»- деди.
Көк түтүнү каптап турган жеримди,
Экөөбүздүн сөзүбүз эч бүтпөдү.





* * *

Тоо тирелет бийикте, тоо тирелет,
Кучагына шумкар-кушун ийиктирип.
Жер эненин киндигине тиркелгендей,
Асман-жерди бир-бирине бириктиктип.

Кар жамынган коктуда жашыл арча,
Алай-дүлөй бороонго сестенишет.
Тамырларын жайылтып көбөйүшүп,
Көктү карап кылымдарды эскеришет.

Алмаз таштай чагылган тоңгон мөңгү,
Күн нуруна көз кысып солк да этпейт.
А булагы жер түбүн тешип чыкса,
Майда чыбыт, көк чөптөр өсүп көктөйт.

Жаз да келди карачы, күн ачылып,
Кыш узады буулуга ашып кырды.
Көз жаздымда калтырбай кереметти,
Оо, акындар жазгыла сонун ырды.

## ҮЧ КЫЛ КОМУЗ

*(Комуз күнүнө карата)*

Үч кыл комуз кыял күүсүн бийлеген,
Мукам добуш алга карай үндөгөн.
Кайрыгында бир солк этип Ала-Тоо,
Коңур добуш созот кыргыз эл менен.

Символусуң кыргызымдын түбөлүк,
«Маш ботойду» талапкерлер үйрөнүп.
Тоо жаңыртып тушоо кесип шаң кылса,
Урпактарга ошол тунук күбөлүк.

Ата-бабам кол ойнотуп черткен күү,
Тарых сырын кайрыгында чечкен күү.
«Так текеде», «Кыргыз көчүн», «Күү сырын»,
Кылымдарга сактап белек берген күү.

Сайра комуз уккан жандар ырдасын,
Бүткүл аалам суктанышсын, тыңдашсын.
«Камбарканы» чертилгенде эрте-кеч,
Үч кыл туйлап, комуз сергип жыргасын.



# КУПЛЕТТЕР

## ОЙЛОР

Күн көрүнбөйт көз жазгантып уялтчу,
Булут жылат сапар улап тынымсыз.
Мага жашоо токтоп калган сыяктуу,
Ак баракка төгүп жазчу ырымсыз.

Узун сапар жол түгөнө көрбөгүн,
Мен жолоочу терип келем ырыскы.
Сапарлаштан адаштырып бөлбөгүн,
Бапестейин кудай берген ырысты.

Түрдүү түмөн адамдарга жанашып
Автобуста ойго батып баратам,
Айрымдары көзүн салса карашып,
Аяр болуп аяр ырды жаратам.

Аялдама, чыгат-түшөт сапарлаш,
Жол сапары өмүр сапар билгенге.
Өмүр, өлүм үзөңгүлөш, катарлаш,
Аялдама алыс өмүр сүргөнгө.

Күн көрүнбөйт көз жазгантып уялтчу,
Булут жылат сапар улап тынымсыз.
Мага жашоо токтоп калган сыяктуу.
Ак баракка төгүп жазчу ырымсыз.

## ЖЕТЕМ БИР КҮН

Ыр жазбай жүрөм чыны көптөн бери,
Көңүлгө толо турган ыргак менен.
Көр оокат алаксытты тартып бери,
А балким, ушул шылтоо койду ченем.

Күн менен тең ойгончу эргүүлөрдүн,
Ыргагы дале уктап жатат окшойт.
Сыноонун тайыз, терең кечүүсүндө,
Тартылып мизи кайтып калган окшойт.

Кучактап албууттанган толкундарды
Толкундап түрмөгүндө түрүлөмүн.
Деңиздин үстү тынч да асты катуу,
аккандай деңиз ичи жүгүрөмүн.

Миң сан ой жашап көңүл, жүрөгүмдө,
Жылмайсам жарашат да гүл өңүмө.
От, сууну кечсем дагы жетем бир күн,
Алдыга койгон максат-тилегиме.

* * *

Алып учкан жүрөгүм дүк-дүк согуп,
Көз карыгып жол карайт бугум толуп.
Көңүлүмдүн талаасы миң бөлүнүп,
Алапайын табалбай турат ооруп.

Эбелектей акыл, эс чачылууда,
Түйшүгү күч кусалык сапырууда.





Кандай болот эртең деп түн күзөткөн,
Саман санаа жөн койбой ашыгууда.

Мандайыма сыноолор жазылууда,
Кеп-сөзүмдүн маңызы казылууда.
Алаксысам дегеле моюн бербей,
Бардык оюм уулума шашылууда.

Кыял күлүк, ой күлүк жеткирбеди,
Саат жылат, бирок бүгүн кеч кирбеди.
Ак жолунан тосоюн оо жараткан,
Таң эртеңден уулума жеткир мени.

Ак жүзүнөн өбөйүн бек кучактап,
Оо жараткан, уулума жеткир мени.

## МЕЗГИЛ КҮЛҮК

Барам жолдо көп адамдар каттаган,
Аягы жок ойлор келет батпаган.
Канча жандын изи калды болду экен?
Үстүн шагыл, анан асфальт таптаган.

Бир кембагал, же бир гений өткөндүр,
Бүгүнкүдөй өткүн дагы төккөндүр.
Чым аралаш чыйыр жолдо кезиксе,
Ак саамайын шаардын жели өпкөндүр.

Ошол чыйыр түгөнбөгөн узун жол,
Баш-аягы көрүнбөйт да билинбейт.
Кай тарапты карабайын баякы,
Үмүт оту өчпөй араң үлүңдөйт.

Мезгил күлүк, алып учат алдыга,
Салып турат бакытка да, кайгыга.
Отко кирип күлгө айланып чыгабыз,
Сыноо деген тагдыр курган тандырда.

Мезгил менен биздин из да тапталат,
Оош-кыйыштуу оомат келсе такталат.
Чоң марада күлүктөрдүн күлүгү,
Таштак жолдо ташыркабай такшалат.

* * *

Чачымдын өрүмдөрү баягыдай,
Бакчага жыты аңкып тарагыдай.
Кош жанар кайнап барат алоолонуп,
Өрт ырдын жалын чачкан барагындай.

Салмагым көпөлөктөй учуп турат,
Ойлорум имерилбей чөгүп, тунат
А бирок жүрөк булкуп соккон кезде,
Бүтпөгөн дастан менен боюн урат.

Байкалбай кылыктуу кез бизден өтөт,
Кыр ашып көчтү ээрчип жыла көчөт.
Кыягын кыңылдаткан эргүүм гана,
Сезимди кытыгылап аста өсөт.

Жаман да жакшы күндөр кетсин мейли,
Чачылсын түйшүк салган ойлор дейди.
Аргымак ат казыгын айлангандай,
Өмүрдүн азайбасын жаштык чени.





* * *

Кечир мени касиеттүү ыр дүйнө,
Табалбасам көркөмдүктү, сырларды.
Көпчүлүктөн калбай мен да жарышып,
Таш үстүнө таш койгондой кыналтып,
Катуу бассаң кулачудай солкулдап,
Жараттымбы алты айлык ырларды?

Бара жатып жиреп майда кумдарды,
Ташыркоодон таманымдан кан чыгып,
табамын деп жан эргиткен жыргалды.
Табылгынын түйүнүндөй түйүлгөн,
Чечемин деп түйүнчөктөй сырларды.
Кор кылдымбы ак баракты, каламды,
Шашкалактап алчы таштап кадамды.

Сөз түркүмүн издеп далай түйшөлүп,
Нечен жолу сыйрыдымбы жарамды,
Айткылачы, жашырбагын чындыкты,
Ушул сапар өз жолумду табамбы?

* * *

Толкуп жаным санаалардан, ойлордон,
Толгонуулар такыр жанды койбогон.
Тоо аралап, көлдө сүзүп чабактай,
Кыялдардын учагында ойгоном.

Арзуу, сүйүү түрмөгүнө оролом,
Арасында бир бар болом, жок болом.

Ак аргымак минип булут аралап,
бара жатам, деги качан токтолом.

Сезим менен сергектикте аткан таң,
Салатанаты махабатка арнап шаң.
Сүйгөн гана жүрөк сүйүп кубанат,
Чын дилинен жакшы сөзүн, арнап жан.

Эх махабат, кыял менен учасың,
Сезсең эмне ар бир жандын кусасын.
Уйкум качып мен да күтүп жүрөмүн,
Артып алып күтүүлөрдүн ызасын.

Сүйүү жашайт аруу тунук тилекте,
Түнөк тапса арзып сүйгөн жүрөктө.
Сыйкырына арбаласың «сүйөм деп»,
Айтылганда сулуу кызыл илепте!

Ак кар музда алоолоном от болом,
Чок жуткандай кызыл жалын чок болом.
Капастагы кыраан куштай күүлөнүп,
Улам алга талпынамын, октолом.

Кырлар, зоолор эпкинине жүз тосуп,
Арча-кайың жыттарынан күч толуп.
Тобурчактай куласам да тик ылдый,
Тоо жаңырат калган өңдүү бук болуп.

Тоо ичинен кубат алган бир кызмын,
Толкуп турам, деги качан токтолом?





## ИЗДЕГИЛЕ

Апамдын колундагы оймогумун.
Топчусу элем кызыл көйнөгөнүн.
Чачына байлап алган күмүш көздүү,
Көөнөрбөс чачпагымын, мончогумун.

«Чыккан кыз чийден эми тышкары»- деп,
Тууганым, мени унутуп койбогунуң.
Атамдын калпагынын кыюусумун,
Саймасы, оймосумун, учугумун.

Томсоруп турам бүгүн үшкүрүнүп,
Эстесем жайнап күлгөн көп учурун.
Чачылтпай жыйнап алгын оо, тууганым,
Атаңдын саймасынын бир учугун.

Кол шилтеп жүрөгүмдү тилбегиле,
Тамаша, таттуу сөздү сүйлөгүлө.
Шылтоолоп бөлөк өсүп калганымды,
Той-ашта катарыңдан чийбегиле.
Көрүнбөй калсам эгер көпчүлүктөн,
Көмүскө көз кыр салып издегиле.

Томсоруп келип калсам улагаңа,
Жадырап корооңорго «кир» дегиле.

## ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилим улутумдун күзгүсү,
Көркөмдүгү нарктуулуктун үлгүсү.
Төрөлгөндө ууз сүт менен оозанткан,
Өмүрүмдүн өзөгү да уңгусу.

Намыс, ардын бийиктигин айткан тил,
Махабаттын таттуулугун таткан тил.
Капилеттен кара булут каптаса,
Миз кайтарып душман жолун тапкан тил.

Эне тилим менин өздүк дарегим,
Бүт дүйнөнү таанытуучу карегим.
Өстүрөмүн көкүрөккө бапестеп,
Бабалардын берген өзөк белегин.

Тумарымдай кан жаныма сактадым,
Жүрөгүмө улут мөөрүн басканмын.
Эстеп дайым баба каны төгүлүп,
Түйшүк менен кылым таңы атканын.

Тилим барда эркин сүйлөйм кыргызча,
Мурас айтам ымыркайга, уул-кызга.
Бабалардын кан жанынан жаралган,
Тилден бөлөк эмне ыйык кыргызга?





## АПАКЕ, МЕНИ КЕЧИРГИН

Айтаар элең көп акылды, насаатты,
Таштагын деп жарабаган адатты.
Унуттумбу? Баякыдай элемин,
Эркеликтен тартып далай азапты.

Өзүң жазган мыйзамдарды аткарып,
Өзгөрүүгө күндө кылам далалат.
Жетпей турат курч карашың, өктөм үн,
Куса деген жүрөк ээзди жаралап.

Өйдө бастым, ылдый бастым жол издеп,
Оттон бүткөн чагылганды аралап.
Чагылгандын огу тешип денемди,
Бүт дүйнөмдү өртү чалды жаралап.

Токтолдум деймн, чоңойдум деймн өзүмө,
Чач агарып, бырыш түшсө көзүмө.
Паразатым жетпейт экен кээ ишке,
Чындыгында чоңойбопмун дагыле.

Мага азыр керек элең апаке,
Теше тиктеп тартып албай көзүңдү.
«Акыл топто, эсиңди жый эй кыз» - деп,
Баягыдай өктөм айтып сөзүңдү.

Керек элең адашканда жолумдан,
Оң жолума салып тартып колумдан.
Бир карашың жетет эле чынында,
Окумакмын ойлоруңду оюңдан.

Керек эле бырыш, жылуу колдоруң,
Жаагымдан сылап койсоң жетишмек.
Эреркөөдөн эсин жыйып эрке кыз,
Так секирип, жакшы жакка өзгөрмөк.

Керек эле буйрук берген өктөм үн,
Күнү-түнү ал абалым сураган.
Оо апаке, адам болбой калдымбы?
Бош кетирип, кайран сенин убараң!

Булундуруп салсам деле көп ишти,
Энесиң да, бердиң далай кечирим.
Жарым кылым жашасам да катыгүн,
Адам боло албай жүрөм кечиргин!

* * *

Алтыным, асыл апам, сен мага алтын казык.
Жытыңды эңсей берем калганда өңдөн азып.
Төрт мезгил жазым болдуң жүрөккө отуң жагып.
Сагынган жүзүм сүйдүң капамды замат жазып.

Алдастап турганымда турчу элең колуң сунуп,
Түйшүгүм кошо тарттың баш чайкап улутунуп.
Мезгилге каршы келдим ойлоруң бүлүндүрүп,
Эмгегиң билбедим ээ бат эле унутулуп?

Чагылган оту болдуң үмүттүн отун жагып,
Мүрөктүн суусу болдуң дүйнөмдө толкуп агып.
Өмүрүң тартуу кылдың каныңдан кашык алып,
Карегиң карыктырдың «бала»- деп алдан тайып.





Ызаңды көргөзбөдүң ичиңе жутуп, катып,
Супсулуу көздөрүңө түтөгөн муң да батып.
Барысын жашырчулең байкатпай гана жашып.
Түйшүк деп жүргөнүңдө өмүрдөн өттүң шашып.

Тоо элең солк этпеген кырсыктан сактап турган,
Бак болдуң көлөкөлөөр, мөмөсүн мактай турган.
Күн болдуң көктөн күндө жылуулук чачып турган.
Жаан болдуң төгүп өтүп аруулук арнап турган.

Мезгилдин ташын жонго көтөрдүң чейрек кылым,
Чечалбай кеттиң бекен тагдырдын сыйкыр сырын?
Бүркөбөй кабагыңды жашадың чечпей бүчүң,
Бакчанын баригиндей күбүлдү калбай күчүң.

Салынган ак жоолугуң өзгөчө жарашчуле,
Теңтушуң, айыл-апа суктанып карашчуле.
Өмүрдү өргө тарткан үмүт, күч болуп сенде.
Айланаң небереге толгондо жарашчуле.

Карачы мезгил өттү баары бар, бир өзүң жок.
Айланам негедир суз көрүнөт кунары жок.
Бакыттын ачкычтарын бырышкан колго кармап,
Ак бата менен сунган апакем айлымда жок.

Гүл бакчаң баягыдай жапжашыл жаз келгенде.
Сагынат биз сыяктуу саргаят күз келгенде.
Кышында улутунуп энесин күткөн өңдүү,
Көңүлсүз ыйлап турат билинет сезгендерге.

Асманым баягыдай жамгырын төгүп турат,
Эрке жел таң эртеңден көңүлүн бөлүп турат.

Баары бар мурдагыдай бир гана өзүң жоксуң,
Сезип турам тээ көктө жүрөгүң ооруп турат.

Убакыт өтөт экен эстедим апа бүгүн,
Түйшөлүп түн кечирдим сагынып назик үнүң.

* * *

Кар жиреп атам жол салчу,
Аппак кар жааса тизеден.
Арышым жетпей арышка,
Жарышат элем из менен.

Атамдын изи балпайып,
Көлөмү менден чоң эле.
Тынчы жок эрке кызына,
Келечек, багыт жол эле.

Салмактуу, күчтүү колунда,
Зор бакыт жанып тургандай.
Көзүмө илбей эч нерсе,
чуркачу элем тызылдай.

Териден тиккен мээлейи,
Чыйбаркыт менен тышталган.
Эки кол салып бирөөнө,
Кучактап жатып уктагам.

Тери тон ичи жыпжылуу,
Атамдын жытын сиңирип.
бал уйку эсти оодарса,
Жытынан кайра тирилип.





Ошондой издин бири жок.
Карачы мезгил өткөнүн,
Байкабай жүрдүк көңүл ток,
Карылык көздү өпкөнүн.

Атамдай болуп ак таңда,
Кар жиреп жолго из салам.
Кытылдап күлүп артымда,
Келатат эрке уул-балам.

Чукулап чөнтөк караймын,
«Токтой тур сага не берем».
Көлөшүн кийип кар кечет,
Уйкудан турган неберем.

Артыңдан урпак уланып,
Мезгилдин тартып жебесин.
Өткөрөт тура адамзат,
Өмүрдүн минип кемесин.

Изиңди издеп басаарга,
Бар болсун таттуу уул-кызың.
Жараткан тартуу кылыптыр,
Бооруңдан үзүп бир үзүм.

## БИР ТУУГАНЫМ

Бир тууганым, жанга кубат медерим,
Ата-энемден калган ыйык белегим.
Караанынан миң айланып кетсем дейм,
Туу көтөрүп бир туугандык желегин.

Бир тууганым, кээде ыйлап таарынып,
Жүргөн менен жүрөк жүрөт сагынып.
Тоскоолдукка башын ийбей көңүлүм,
Энсеп издейт бир мээримге багынып.

Бир тууганым, жөлөп таяр, акылым,
Эркелетээр, нурун чачкан жаркыным.
Сени менен дүйнөм түгөл, жыпжылуу,
Сагынаарым, мээрим берген жакыным.

Бир көрөлү аппак таңдын атаарын,
Жолдо жүрсөң байсал болсун сапарың,
Бактылуулук нурун чачып үйүңө,
Ар жылына көбөйсө экен катарың.





## ШИЛТЕ КАЛЕМ

Шилте калем, чачпай асыл оюмду,
колдон алып көргөз басаар жолумду.
Чыйыр салсаң поэзия көлүнө,
токтоно албай урган турам боюмду.

Үшүсөм да тереңинен чыкпайын.
Тумчугайын, тамчы суусун ууртайын.
Боорум төшөп, мээримине оролуп,
боюм балкып мемирейин, уктайын.

Шилте калем, кайда менин багытым?
Топтой албай турам ойлор чабытын.
Чатыраштай чырмалышкан жолдордон,
керек эле өз жолумду табышым.

«Түгөндү»- деп, айта салып сыяңды,
сынай көрбө араң турган чыдамды.
«Чарт» жарылган турат азыр эргүүлөр,
бөлүшөйүн кубанчымды, ызамды.

Шилте калем, сына көрбө, чарчаба.
Жалгыз мени ара жолго таштаба.
Ар бир саптан табигаттын музасы,
жаңырсын да, бийиктесин асманга.

Арый көрбө, багытыңды бурбагын,
сени жандап мен да бекер турбайын.

Арыш керип бийиктикке жазайын,
адамдыктын, тазалыктын ураанын.

## ШИЛТЕ КАЛЕМ – 2

Шилте калем ритмдүү саптарды,
чиймелей бер унут калган каттарды.
Рифмалуу үндөштүктү жоготпой,
даңазала табышмактуу аттарды.

«Балладада» бийле учтуу калемим,
беш сап ырда «лимерикти» жаратып.
«Эссе» менен тарых казып изденсең,
төрт сап ырда «рубаини» таратып.

Лирикада «мадригалды» берели,
«Элегия» менен эстеп эченди.
Эки саптуу «Хайку» турса жер кезип,
«ода» жазып даңазалап Мекенди.

Поэманын тагдырын да ойлойлу,
диалогдо драманы коздойлу.
Кара сөздүн көркөмүнө сырт салып,
прозаны капа кылып койбойлу.

Шилтен калем тыным алып жатпайлы,
бар билгенди көкүрөккө катпайлы.
Сен ойлонуп мен жалкоолук кылганда,
учкан куштай мезгил өтүп жатпайбы.

Мекенибиз бийик болсун урагыс,
биргеликте Еверестке чыгабыз.





Андан ары сапар улап чарчабай,
Пегас менен саякатты улайбыз.

## ШИЛТЕ КАЛЕМ – 3

Шилте калем, уйкаштыкта адашпа,
орой салып ойдун эчен түркүмүн.
Издеп таппайм асыл кептин бүркүмүн,
кысталышта сөз табалбай адатта.

Астанама бакыт кушу конгонбу?
калемимден сөз бермети куюлуп.
Эргүү бүгүн көкүрөккө толгонбу,
аттамада ак жууратай куюлуп?

Жорголошуң шыдыр кетсин ылайым,
мага сени жолдош кылып Кудайым.
Миң сыноодо тартсам деле убайым,
өңдөн азбайт кызыл буудай ыраңым.

Табышмактын черттиргенде эшигин,
терметкендей асыл ойдун эшигин.
Аксак ойлор бир-бирине уланып,
чөйчөгүмө куйган ырдын кешигин.

Сыяң бүгүн солгун тартып турат суз,
баскан изиң ошол замат тоңуп муз.
Кыш чилдесин жазга айлантып ырлар жаз,
окугандын көңүлүнө толсун наз.

Шилтен калем, токтобостон шилтенгин,
сенде гана үмүт менен ишеним.

## ЗАЙЫРБЕКТИН «НӨЛДӨРҮ»

Түшкө кирип Зайырбектин «нөлдөрү»,
ойлоруна көздүн жашы көлдөдү.
Мен да бүгүн «нөлдү» тиктеп отурам,
а оюмда өткөндөрдү эскерүү.

Закем жазган жалаң «нөлдүн» ичинен,
чыга албай сызыламын ичимден.
Далай жолу «нөлдөн» баштап жолумду,
мендей жоктур бул «нөлдөрдү» түшүнгөн.

«Нөлдөр» менен багыт жолум куралган.
«Нөлдөр» менен үзүлгөнүм уланган.
«Нөл» ичинде ийгиликке жетишсем,
кээ бир күнү кызыл өңүм кубарган.

Тегеренип бул «нөлдөрдүн» ичинде,
тоскоолдук да, ийгилик да ишимде.
«Нөлдөр» мага кадам шилтеп үйрөтсө,
ийгиликтер күч кошушат күчүмө.

Бул жашоодо өкүнбөгөн жан барбы?
«Нөлдөр» жандап жакшыларым тандалды.
«Нөлдөр» менен канат керем бийикке,
кучак ачып, сүйө билип ар жанды.

«Нөл» дегенде коркпой калгам эми мен,
ал анткени «нөлдөр» өмүр баяным.
Ойго салган «нөлдөр» бүгүн болбосо,
кайдан жазмак элем «нөлдүн» баянын?





## ЧАҢ БАСКАН КИТЕП

Чаң баскан китеп, саргайган барак,
Жазылды балким миң түркүн санат.
Чабышкан кылыч учкуну менен,
Ичинде түтөп, ичинде жанат.

Кылымдар бою тарыхты сактап,
Кимиси кандай? Аныктап, тактап.
Жалгандар башын ийдирсе дагы,
Саргая жашайт чындыкты жактап.

Жукарып барат алсырап күндө,
Мезгилдер менен айланып күлгө.
Миң жылга чейин а балким жашайт,
Бакчада өскөн окшошуп гүлгө.

Чаң баскан китеп, жукарган барак,
Тизилип туруу кандай бир азап.
Окурман келип тапсакен сени,
Ошондо болот башыңа азат.

Чаң баскан китеп, саргайган барак,
Окулбай турса көйгөй да, азап.

## БИЗДИН САПАР - УЗАК САПАР

Жөжө ээрчиткен тооктой канат каккылап,
Арттагысын улам алга тарткылап.
Келатамын топ акындын алдында,
«Жол бул жакта, оо акындар»- кол булгап.

Жалкоолорун уйкусунан ойготуп,
Оорун калса өзүм кошо толготуп.
Эркелесе эркелетем жалына,
Кежирленсе, ыйлайм көзүм шорлотуп.

Тултуңдаса каш-кабагын караймын,
Жигин издеп бүлүк салган санаанын.
Кээ бирине жагып кетсем кубанып,
Кээ бирине жакпай тартам азабын.

Бир сөзүм оор, жарты сөзүм жагымдуу,
Арсар учур болуп турат бат-баттан.
Жакшы ырды жаратышса кубанып,
Кутулгансып калам ойдон-азаптан.

Туңгуюкта жолду жиреп баратам,
Аялдама барбы, жокпу? Билбеймин.
Жолоочудай кол көтөргөн сапарлаш,
Калбасын деп жол боюнан издеймин.

Айдаганым айнеги жок паравоз,
Күш-күш этет жутуп ичке түтүнүн.
Сапарлашым, калемдештер ичинде,
Чогултамын бактылуулук кукумун.

Жөжө ээрчиткен тооктой канат каккылап,
Арттагысын улам алга тарткылап.
Келатамын топ акындын алдында,
«Жол бул жакта, оо акындар»- кол булгап.





## БИР ИЛДЕТ

Мээ чымырап, баш айланат, кан басымым болуп миң,
«жүрөк» деген минутага алты миңге кагат тим.
Кан айлануу аккан суудай махабатка элжиреп,
тамырымда тегеренет тыным албай күнү-түн.

Жүрөк бүгүн бир башкача кубангандан кубанат,
үмүт, тилек, максат жанбай, саат сайын уланат.
«А эмнеге?» - деген суроо берип келсең эгерде,
сүйүү, сүйүү унуттурду, кайгы муңду кубалап.

Ооба, ооба! Сүйүү менен өлүп, кайра тирилдим.
Арча жыттуу, бала кыял бал сезимге илиндим.
Серпип таштап үстүмдөгү тонна жүктү кайрылбай,
аруулуктун мүрөгүнө чөмүлдүм да, кириндим.

Эх махабат, сени менен жүрөк согот болуп миң,
сүйүү келсе кол куушуруп, ким отурмак болуп тим?
Жашым менин канча болсо боло берсин, уялбайм,
жүрөк чиркин, алоолонуп сүйүп турат, ооба, чын!

Мээ чымырап, баш айланат давление болуп миң,
«жүрөк» деген минутага алты миңге кагат тим.
Айлананы көркко бөлөп, даңазалап сүйүүнү,
ак жоолугун колго алып, алоолонуп сүйөт ким?

## АКЫНДАР КЫЙЫН КАЛК ЭКЕН

Акындар кыйын калк экен, сөз менен улап сапарын,
Ыр менен салып чыйыр жол, көбөйтүп улам катарын.
Тарыхты жазып тамшантып, дүйнөнүн элин таңдантып,
Сүрөттөйт түндү, жылдызды, күн чыгып
таңдын атаарын.

Чөнтөгү тешик, жөө жүрөт, минерге аты, байлык жок,
Түгөнбөс дастан жазса да, сокур тыйын айлык жок.
Кайгысы жүздөн билинбей, көңүлү шаңдуу күлүңдөй,
Эргүүдө жашайт күн-күнү, мөлтүрөп бышкан жүзүмдөй.

Акындар кыйын калк экен, эл жүгүн кошо көтөргөн,
Ырлары менен сыркоолоп, ырлары менен жөтөлгөн.
Байлыгы ошол чыгарма, калеми, китеп баштыгы,
Жүзүндө күлкү жылмайса, байлыктуудай көрүнгөн.

Саргайып барак кетсе да, улуттун тилин сактаган,
Сөздөрдү иргеп тазалап, маңызын таптап тактаган.
Калбырга салып калпыган, каймагын сүзүп балкыган,
Кыргыздын сөзүн ыр менен, кылымга өчпөс калтырган.

Акындар кыйын калк экен, ач-тогун ичке сактаган,
Толкуну күчтүү талантты, көөдөнгө багып таптаган.
Чындыкты жазып чыркырап, жалганга жүрөк зыркырап,
Келечек үчүн ийилип, үмүткө учук саптаган.

Акындар кыйын калк экен, ыр менен ыйлап, соорогон,
Ыр менен өлүп тирилип, ырында бакыт оронгон.
Ырында кышты жаз кылып, сайратса булбул багына,
Махабат үчүн бийик чеп, корголоп турат бороондон.





Акындар кыйын калк экен, чөнтөгү жука, өзү бай,
Бозоргон күрмө үстүндө, а бирок көңүл дайым шай.
Ыр менен басып узак жол, ыр менен суусун кандырат,
Ырына өзү саяпкер, а ыры ойноок кунан, тай.

Акындар кыйын калк экен, баалуулук наркын ойлогон,
Улуттун сөзүн түгөлдөп, калеми тынбай жойлогон.
Каада-салт, наркты жоготпой, кыргыздын көчүн улаган,
Ырлары менен бир уктап, ырлары менен ойгонгон.

## АК БАРАК

Ак барак, аппак барак, таза барак,
Тиктесем көңүл жаркып, моокум канат.
Чочулап из салуудан кыйма-чийме,
Жөн гана карап туруу мага адат.

Не бир кооз торчо сызык, узун сызык,
Тынымсыз чиймеленсе не бир кызык.
Самолёт жүгүн тартып бараткандай,
Канаты салмактанат, боору ысып.

Учур чак, өткөн чакты, келечекти,
Кырк таштай чачыратып төлгө тартат.
Саргайып кетсе дагы мезгил менен,
Ак барак аты менен эсте калат.

Деңиздей, океандай түбү терең,
Толкундап акын менен айтат санат.
Ыйласа кошо ыйлап, кошо күлүп,
Сыяга миң чыланып тарых казат.

Ак барак, аппак барак, таза барак,
Суктануу, карап туруу мага адат.

* * *

Жарашыктуу назданганы, жүргөнү,
Көзгө сүйкүм ыйлаганы, күлгөнү.
Сүйүүсүнөн учкун жанып, от жаккан,
Бар болгула акындардын «сүйгөнү».

Кээде шайдоот, кээде жайлап басыгы,
Махабат бул жан дүйнөнүн асылы.
Ыр сабында калгың келсе түбөлүк,
Анда болгун бир акындын «ашыгы».

Болбос балким акындыктын күнөөсү,
Үйдө эне, көпчүлүктүн бирөөсү.
Түйшүгүнө төшүн тоскон жигиттер,
Боло алат акын кыздын «күйөөсү».

* * *

Колу-бутка салып түйшүк капканын,
Тагдыр мага кантип эшик ачканын.
Билүү үчүн көтөрүнүп баратам,
Кереметтүү ыр дүйнөнүн чачпагын.

Бирде катуу, бирде жайлап басканым,
Саамай ылдый куюлуп тер чачканмын.
Кээде ката, кээде туура жолдордо,
Адашпаска багыт алып шашамын.





Жакшы угуп, жаман угуп адамдан,
Арыбадым багыттаган кадамдан.
Улуусу да, кичүү да катарлаш,
Бет келебиз даңгыр улуу сапардан.

Тың болушуп бөлсө бирөө сөзүмдү,
Экинчиси аңдыйт күндө өзүмдү.
Кечээ эле мурдун тартып «шорр» эткен,
Бүгүн даяр чукуганга көзүмдү.

Мейли жыртсын, тепкилесин эшигим,
Тийгизсе да улуу жолдо кесирин.
Уютулган сары алтындай солк этпей,
Терметемин ыр дүйнөнүн бешигин.

Көтөргөнүм учтуу калем, ак барак,
Баскан жолум узак, анан миң азап.
Сапарлаштын түрдүү түмөн ойлору,
Жаза келсем, барак түтпөйт миң санат.

Шилтеп келем бардыгына колумду,
Улайм сапар, топтоп акыл-оюмду.
Мойнумдагы бир милдетим ыр жазуу,
Каруум арып, жоорутсам да жонумду.

* * *

Теримди, сыйрып мейли жиликтегин,
Тегимдин түп тамырын иликтегин.
Темирдей тартип менен бүлө күтүп,
Таптаза жүргөн үчүн бийик тегим.

Сөөгүмдүн чучугун чак, казып терең.
Ишаарат кыла көргөз көзүң менен.
Жармаштыр аргасыздан ушак сөздү,
А бирок мен таптаза күлүп келем.

Тагдырдын казанында кайнагандан,
Ысык-суук, ызгаарына бышып калгам.
Канчалар өчүрсө да үмүтүмдү,
Ар таңда кайра эле күйүп-жанам.

Түбүмдү түп көтөрүп иликтегин,
Түнөгүм түптүү терек, бийик тегим.
Болсо эгер бир күмөнүң кан-жанымда,
Канымда чындык жашап берет ченин.

Миң түркүн бороон келип өчүрсө да,
Өчпөймүн, шам ичинде биликтемин.



# ЛИРИКА

## ЖАРЫМА

Желден күлүк ой-максат, үмүтүмдү,
Жылуу сүйлөп сөз менен байлансың,
Карегиңден нур чачып карегиме,
Кайгы-муңду жолотпой айдагансың.

Көңүл сынып буркурап калганымда,
Колдон ала муңайтпай жөлөгөнсүң.
Көздүн жашы деңиздей ташып турса,
Сүйүү берип толкунуңа бөлөгөнсүң.

Көктү карап муңайып калганыма,
Алаканга салып көккө жөнөгөнсүң.
Булуттардан жылдызды көргөзөм деп,
Балким чындык, мен үчүн төрөлгөнсүң!

Эркелесем маашырлана күлүп гана,
Билегимден имере кучактадың.
Сөзүм таппай, таянаарым өзүң болуп,
Көлөкөңдөн калбай ээрчип бучкактадым.

Кем сүйлөгөн адамдын жүрөгү кең,
Туш келипмин өмүрлөшүм өзүңө тең.
Ар бир тарых ирмемди биз түзөбүз,
Өзөгүбүз бир баяндын, сен жана мен.

Коюу түндүн тынчтыгын мемиреген,
Бузгум келди жаркыным сени менен.
Тыңша бүгүн добушун жүрөгүмдүн,
Чыгуучудай кабынан сени деген.

Көктө ай да кубансын алакан чаап,
Ак булуттар нөшөрлөп кайгыны жаап.
А жылдыздар жалгыздап муңканбастан,
Ушул түнү сүйгөнүнө учушсун таап.

Эрке жел да уйпалап чачыбызды,
Удургуткан ойлор алып шаштыбызды.
Турса дагы бек кармашып түбөлүккө,
Сураналы жараткандан бактыбызды.

Эркеликтен кетет кээде күнөө менден,
Көп нерсени үйрөнүп келем сенден.
Ысык-суuктан калкалап акыл айтсаң,
Секелектей тыңшаймын, чыгып черден.

Санаа түмөн, сабырдын түбү терең,
Сыноо үчүн тагдыр бизге салса ченем.
Кең дальңа далдоолоп турсаң эле,
Кыйындыкты сен менен бирге жеңем.

* * *

Үмүт сенде, үмүт менде үлбүрөп,
Бирде жандуу, бирде тымтырс үргүлөп.
Тагдырдын оор сокусунда жанчылып,
Майдаланып, калбырында үйрүлөт.

Эмнегедир көп нерседен кечигем,
Кээ түнтмүн, кээде сырдуу чечилем.
Нечен жолу тентектикти кылсаң да,
Баш айланып кайра эле кечирем.





Санаам күчөп, тилегим да сен деген,
Күчүм алып, күч берсең да дембе - дем.
Кайгырсам да, кубансам да ашуунун,
Татаал жолун басып өтөм сен менен.

Тапанчадай колтугуңда октолом,
Атылууга жакын калып токтолом.
Токтоолугуң дзот болуп төш тоссо,
Сени менен бар болом да, жок болом.

Бакыттын да, азаптын да өзөнүн,
Чейрек кылым сени менен кечемин,
Башкаларга мококсуң да момунсуң,
А мен үчүн сөз тапкычсың чеченим.

Сени менен көп нерседен кечигем,
Сени менен сүйлөшкөндө чечилем.
Кечигүүнүн өзү дагы пайда беймм,
Ажал дагы келсин бизге кечинен.

## СИЗ

Колумда гүл, жүрөгүмдө махабат,
багыт узак, бараар жерим белгисиз.
Көп көйгөйдүн далдоосунда акмалап,
жолум күтүп жүргөн адам балким, сиз!

Баш айланткан каршы-терши баскан из,
жаз айында жан дүйнөмө толгон күз.
Майтарылбас, бир керемет күч берип,
караан болгон көмүскөдө балким, сиз!

Жолдор жатат ийри-буйру, кээде түз,
чалынуудан жыгылабыз нечен биз.
Чагылгандын учкунундай махабат,
жаратуучу, от коючу балким, сиз!

## СҮЙҮҮНҮ ЖАЗГАН КЕЗДЕ

Сүйүүнү жазган кезде, деңиздей толкуп калам,
От болуп денем ысып, жалындап күйүп жанам.
Эмиле чоктон чыгып, жамгырга жүз тоскондой,
Албырып көккө карай канатсыз учуп барам.

Сүйүүнү жазган кезде, марага түшкөн сыңар,
Дүкүлдөп жүрөк дагы, башкача согуп турат.
Шурумдун шыңгыр үнү, коооздоп коңур түндү,
Демимден махабаттын сыйкырдуу деми урат.

Сүйүүнү жазган кезде, калемим күлүк-жорго,
Тизгинге башын ийбей, токтобой ойнойт колдо.
Махабат байрагынын бир бурчун бийиктетип,
«Чү»-деген жерден кетет, карабай оңго-солго.

Сүйүүнү жазган кезде, таманым тийбей жерге,
Ак булут аралаймын, айлантып барын шерге.

* * *

Улутунуп жол караган баладай,
Удургуткан ойго чөгүп барам жай.
Тунжуроого көнүп алган дүйнөмө,
Кеп-сөз жакпай, жүрөм сыркоо адамдай.





Күмүш күлкүм күмүш жүгөн тагынып,
Көздөрүмдөн куса нуру агылып.
Көкүлүмө гүл кыстарып баякы,
Сен жолуккан күндү жүрөм сагынып.

Аппак саамай ай нуруна чагылып,
Алтын түстүү акак, мончок тагынып.
Унутууга жол бербеген сезимдин,
Бир ирмеми кол булгалайт азгырып.

А мен жүрөм өткөн күндү сагынып.

## СЕН ДЕГЕН СӨЗ

«Сен»- деген сөз жакындыкпы, билбедим?
Андан сайын жанга жагып күлгөнүң.
Жайнап турган жамалыңа тигилсем,
Көзүң гана айтып турат сүйгөнүн..
«Сен»- деген сөз жакындыкпы, билбедим?

«Сен»- деген сөз элжиретип жүрөгүм,
Дагы, дагы айтсакен деп тиледим
Тартынууну, мококтукту тизгиндеп,
Сага карай нурун чачып гүл өңүм..
«Сен»-деген сөз жакындыкпы, билбедим?

Сен «сен» десең, сени менен биргемин,
Бирге тартып ашыктыктын түйшүгүн.
Жакындатты аралыкты жалгыз сөз,
Билген билет ушул сөздүн түпкүрүн.
«Сен» деген сөз, жакындыкпы, билбедим?

## КАРЫНДАШЫҢ БОЛГУМ КЕЛГЕН

Махабаттын эпкини келип сенден,
Сан оюмду санаага бөлүп жеңген.
Карашыңа туруштук бере албай,
Жер тиктеймин тартынып четтеп элден.
Элжиресең түйшөлүп жүдөп кеттим,
Мен жөн эле, карындашың болгум келген.

Бирин укпай, бирин угуп асыл кебиң,
Сүрдөп турсам тартасың улам жеңден.
Жооп айтууга алым жок, мелтиреймин,
Чачкын ойду жашырып качып сенден.
Чоочун болуп алыстап кетпейин деп,
Мен жөн эле, карындашың болгум келген.

Кечир мени жалын сөздүү асыл адам,
Тирүүлүктө шилтенет түрдүү кадам.
Жакынсынтып кур үмүт бердим окшойт,
Абийримди ичимден соттоп жатам.
Байкалбастан тутанган таптуу отту,
«Эми эмне болот деп»- ойго батам.

Кыялдарды жакшы ой, үмүт жеңген,
Мен жөн эле, карындашың болгум келген .





## КЕРЕК ЭКЕН

Өткөн күндөр өчпөгөн тагдырлашым,
билсем дагы жүрөк жарам айыкпашын.
«Күндүгүңө жорго мин» - деген сөз бар,
керек экен кайыгып, кайгырбашым.

Кайчы жолдо жалгыздап арылашым,
элениптир жүрөктөш, акылдашым.
Акыл менен ар-намыс тирешкенде,
көөдөндөгү өктөм үн жасайт басым.

Сезип жүрөк санаадан арылбашын,
максаттарым койбой улайт дарылашын.
Күн да, ай да, булут да жамгыр менен,
көктөн төгүп берип өтөт жарым жашын.

Керек экен алсырап чаалыкпашым,
өргө түртүп баратып тагдыр ташын.
Эл алдында абийрим таза, тунук,
жер карабай тик кара асыл башым.

Бараар багыт узак-узак басам бачым,
керек экен өрт болуп жалындашым.

## КЕРЕК ЭЛЕ

Керек эле бүгүн жолуң тосушум,
силкип таштап бүт көйгөйдүн баарысын.
Жаап-жашырып жүрөгүмдүн оорушун,
үмүт менен издеп илдет дарысын.

Керек эле таттуу сөзүң угушум,
карек тартпай махабатка чөгүүгө.
Көпөлөктөй канат жайып турушум,
даяр эле илебиңден өбүүгө.

Дал бүгүңкү аппак кардай төгүлүп,
бар сырымды калтырбастан төгүүгө.
Бүт дүйнөмдү сагынычка чөмүлтүп,
бармак элем дидарыңды көрүүгө.

Билсем дагы өкүндүрүп, өксүткөн,
махабаттын эми артка кайтпашын.
Эстөө кайра эски жара өөрчүткөн,
керек беле сага ачык айтпашым.

* * *

Тайсалдайсың, «суроо салып ийет»- деп,
мелтиреймин ичке жутуп ызаны.
Билмек белең жүргөнүмдү убай жеп,
өткөрбөсөң азап тарткан кусаны.

Мезгил менен өткөн чакка айланган,
легендасы махабаттын ушулбу?
Жаз күнүңө огун атса чагылган,
же өмүрдүн эрте келген кышыбы?

Суугундай бул токсондун калтырап,
сүйгөн адам гана дайым эскерет.
Туруксуздар тоңгон муздай жалтырап,
күн тийгенде эрип кетип, эскирет.





Биз кимиси? Туруксузбу? Сүйгөнбү?
Адаштырып мезгилден да бурулган.
Же болбосо жүрөктөрү тилинип,
кайдыгерлик каны шыкап куюлган.

* * *

Кар бетине тартпай кызыл жүрөктүн,
айталбаймын аруулуктун сүрөтүн.
Кар кетсе да сүйүү өлбөйт түбөлүк,
жаратылган тамчысынан мүрөктүн.

Ай бетине аркан тартып күүлөнүп,
махабатты ай кызынан үйрөнүп.
Жылдыздардан таажы кийген куракты,
таппай жүрөм, айлам куруп түгөнүп.

Сезим «селт» дейт, нурдуу көзгө багынып,
тээ качанкы асыл кезди сагынып...
Карга түшкөн каршы-терши издерди,
көргөн кезде жүрөм дале жабыгып.

## БИЛБЕДИҢИЗ

Кызгымтыл болуп сиздин илебиниз,
Дүкүлдөп катуу согуп жүрөгүңүз.
Кол сунуп салам айтып нуруң төгүп,
Күлүңдөй карап алып сүрдөдүңүз?

Карекке катып далай таттуу сөздү,
Айтылбай эх, аттиң ай жүрөк эзди.
Жашырып кирпик менен жанган отту,
Эстеймин ээликтирген таттуу кезди.

Кумарлуу кара көздү ирмедиңиз,
Көз менен ичте демди иргедиңиз.
Байкабайт деген өңдүү көз кыр салып,
Мендеги от, жалынды үйлөдүңүз!

## ЭМИ СИЗДЕН ҮЙРӨНӨМҮН СҮЙГӨНДҮ

Аскадагы алмаз таштай чагылып,
Бул махабат кайдан келди агылып?
Демин басам алданбоого сезимдин,
А жүрөгүм, башын ийбейт, чамынып.

Чагылгандын учкунундай жалгыз от,
Көзөп өттү калканчасын жүрөктүн.
Таамай атып жаа-жебесин көтөргөн,
Бул мергенчи табышмагы чүрөктүн.

Эки бетим албаргандан кызарат,
Тил күрмөлбөй, чайналат да уялат.
Табы күчтүү махабатка бет келүү,
Кандай кыйын? Ким беттешип туралат?

Бороон-туман ээлеп аруу дүйнөмдү,
Этек-жеңин делбектетти күрмөмдү.
Тээ абалтадан байкабасам сүйүүнү,
Эми сизден үйрөнөмүн сүйгөндү!

* * *

«Тыз» эткен жүрөктөгү махабатым,
Жашынса күзгү нөшөр арасына.





Сарыгып шүүдүрүмдөй агып жашым,
Дары издейт жүрөктүн карт жарасына.

Аялуу сезим бүгүн үшүп турат,
Нөшөрдүн запкысына жүзүн тосо.
Жууп сал кусалыктын урандысын,
Тамырын калтырбастан кесип, кошо.

Түйшөлүп эмнегедир тынчыбасаң,
Оо сезим, сени мен да түшүнөмүн.
Өр таяп биргеликте бара жатып,
Байкадым ооруганың, үшүгөнүң.

Томсоруп кеч күүгүмдө жалгыз шамдай,
Үлүндөп үмүт дагы араң күйөт.
А бирок жүрөктөгү махабаттын,
Учкуну арнап турат аруу тилек.

## СЕН ҮЧҮН

Жел болуп чачыңды сыласам,
Көзүңдөн кусаңды биле алсам,
Аймалап жүзүңдү тынч койбой,
Боюңду сергитип тура алсам.
Өзүңө жете албай жүргөндө,
Аттиң ай, жел болуп жаралсам.

Узун түн түш болуп бара алсам,
Түйшөлтүп уйкуңдан талашсам.
Түңүлгөн сезимге гүл сунуп,
Түнөрткөн капаңды жоё алсам.

Өзүм да түңүлбөй сен үчүн,
Уйкуңда түш болуп жаралсам.

Боз туман каптаса өзүңдү,
Ак жаандай арзуумду төгө алсам.
Санаада сагынып турганда,
Саамайдан бир сылап өбө алсам.
Буулуккан булутка окшошуп,
Сен үчүн ак жаанга айлансам.

## КУЧАКТАП АЛДЫМ, КУЧАКТАП

Күзгү жаан төксө токтобой,
Күрмөңдү жаптың өнтөлөп.
Камкордук жагып жаныма,
Наздана карайм эркелеп.
Асылын ойдун байкабай,
Албасам экен тепселеп.

Канатын жайган бүркүттөй,
Коргойсуң жаандан коомайлап.
Табалбай шылтоо турганда,
Кучактап алдым, кучактап.
Жагымдуу кыска көз ирмем,
Дүйнөмдү алды тузактап.

Айтпайсың сөздүн ачыгын,
Арзууңду бекем сыр кылып.
Сыноодун бүтпөй аягы,
Санаага салды бастырып.
Туш келсе көзүң көзүмө,
Тайсалдап турам аптыгып.





* * *

Жолугуп айры жолдон, кесилиштен,
Кылчактап карап өттүк, өкүнүчтөн.
Сен дагы моюн сунбай, мен баш ийбей,
Турганда жүрөк небак кечиришкен.

Аралык байкалбастан узак калган,
Басаар жол чиеленип тузакталган.
Билгизбей жүргөн менен көздөрүбүз,
Ирмелбей издешишет узактардан.

Салмагы ченелбеген тагдыр ташын,
Көтөрүп бара бердим, ооруп башым.
Эңшерип бара жаткан жеңилүүнү,
Керектир өзүң гана толукташың.

*2022-жыл. январь*

## МЕН ДА КҮТӨМ

Жүзүңүз бир албырып алоо болуп,
Көзүңүз коюуланып нурга толуп.
Керемет карашыңыз жүрөк эзди,
Толкундап толкудуңуз сынга толуп.

Кармаса жыпжылуу да колдоруңуз,
Көкөлөп бийиктикте ойлорубуз.
Тыз этип жүрөк бурчун ачыштырып,
Эки ача кетти бирок жолдорубуз.

Айталбай нечен сөздү ичке катып,
Сүйлөштүк көздөр менен ойго батып.

Карекке толгон жашты көргөзбөскө,
Жашырдык биз коштошуп кетип жатып.

А балким, айлуу түндө эске түшөм,
Жаз келсе жамгыр болуп көктөн түшөм.
Керемет көз карашың унуталбай,
Мен дагы уктабастан түштөн күтөм.

## СЕЗИМ ЭЭЛЕП ӨЗҮМДҮ

Уктатбай узун түндө уйкум алып,
Ар дайым көңүлүмдүн төрүндөсүң.
Түшүмдө аяр сылаап саамайымдан,
Садагам жүрөгүмдө, сезимдесиң.

Жайнаган көзүңдө нур куйкалады,
Дүйнөмдү үч сапырып уйпалады.
Өзүңдү ээрчип сезим бара жатат,
Көрүнбөй аска-зоосу, туш тарабы.

Ээлигип көңүл учат канат байлап,
Көзүндө нурун тартат сезим айдап.
Көкөлөп бара жатам өзүң жакка,
Тосуп ал кучак жая жаркып, жайнап.

Оюмда колум артып моюнуңа,
Эркелеп кумар канбай оюуңа.
Кур кыял үмүт берип күндөр өтөт,
Жол карап зар болдум ээ добушуңа.





## ЖАРАЛДЫҢ БАЛКИМ МЕН ҮЧҮН

Билемин сизди уктабай ойгоо жатасыз,
Оролуп ойго, сырларды ичке катасыз.
Ойгонуп сезим оолугуп турса баш бербей,
Оорутса жүрөк, дабаасын издеп жатасыз.

Сеземин ооба, кыйналган алсыз жүрөктү,
Дабаасын таппай чыйрыгып турган түнөктү.
Оорукчан болуп, сезимдер ыйлап үнү жок,
Далай кыр ашып, дабаасын таппай күн өттү.

Чытпаңыз кабак үмүттү такыр өчүрүп,
Көөдөндөн жанган сезимди алгын өстүрүп.
Сагыныч арнап сагынткан сезим эргүүсүн,
Сактаңыз эми тамыры менен көчүрүп.

Сагынып турам ак таңда күтүп өзүңдү,
Жүзүңдөн сүйүп карагым келип көзүңдү.
Жаркыным менин жаралдың балким мен үчүн,
Жарадар кылбай айтаарсың арзуу сөзүңдү.

## СҮЙҮҮ МЕНЕН

Түйшөлүп ойго батып башты чайкап.
Алдыда бара жаткан жолду байкап.
Көңүлүң чөгүп кеттиң арман менен,
Көзүңдү жумдуң дагы, өзүңдү-өзүң алдап.

Көз салып жалбыракка бириндеген,
Саргарган санааларың миң иргелген.

Махабат бир бутагыучуп түштү,
Дал ошол жалбырактай бириндеген.

Өкүнүп кадам таштап билинбеген,
Көздөрүң күлүп турат күлүңдөгөн.
Өкүнүп өмур шагын кууратпачы,
Өксүтпөй жашай жаштык сүйүү менен.

## КӨҢҮЛҮМ АКСАП ТУРАТ

Чөктүрбөй көңүлүмдү көз кырың салып өтчү,
Чолпондой жылдыз болуп жарыгың чачып кетчи.
Жан дүйнөм оорупт турат өкүнүч ээлеп, тушап,
Ак жаандай арзуу арнап ак таңда нуруң сепчи.

Карайлап турганымда ак шамдай жарык болчу,
Өзөктө өрттү өчүрүп, бүтпөгөн тарых болчу.
Тунгуюк, караңгылык, байкатпай тартып барса,
Кечтирбей азап көлүн колумдан тартып койчу.

Айтылбас бир кусалык каректе жашап турат,
Көөдөндө жүрөк оорупт балдаксыз аксап турат.
Сагыныч торун жайып кур үмүт жолду карап,
Жан дүйнөм эзилип оов, чыйрыгып какшып турат.

* * *

Тайсалдайсың, суроо салып ийет деп,
Мелтиреймин ичке жутуп ызаны.
Билмек белең жүргөнүмдү убай жеп,
Өткөрбөсөң азап тарткан кусаны.





Мезгил менен өткөн чакка айланган,
Легендасы махабаттын ушулбу?
Жаз күнүңө огун атса чагылган,
Же өмүрдүн эрте келген кышыбы?

Суугундай бул токсондун калтырап,
Сүйгөн адам гана дайым эскерет.
Туруксуздар тоңгон муздай жалтырап,
Күн тийгенде эрип кетип, эскирет.

Биз кимиси? Туруксузбу? Сүйгөнбү?
Адаштырып мезгилден да бурулган.
Же болбосо жүрөктөрү тилинип,
Кайдыгерлик каны шыкап куюлган!

* * *

Күркүрөп аккан дайранын,
Ордунда нугу калдыбы?
Жумушка барчу эски жол,
Эсиңе бизди салдыбы?

Жыдыган жылдар соңунда,
Үмүткөр көңүл түңүлгөн.
Жаныңда эми башка адам,
Жылмая карап тигилген.

Салынган кызыл жоолугум,
Саратан күндө өңү өчтү.
Сагыныч толгон көз нуру,
Сен менен бирге бир кетти.

Кырмызы көйнөк, кемселим,
Кийгенде эске түшөсүң.
Аралап өтөм кыялда,
Жаштыктын жашыл көчөсүн.

Кусага толгон күндөрүм,
Ээ бербей колдон жетелейт.
Закымдайт мезгил, өр таяп,
Келишиң неге кечеңдейт?
Жакаңды оңдоп-түзөгөн,
Жолуңдан тосчу мен эмес.
Көзүңдөн көзүн албаган,
Ал биздин сүйүү, бир элес

* * *

Аскадан агып түшкөн дайра болуп,
Тоо-ташка жанчып эргүүм агып түштүм.
Жер түбүн тешип чыккан булак болуп,
Туптунук мөлтүрөгөн арзуу күттүм.

Бөлүнүп асмандагы топ жылдыздан,
Туңгуюк жолдо жалгыз баратамын.
Жолоочу жолун улайт токтобостон,
Жолукса жакшы адамдар жанашамын.

Топ таштай жерге түшүп чачыламын,
Чачылган жерде гүлдөп ачыламын.
Кылычын сууруп келген бороондо да,
Жакшы ырды жазуу үчүн ашыгамын.

Кербендин жолун улайм ырым менен,
Көнөргөм уютулган кенен-кенен.





Көңүлүм көксөгөнүн аткарамын,
Өмүргө койгучакты Кудай менем.

Бактымды аппак карлуу тоого теңейм,
Сүйүүгө жүрөгүмдү арнап, бөлөйм.
Жараткан колдоп турса ар бир мүнөт,
Экөөнү ырым менен сүйөп, жөлөйм.

Тууганым, жакынымды, досторумду,
Ар убак асмандагы күнгө теңейм.

* * *

Тыным алып тынчыбаган жүрөгүм,
Өндүрүүдө махабаттын үрөнүн.
Кыял, максат учагында жар салып,
Жоогазындай кулпур эми гүл өңүм.

Чагылгандын учкундарын талкалап,
Мерездиктен сүйүү менен калкалап.
Элжиреген арулукту көтөрүп,
Көөдөнүмө кура бергин салтанат.

Сүйүү менен азыктанып тирилген,
Аруулукка аппак болуп киринген.
Менде сүйүү, ээй адамдар уккула,
туулдум кайра махабатта бүгүн мен.

Адашсам да үйүр алган желемден,
Көмүлсөм да топуракка тереңден.
Жүрөгүмдү махабатка толтуруп,
Баягыдай сүйүү чачып келем мен.

* * *

Көздө жанган жылдызыңдын отуна
Жылынамын жакын келип табына.
Учкун алып от жагамын жүрөккө
Сыныгынан тумар кылып тагына.

Боз туманды жарып өткөн чагылган,
Чачыратты мендеги ой, санааны.
Бутуттарды мамык кылып жазданып,
Сүйүү жазам жутуп таза абаны.

Нөшөрүнө жүзүм тосуп ак жаандын,
Кучак жаям нурун алып ак таңдын.
Көңүл ырдайт, көңүл жайнап сүйүнөт,
Ал анткени мен эркеси асмандын.

Кыял эмес кур сөз менен сооротчу,
Чындык ошол тилек, максат сүттөн ак.
Аз өмүрдүн ар бир мүнөт ирмемин,
Адашпастан пайдаланып жүрөм так.

Оо асылым, жакшы сөзүң арнай көр,
Менин бүгүн айтаар сөзүм беп-белен.
Өчкөн үмүт, кеткен сабыр чыңалып,
Сени менен келет кубат дембе-дем.

Бүгүн ырдайм, бүгүн күлөм кубанып,
Үмүт жанат үзүлбөстөн уланып.
Өмүр гүлүм шагы ийилеген мөмөдөн,
Жемиш берет, бакыт берет бул анык.





## ЖАРАЛДЫҢБЫ БАКТЫМА

Булгалап жоолугумду ай асманга,
Суктантып жылдыздарды каратамын.
Толтуруп карегимди зор бакытка,
Жолуңдан тосуу үчүн баратамын.

Кайырма:
Санабай эч бир жанды өзүңө тең,
Ашыгым ажарыңа арбалдым мен.
Жүргөндө сагынычтын аралында,
А балким бактым болуп жаралдың сен.

Окшошуп мөл булакка шыңгыр күлкүң,
Жүзүңдөн чачыраса бакыт бүркүм.
Жүрөгүм бир башкача согуп турат,
Көзүңдөн ак сүйүүнү көргөн үчүн.

Кайырма:
Санабай эч бир жанды өзүңө тең,
Ашыгым ажарыңа арбалдым мен,
Жүргөндө сагынычтын аралында,
А балким бакытыма жаралдың сен.

Төгүлсө илебиңден сөздүн гүлү,
Элжиреп жүрөгүмдө жанат сүйүү.
Чырмалып кучагыңдан чыкпасам дейм,
Уктасаң түшүң болуп күнү-түнү.

Кайырма:
Санабай эч бир жанды өзүңө тең,
Ашыгым ажарыңа арбалдым мен,

Жүргөндө сагынычтын аралында,
А балким бакытыма жаралдың сен.

## КҮТӨМҮН СЕНИ

Кыялга батып көкөлөп учуп баратам,
Жылдызга карап жылуулук бойго таратам.
Караанын издеп жаркыным күтүп өзүңдү,
Сагыныч ырын жылдыздан алып жаратам.

Буулугуп бүгүн булуттар менен жанашам.
Жамгырдай төгүп, кусалык жашын жаратам.
Чагылган болуп куйкалайт арзуу учкуну,
Ак булут жиреп атылган октой баратам.

Күтөмүн сени арзуумду айтып ак таңда,
Күттүрбөй келчи, кубантып көңүл ак шамда.
Ай шоола белең нурунду чачып сыр айтып,
Келээрсиң балким түш көрүп уктап жатканда.

* * *

От болуп көкүрөгүм чок жуткандай,
Алоолоп күйүп турат жалын бүркүп.
Ак жайдын айлуу түнү суу жээгинде,
Салкында ыр жараттым сени күтүп.

Кездешүү! Кандай сонун кездешүүбүз,
Тиктешет көздөрүбүз уяң карап.
Жалынын махабаттын чогуу кечип,
Үн-сөзсүз тура бердик көптү самап.





Коштошуу мезгил сааты жакындоодо,
Кабында сүйлөйт жүрөк, көздөр кыйбай.
А колдор ажырабай чырмалууда,
Ысыгы тартылганда бойго сыйбай.

Кош деген сөздү айтуу кандай кыйын?
Даабайбыз, кыялбайбыз кол сунууга.
Аргасыз сен да кеттиң, мен да кеттим,
Ак жайдын түнү күбө коштошууга.

* * *

Жол карап жүрөм, айттырбай бир күн келчүдөй,
Жоогазын гүлүн, жол бою койбой терчүдөй.
Эсиңе түшсөм кайрылып бир күн келээрсиң,
Жарышат мезгил, боштукка күндү өткөрбөй.

Кылчактап карайм, жан адам билбейт күткөнүм,
Арзуунун ырын, жазамын бирок бүтпөдүм.
Сен элең каарман, ээлеген сабын ырымдын,
Буюрган күнү ачаарсың дептер бүктөмүн.

Чагылган болуп, булутка чырак жагасың,
Түндөсү көктө ак жылдыз болуп жанасың.
Суктана карайм, кол сунам бирок жетпеймин,
Шооландан издейм ооруган жүрөк дабасын.

* * *

Чачымды оңго, солго тынбай тарай,
Тажабай сөзүңүздү тыңшап далай.
Бүлөңүз бар экенин билсем дагы,
Мен сизди унуталбай жүрөм агай.

Колтуктап алууда чоң бакыт бардай,
Бир бассам, кыялымда сизди жандай.
Кол жеткис бийиктерде болсонуз да,
Сиз кеткен жолду улам карайм агай.

Жөлөңүз, колуңузга жыгыламын,
Шылтоолоп отуңузга жылынамын.
Үйрөндүм кантип сүйүү керектигин,
Агатай, кантип эми унутамын.

* * *

Мен анын көздөрүнө тике багып,
Өзүнчө жашоо барын көрүп турдум.
Тереңи тартып барса жанга жагып,
Магдырап ойлонбостон боюм урдум.

Мен анын ойлуу көзүн карап алып,
Сыйкырдуу махабаттын нурун көрдүм.
Чынжырлап тап жылдырбай оттой жанып,
Сүйүүсүн жүрөгүмө бекем көмдүм.

Мен анын оргуштаган ойлоруна,
Ак чабак балык болуп чумкуп кеттим.
Оролуп ак маржандай колдоруна,
Ак жаанда жүзүн сылап өөп өттүм.

Мен анын кабагына конуп алып,
Кыйсыпыр капалыгын кууп салдым.
Жайнаган карегине чарк айланып,
Отуна алоолонуп күйүп жандым.

Ошентип бир адамды сүйүп калдым.





## ЖҮРӨГҮМ ЭГИЗ СЕН МЕНЕН

Кымбатым,
Уктабай түнү энтелеп,
Тосууга жолум эртелеп.
Жел аргы болуп келдиңби?
Моюнум жыттап эркелеп.

Асылым
Көктөмү жашыл жаштыктын,
Үзүмү болуп бакыттын,
Эрте жаз келген өткүндөй,
Төгүлүп кайра жашындың.

Жарыгым,
Жароокер сулуу көзүңө,
Тик бага албай айбыгам.
Кирпикке катып сезимди,
Күнөөкөр болом татынам.

Эрте-кеч,
Карегиң турса элжиреп,
Кандай жан сага буюрган?
Баркыңа жетип өтсө деп,
Ар мүнөт эстеп буулугам.

Унутпа,
Ак таңда сылап саамайың,
Күттүрбөй келем жел менен,
Жолубуз кайчы болсо да.
Жүрөгүм эгиз сен менен.

* * *

Үшкүрүк тамакты бууп, тилди байлап,
Айтчу сөз көөдөндөрдө турат кайнап.
Сен мага, же мен сага умтулгандан,
Эх аттиң, эми кайдан чыкмак майнап.

Кылгыра сүрөттөрдү карашабыз,
Таттуу ой, кыял менен жанашабыз.
Көйгөйү күнүмдүктүн чочутканда,
Селт этип таттуу ойдон адашабыз.

Сызылып таң атырып, кечкиртебиз,
Тартынып кат жазгандан же бирөөбүз.
Бозоруп оңуп барат жаштык өңү,
Болгону жакырыштык бул күнөөбүз.

Мезгил бир, заманың бир жолдор башка,
Тамак бууп ызалыктан көздөр жашта.
Тызылдап жүрөк гана согуп турат,
Жактырган бир адамын унутпаска.

Көөдөнүмдө махабаттын оту күйүп,
Илебимден ызалыктын деми урат.
Жалын бүркүп жетелеген кусалыгым,
Жашыл көктөм жаш кезиме оюм бурат.

Жолум таппай карайлагам, адашканмын,
Жакшы, жаман сапарлашка жанашканмын.
Жокчулукка чөгүп кетпей сабыр кылып,
Барчылыкта «көзүң ач» дейт намыс-арым.





Күнү-түнү узак бийик самаганым,
Толгонуудан кайра баштан жараламын.
Тай-туяктан чагылгандын оту жанып,
Аппак таңда жакшы ыр жазып тазарамын.

* * *

Кайткансып көкүрөктө күйгөн отум,
Өр таяп бара жатып артты карайм.
Жыдыган жылдар астаа кагып чотун,
Жаштыктын кызык кези ашты даван.

Көөдөндүн көксөгөнү басаюуда,
Жалынга өткүн төгүп өчүргөндөй.
Махабат ирмемдери картаюуда,
Жүрөктөн сүрөт кылып көчүргөндөй.

Умсуна карап турам көктөм-жазды,
Кадимки он сегизде секелектей.
Данеги бир сезимдин өңдөн азды,
Багайын жаман ойго тебелетпей.

Махабат кызыл кыраң, жылга ашып,
Күйгүзөт көөдөнүмдү алоо оттой.
Мен жүрөм улутуна толуп ташып,
Мезгилдин өктөмүндө сүйүүм октой.

## КҮЗ ЭЛЕ АНДА

Күз эле анда калганда сизге кезигип,
Айталбай сүрдөп, жүрөктүн сырын чечилип.
Наристе сезим таптаза баёо дил менен,
Тартынып жүрүп мен сизден калгам кечигип.

Күз эле анда, калганда сизге жолугуп,
Башкача туйлап жүрөгүм согуп оолугуп.
Наздана карап махабат сырын чечкенче,
Сиз жакка барчу жолдорум калган торолуп.

Алтын күз болду, кайрадан дагы кезигип,
Жалооруй сүйүп каректер тиктейт эзилип.
Сүйлөшүп көздөр суналбай колду турганда,
Мөлт эткен тамчы коштоду бизди өкүнүп.

* * *

Үшкүрүк тамакты буул, тилди байлап,
Айтчу сөз көөдөндөрдө турат кайнап.
Сен мага, же мен сага умтулгандан,
Эх аттиң, эми кайдан чыкмак майнап.

Кылгыра сүрөттөрдү карашабыз,
Таттуу ой, кыял менен жанашабыз.
Көйгөйү күнүмдүктүн чочутканда,
Селт этип таттуу ойдон адашабыз.

Сызылып таң атырып, кечкиртебиз,
Тартынып кат жазгандан же бирөөбүз.
Бозоруп оңуп барат жаштык өңү,
Болгону жактырыштык бул күнөөбүз.

Мезгил бир, заманың бир жолдор башка,
Тамак буул ызалыктан көздөр жашта.
Тызылдып жүрөк гана согуп турат,
Жактырган бир адамын унутпаска.





## АК СҮЙҮҮҢ ДЕГИ КАНДАЙ

Көзүмдөн көзүң албай,
Эң таттуу сөзүң арнай.
Ээ кылбай башка жанга,
Дүйнөмдү бүтүн арбай.
Эсимди эки кылган,
Ак сүйүүң деги кандай?

Колумду бекем кармай,
Кучактап жүрсөң жандай.
Элжиреп караганың,
Жаңы эле аткан таңдай.
Бардыгын унуттурган,
Ак сүйүүң деги кандай?

Кечиксем издеп турган,
Көрүнсөм гүлүн сунган.
Кызганып түйшүк тартып,
Көңүлүң кирдеп турган.
Көзүмдүн карегиндей,
Ак сүйүүң деги кандай?

Жолуңду күтүп жүрөм,
Саргайып кайран гүл өң.
Дарегиң же айтпайсың,
Бар беле башка бирөөң?
Кур үмүт берип келген,
Ак сүйүүң сенин кандай?

Бар беле башка бирөөң?
Мен билбей, күтүп жүрөм.

## МАХАБАТКА БИР КАДАМ

Сырдуу күлүп сынап турдуң, карегиңди кададың,
Болсо керек сүрдөтүүчү, тээ илгертен адатың.
Сүрдөсөм да билгизбеске бар күчүмдү жумшадым,
Күлө карап жооп берип, жүрөк сүйгөн адамым.
Бирок, бирок, дирилдеген үнүм чыгат араңдан,
Сатып коёт каректерим араң шилтеп кадамым.

Тартып алдым карегимди, нурдуу оттон жалтанып,
Ичтен коём мен өзүмө «багынбайм» деп актанып.
Нурдуу карек жүрөгүмө жазып кетти бир сырын,
Жашай берсин жан дүйнөмө жашоо берип даңкталып.
Сагынганда жылмаямын, эстеп таттуу ирмемди,
Калган экен каректериң карегимде сакталып.

Турам азыр куса болуп, көргүм керип кайрадан,
Керек болсо кечет элем, деңиз, көлдөн, дайрадан.
Кереметтүү бир көз караш издеттирип бир өмүр,
Сырдуу ирмем сенде беле татынакай жакшы адам.

Махабаттын бир сыйкырын көрдүм эми арман жок,
Шилтеп барам кубаттанып, махабатка бир кадам.





* * *

Керилген көк деңиз кол булгап чакырат.
Ак өркөч толкуну түрүлө шаштырат.
Түйүлүп «ойт» берип, бой урсам чабактай,
чимирип ыргыта жагымдуу каткырат.

Сүзөмүн тынбастан карабай оң-солго,
түйшөлгөн дүйнөмдү бөлүнтүп сан ойго.
Керемет эргүүнүн терметип бешигин,
калганда чалындым балырлуу чыр-торго.

Салмагым оорлоп тартылат төмөнгө,
эркиңди байлатуу эң жаман жөрөлгө.
Кол сунсам жардамга бир да жан көрүнбөйт,
бир гана күчтүү «ой» сактады чөгөөрдө.

Тушаган балырдын быт-чыты калбады,
күчтүү эрк боюмду чырмалта кармады.
Толкундун ичинен толкунду жаратып,
эргүүнүн түрмөгү дүйнөмдү арбады.

Көк деңиз үстүндө каптаган топон-суу,
агызса агылдым, жайлуу жер таппадым.
Урунуп тоо-ташка калсам да чыйрыгып,
жанбады эргүүлөр багыттан кайтпадым.

Узак жол сапарым, чын эле узак жол,
издедим саламда берүүгө алик кол.
Акыркы мүнөттө көздөрүм жалдырап,
кол сунсам сунууга көрүнбөй бир да кол.

Көк деңиз бетинде эркелеп күчөдүм,
бал жутуп, уу жутуп токтобой сүзөмүн.
Толкунга бүлөдүм мокогон дилимди,
томсорбой тоо жарган ыр сабын түзөмүн.

Дарылап жүрөктү жутамын мүрөк суу,
тоспосун жолумду айлакер менен куу.
Асманда жылдыздар арзуумду угушса,
канатым күүлөймүн колума кармап туу.

Күн, айдын нуруна күн сайын чайынам.
Күмүштөй күлкүмдү мен кимден жашырам?
Кылымдын чыйрына кыбырап жол салып,
кымындай эмгектен бийик тоо ашырам.

* * *

Тагдыр жазса мыйзамына баш ийип,
таштак жолго кадамымды таштадым.
Кыл чылбырдай чыйралууда, соккуда,
эзилсем да артты карап качпадым.

Кыял, максат, үмүтүмдүн билигин,
өчүргөндө төкөр болуп аксадым.
Өчөшкөндөй үмүт жанбай түтөсө,
мен өзүмдү аяп, сүйүп баштадым.

«Эрке кыз»- дейт, эрке кыздын көзүндө,
ызалыкты кимдер кандай түшүнөт?
Каректеги муңаюунун пардасын,
кирпик менен имерилте түшүрөт?





«Аны» дагы, «муну» дагы жакынсып,
көңүл чиркин көпөлөктөй чачылат.
Бирок, бирок... Мелтиреген жүздөрдүн,
заарын көрүп ысык демим басынат.

Уккум келип чын жүрөктөн берилип,
бар болгону бир «жылуу сөз» күтөмүн.
«Ооз учунан» болсо деле айтылса,
ошол замат көккө учуп жетемин.

* * *

Чеңгээлинен чыга албай тирликтин,
көрпенделик ээлеп турса дүйнөмдү.
Каршылыктар шагын ийип үмүттүн,
салмактантты сары-күрөң күрмөмдү.

Кайдыгерлик байлап аяк-колумду,
уурдаганы турат далай жылымды.
Сергий туруп топтогуча оюмду,
өмүр өтүп толуктоодо кылымды.

Торго салып эркиндикти, эргүүнү,
мен өзүмдө өчүм бардай бүгүлөм.
Ой туткуну камап салса чыгарбай,
эртеңкимен, бүгүнкүмөн түңүлөм.

«Арык аттап, суу кечпеген» чечимден,
чиеленип кош аягым тушалат.
Мококтуктан көп нерседен кечиксем,
а карт тарых күтө турбай уланат.

* * *

Тең тайлашкан тар дүйнөнүн жолунда,
эргүү менен арыш керүү керемет.
Көңүл көктө ай булутту аралап,
а тай туяк жерде шибер тебелеп.

Булут жутуп эрин ымдап бир ирет,
артка тарткан ооздугун кемирет.
Тай туягы талкаланып кетсе да,
күлүк гана чоң казатта ээлигет.

Кум ичинен алмаз чанда кезигет.
Күлүк гана чоң жарышта ээлигет.

## КЫЯЛДЫН КҮЧТҮҮЛҮГҮ

Оо, анда!
Таң атпай кыналышып автобуста,
Барабыз окуу жайга же жумушка.
Кысылып калсак да кайыл элек,
Ширелип ширеңкедей бул турушка.

Сүйкүмдүү көздөр көздү улам карайт,
Арзууну көпчүлүктөн издеп самайт.
Автобус чайпалганы жага түшүп,
Шылтоолоп кээ бир жигит кызды кармайт.

Улуулар кыналышкан кыз-жигитке,
Олтуруп суктануудан көзүн кадайт.
Автобус жолугушуу аялдама,
болгондой ушул саатты баары самайт.





Сурма көз сулуу кыздын чачтарынан,
Боз улан уурдана көзүн албайт.
Кеп салуу мындай турсун жакын баруу,
сүрдөөдөн тердеп-тепчип жерди карайт.

Олтуруп бүгүн ошол автобуска,
Кайрылып барып келдим жаштыгыма.
Кыялдын күчтүүлүгү алаксытып,
Эсимден чыкты түшөөр аялдама.

Токтобо, токтой көрбө ак автобус,
Жеткиргин жаштыгымдын айылына.
Мен дагы кызыл көйнөк кийип алып,
Барайын сүйгөн окуу, сабагыма.

*2022-жыл.*

## КҮЗ ТҮШСӨ

Күз түшсө өмүрүңдүн барагына,
Жапжашыл жаштык каалайм сабагыңа.
Күз менен кошо ачылсын бакыт гүлү,
Тартуулап жакшы күндү маанайыңа.

Күз түшсө жакшынакай жанарыңа,
Жаз келсин жан дүйнөңө, жамалыңа.
Жадырап көңүл кушуң көкөлөсүн,
Булбулдар арзуу арнап гүл багында.

Күз келсе жашыл бакча, сабагына,
Жазайын арзуу ырын барагыңа.
Сүйүүнүн жалын бүрккөн алоо отун,
Гүлгө ороп тартуу кылам бараарымда.

*2016*

* * *

Туман каптап көктүн түбү көрүнбөй,
Кара булут калыңдашат бөлүнбөй.
Табигаттын сыйкырына уюган,
Эргүүм барат чайпалуудан төгүлбөй.

Бүркөлгөндө кабак ачпай кең асман,
Менде көңүл ачылалбай турат жай.
Кайыл болуп жамгырга да, карга да,
Телмиремин күндөлүктү бporактай.

Күндүн сыры жымжырттыктан башталып,
Муздак шамал чачыратса уйкумду.
«Салам» - дедим тирүүлүккө баш ийип,
Калпка салып бабам берген уңгумду.

Саламдашуу кандай сонун чынында,
Таңды көрүү, арыш керүү, түздөнүү.
Бакыт экен тирүүлүктө убай жеп,
Акыл жыйнап адам болуу, түйшөлүү.

Кутмандуу таң атып куттуу жериме,
Кут-ырыскы чачып күндө элиме.
Тынчтык орноп, бөөдө кырсык жолобой,
Төгүлбөсүн ачуу көз жаш деги эле.





* * *

Жол бербей көздүн жашы төгүлүүгө,
Көргөнгө шайыр шатман көрүнүүгө,
Таң эртең сергек туруп жолго чыктым,
Керемет шаар желине өбүлүүгө.

Түркүн ой жетелесе чегинүүгө,
Толгонуп намыс-арым чечилүүдө.
Дүйнөмдү тең экиге бөлүп салып,
Баратам ызалыкты кечирүүгө.

Күтүлбөс айла-амалдан арылоого,
Тузакка капилеттен чалынбоого.
Сымаптай мөлтүрөгөн үмүт гана,
Жүрөктүн жараларын дарылоодо.

## БАГЫТЫМ КАЙ ТАРАПКА БАРАТ ЭКЕН

Сур булут асманымдан кетер бир күн,
Кечигип басар жолум издегенде.
Ызгаары-суугуна миң тоңдуруп,
Тагдырдын сыноолору экчегенде.

Дос күттүм улуудан да кичүүдөн да,
Ишенип жүрөгүмдүн төрүн ачып.
Сынаган көздөр турса алды-артымда,
Дүйнөмдү тазартууга барам качып.

Жеңилип, кээде жеңип сыноолорду,
Дал болуп билбей эмне ойлорумду.

Булуттай кең асманга сиңип кетип,
Кар менен төксөм окшойт толгонуумду.

Бет алдым чиеленген токой нечен,
Акылды ойлор кыйнап жеңет экен.
Түшкөнүм жалгыз аяк бир чыйыр жол,
Багытым кай тарапка барар экен.

* * *

Кар төгүлгөн асманымда бурганак,
Ак пахтадай жерге карай чубалат.
Кар бийине чимириле бийлеген,
Эргүүм бүгүн өз күүсүнө ыргалат.

Кусалыктын үзүм деми ичимден,
Улутунтуп жол каратат эрте-кеч.
Күтүү! Үмүт! Кур өткөртпөй өмүрдү,
Тизгин тартып, табышмактын сырын чеч!

Жылдыздардан жылдызчалар чачырап,
Кубулушу көркkө бөлөйт асманды.
А мен турам көз ирмемди асырап,
Тилек менен тосоюн деп ак таңды.

* * *

Чеңгелинен чыга албай тирликтин,
Көрпенделик ээлеп турса дүйнөмдү.
Каршылыктар шагын ийип үмүттүн,
Салмактантты сары-күрөң күрмөмдү.





Кайдыгерлик байлап аяк-колумду,
Уурдагыны турат далай жылымды.
Сергий туруп, топтогуча оюмду,
Өмүр өтүп толуктоодо кылымды.

Торго салып эркиндикти, эргүүнү,
Мен өзүмдө өчүм бардай бүгүлөм.
Ой туткуну камап салса чыгарбай,
Эртеңкимен, бүгүнкүмөн түңүлөм.

«Арык аттап, суу кечпеген» чечимден,
Чиеленип кош аягым тушалат.
Мококтуктан көп нерседен кечиксем,
А карт тарых күтө турбай уланат.

* * *

Көпөлөктөй тегеренип ааламга,
Алагдымын далдоосунда ойлордун.
«Чырт» үзүлдү үмүт деген заматта,
Тиктеп көзүң окуй албай ойлоруң.

Каршы кеткен карааныңды көрдүм да,
Көлөкөңдөн көлөкөмдү коргодум.
Жүрөгүмө жакшы элести көмдүм да,
Жазып турам карышканын колдорум.

Кечээ эле бороон болуп турдуле,
А бүгүн жаз, көрбөгөндөй кыш суугун.
Көңүл калса унутуу да бат эле,
Ары жагын эми өзүң ойлогун.

* * *

Нугун таппай ойлор бүгүн түйшөлүп,
Ага, буга башын урат капырай.
Кай тарапты карабайын баякыл,
окшош көйгөй, туш-тарапка шашылмай.

Мен да бүгүн шашып турам негедир,
Бир маанилүү ишим калып жаткандай.
Дээлигемин, кыймылдоого дарман жок,
Бирок бир күч тап жылдырбай баскандай.

Эргүүм бышып, толгоо берип төгүлүп,
Балким ырлар төрөлүүгө аз калды.
Жаш бөбөктөй боорго кыссам саптарын,
Жашым мөлт деп... ак баракта так калды.

Мезгил менен тең жарышкан кыялдар,
Кээде алга, кээде артта калышат.
Ичим сыздап, кеткен жашыл жаштыкка,
Ойлор туман, баш аламан чатышат.

Ар бир күндүн барагында тарыхтар,
Жазылат да, кайра барак ачылат.
А өмүрлөр жетегинде мүнөттүн,
Токтоп койбой өр таянып агылат.





* * *

Калгандай байланып карегим,
Кайрыла артыма карадым.
Көрө албай көздөрүм талыды,
Кайыптай дүйнөнүн караанын.

Сапырып саманын санаанын,
Сыйрыдым карттарын жаранын.
Серпилген секелек кезимдин,
Сезимин издөөдө жамалым.

Жаштыктын жароокер жанарын,
Жайнаган гүл ыраң абалын.
Жол тосуп жолугаар бекем деп,
Жадабай үмүттө абалым.

Мээрими тутантса биликти,
Махабат ойготот үмүттү,
Мага да, сага да жеткирбес,
Мезгил бул - күлүктүн күлүгү.

* * *

Токсон эмес чилдени да көргөнбүз,
Чана сүйрөп көк муштумга көнгөнбүз.
Жылгаяк тээп оюн, күлкү-шат менен
Улуу карга балалыкты көмгөнбүз.

Далай жолу үшүгөнбүз, тоңгонбуз,
Сынык чана бирок күлүк жоргобуз.
Тоо жаңырта көк муштумдар чогулсак,
Таң калуучу көкмөк болгон тоңгон муз.

Мээлей жыртып, сынып өтүк такасы,
Тон айрылып дал-дал кетсе жакасы.
Оюнга эч тойбогонду жетелеп,
Колдон тартып издеп тапчу апасы.

Токсон эмес чилдени да көргөнбүз,
Чана сүйрөп көк муштумга көнгөнбүз.
Жылгаяк тээп оюн, күлкү-шат менен
Улуу карга балалыкты көмгөнбүз.

* * *

Күрс-күрс жөтөл көкүрөктөн угулуп,
Күчтү алып дем да чыкпай буулугуп.
Турган кезде тар көрүнүп бүт дүйнө,
Чабалактайм жан талпаска урунуп.

Дене таптын бийиктиги от болуп,
Куру жөтөл өпкө-боорду омкоруп.
Токсонуңдун тогуз каты ичине,
Сасык тумоо калган беле топтолуп?

Лимон чайы, имбир, балын шимирип,
Тер чыгара дене бойго сиңирип.
Силкиндим калемимди издедим,
Калуу үчүн жаңы ыр жазып тирилип.

Ырым дары, айыктырат заматта,
Болсом дагы күтүлбөгөн азапта.
Дарыланып түркүн ырдын даамынан,
Куландан соо айыгамын таң атса.





## ТОКСОНДУН СУУГУ

Кыштын айы, кадимкидей сыртта суук,
От жагамын тонум кийип белди бууп.
Тыз-тыз этип бет чымчыган токсондун,
Мизин кайрып үй ичинен сыртка кууп.

Шакылдаган чайнегим да чыңалып,
Чоргосунан аппак булоо чубалып.
Меш табына колум таптап жылынып,
Чай ичемин өзүмчөлө кубанып.

Сырт караңгы, жолго кыймыл кирелек,
Катуу суукпу? Коңшу ити үрөлек.
Ал байкуш да төрт аягы бүрүшүп,
Токсонуңду сөгүп жатат, туралек.

Токсон, токсон тону жокту тоңдурдуң,
Токсон күндүк азабыңды кондурдуң.
Меш түбүндө чай ичкенче ыр жаздым,
Каарманы болдуң бүгүн жакшы ырдын.

*08.12.2022.*

* * *

Тең тайлашкан тар дүйнөнүн жолунда,
Эргүү менен арыш керүү керемет.
Көңүл көктө ай булутту аралап,
А тай туяк жерде шибер тебелеп.
Булут жутуп эрин ымдап бир ирет,
Артка тарткан ооздугун кемирет.

Тай туягы талкаланып кетсе да,
Күлүк гана чоң казатта ээлигет.

Кум ичинен алмаз чанда кезигет,
Күлүк гана чоң жарышта ээлигет.

* * *

Тагдыр жазса мыйзамына баш ийип,
Таштак жолго кадамымды таштадым.
Кыл чылбырдай чыйралууда, соккуда,
Эзилсем да артты карап качпадым.

Кыял, максат, үмүтүмдүн билигин,
өчүргөндө төкөр болуп аксадым.
Өчөшкөндөй үмүт жанбай түтөсө,
мен өзүмдү аяп, сүйүп баштадым.

«Эрке кыз»- дейт! Эрке кыздын көзүндө,
ызалыкты кимдер кандай түшүнөт?
Каректеги муңаюунун пардасын,
кирпик менен имерилте түшүрөт?

«Аны» дагы, «муну» дагы жакынсып,
көңүл чиркин көпөлөктөй чачылат.
Бирок, бирок! Мелтиреген жүздөрдүн,
заарын көрүп ысык демим басынат.

Уккум келип чын жүрөктөн берилип,
Бар болгону бир «жылуу сөз» күтөмүн.
«Ооз учунан» болсо деле айтылса,
Ошол замат көккө учуп жетемин.





* * *

Чыкса деле жашым менин кыйлага,
Кыял сүрүп эргийм окшоп кыздарга.
Жаздын жыты, байчечекей, кызгалдак,
Чакырууда колун булгап кырларга.

Көз карыгып, күчүм кайтып каруумдан,
Үмүт дагы калып күйүп - жануудан.
Турган кезде жаздын деми, күн табы,
Жаштын жалын отун берди абыдан.

Уктап жаткан эргүү бүгүн ойгонуп,
Өткөн, кеткен түрдүү ойду ойлонуп.
Кучак жая тосуп алдым жаз айын,
Чоң күзгүгө карай чачым оңдонуп.

Эшикте жаз, тоолордо жаз, шаарда жаз,
Сурма көздүү селкилерде сулуу наз.
«Жыйна Куку боюнду да оюңду,
Андан көрө аппак тилек, сүйүү жаз».

Дедим дагы жаз аралап баратам,
Эрке желге эркелеше жанашам.
Аруулуктун назын, анан үзүмүн,
Бүгүн мына жаз күнүмдөн талашам.

* * *

Чалкыган көк деңиз кол булгап чакырат,
Ак өркөч толкуну түрүлө шаштырат.
Түйүлүп ойт берип бой урсам чабактай,
Чимирип ыргыта жагымдуу каткырат.

Сүзөмүн тынбастан карабай оң-солго,
Түйшөлгөн дүйнөмдү бөлүнтүп сан ойго.
Керемет эргүүнүн терметип бешигин,
калганда чалындым балырлуу чыр-торго.

Салмагым оорлоп тартылат төмөнгө,
Эркинди байлатуу эң жаман жөрөлгө.
Кол сунсам жардамга бир да жан көрүнбөйт,
Бир гана күчтүү «ой» сактады чөгөөрдө.

Тушаган балырдын быт-чыты калбады,
Күчтүү эрк боюмду чырмалта кармады.
Толкундун ичинен толкунду жаратып,
Эргүүнүн түрмөгү дүйнөмдү арбады.

Көк деңиз үстүндө каптаган топон-суу
Агызса агылдым жайлуу жер таппадым
Урунуп тоо-ташка калсам да чыйрыгып,
Жанбады эргүүлөр багыттан кайтпадым.

Узак жол, сапарым чын эле узак жол,
Издедим саламда берүүгө алик кол.
Акыркы мүнөттө көздөрүм жалдырап,
Кол сунсам сунууга көрүнбөй бир да кол.





Көк деңиз бетинде эркелеп күчөдүм,
Бал жутуп, уу жутуп токтобой сүзөмүн.
Толкунга бүлөдүм мокогон дилимди,
Томсорбой тоо жарган ыр сабын түзөмүн.

Дарылап жүрөктү жутамын мүрөк суу,
Тоспосун жолумду айлакер менен куу.
Асманда жылдыздар арзуумду угушса,
Канатым күүлөймүн колума кармап туу.

Күн, Айдын нуруна күн сайын чайынам,
Күмүштөй күлкүмдү мен кимден жашырам.
Кылымдын чыйрына кыбырап жол салып,
Кымындай эмгектен бийик тоо ашырам.

* * *

Асман бүгүн ачык анан таза, бийик,
Күн шооласы жүзүмө коомай тийип.
Саамайымдан сыласа эрэркөөдөн,
Акак муздай эридим боюм ийип.

Дары болуп тиш какшаткан нөшөр суусу,
Жаратымды айыктырса көктөм буусу.
Адамдыктын мизинен тайбас үчүн,
Ар-намыстын колумда кызыл туусу.

Дилимди жууп аруулук таңы аткан,
Эргүүлөрүм жүрөктөн түнөк тапкан.
Мен улармын ак таңда ар күн сайын,
Ырлар менен оозанып канат каккан.

* * *

Ишенимдин тайыздыгын ченебей,
Жүргөн экем көңүлү ток кенебей.
Небак эле түшүп жиксиз жарака,
Жүрөгүмдө илдет берди кенедей.

Бул дүйнөнүн тардыгы же кеңдигин,
Сабыр-канаат менен далай өлчөдүм.
Чайып кетсе айлананы топон-суу,
Таппай калдым кайратымдын өлчөмүн.

Көзү түшкөн көз айнектей шыкаалап,
Издеп келем акыйкаттын учугун.
Далай сынып көңүл, үмүт, ишеним,
Жүрөк жазат мезгилдердин учурун.

Медалдын да эки бети керектүү,
А адамдык ар бир жанга белекпи.
Азгырыктар адаштырса ак жолдон,
Аз өмүрдө ошол бизге керекпи?!

Актык, тактык! Бир Кудайга белгилүү,
Күнөөбү дейм жакшы адамга берилүү?
Көралбастык тизгин кагып жакаңдан,
Кармап алса болот артка чегинүү!





* * *

Ааламдын бурчун чоюп уучтагандай,
Ак булут бүт деңизди уурттагандай,
Нөшөрлөп кайгымды жууп төгүп өтсө,
Тазарам таттуу түштө уктагандай.

Нурдуу от көктөн чыгып, көктөн батып,
Дүйнөгө таң эртеңден нурун чачып,
Элжирей төрт мезгилге кучак жайса,
Күн көзүн көрүп туруу кандай бакыт.

Өчпөгөн үмүт басаар жолум ачып,
Өр таяп, шашылуу жок жайлап басып.
Өлчөмү өксүттүрүп койсо дагы,
Өмүргө таазим кылуу кандай бакыт.

Тагдырдын ачуу-таттуу даамын татып,
Жаштыктын бир үзүмүн алып качып.
Толтуруп махабатка жүрөктөрдү,
Тирүүлүк жашоо берсе кандай бакыт.

Өлчөмү өксүттүрүп койсо дагы,
Өмүрдү сүйүп өтүү чексиз бакыт.

## ТАГДЫР МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Тарбиянын түрүн берип түңүлбөй,
Бапестедиң тоонун жыпар гүлүндөй.
А мен болсо гүл ачуудан калгандай,
Дале жүрөм долононун бүрүндөй.

Үйрөтүпсүң көп нерсени билинбей,
Маңдайыма эмне калды чийилбей.
Чиеленген табышмактуу сырыңдын,
Жолун издеп күндө өлүп-тирилмей.

Бакыт бердиң кучагыма ченебей,
Кубанычта сапардагы кемедей.
Чайпалууда түрмөктөлгөн ак толкун,
Чөк түшүрөт эрким алып жемелей.

Кайрап тилим эргүүлөрдүн мизине,
Өткүр болуп кеттиби же билинбей?
Жазалайсың жорук салып башыма,
Жондон кайыш сыйрып уйдун тилиндей.

Куштай таптап кийгизгениң томого,
Тумчуктуруп барат муунтуп билинбей.
Тайтуяктан от чачырап, от чыгып,
Ичтен эргүү кетет такыр ийилбей.

Намыс-ардын кийип аппак көйнөгүн,
Төрт мезгилим сулууландым, көйкөлдүм.
Сыноолоруң бүтпөй жолун жашырып,
Кыйбасыңа көп азабың өткөрдүң.

Тарбияңбы же сынооңбу адатта?
Берип келген мезгилимди улгайтпай!
Үйрөнөйүн, үйрөт сырың баарысын,
Бирок эми желкелебе, сумсайтпа!

Өзүң калчап, өлчөп, чечип чечимиң,
Азаптайсың менден күтүп кечирим.





Эңшерилип кетелекте эргүүдөн,
Үлгүрөйүн жазып дагы эки ырым.

Сынооңду да, кыйнооңду да коё тур!
Гүл ачуудан, бүр ачуудан калганмын!
Менин акым балким бардыр айтууга,
Чындыгы жок бул жашоонун жалганын!

* * *

Асман бүгүн ачык анан таза, бийик,
Күн шооласы жүзүмө коомай тийип.
Саамайымдан сыласа эрэркөөдөн,
Акак муздай эридим боюм ийип.

Дары болуп тиш какшаткан нөшөр суусу,
Жаратымды айыктырса көктөм буусу.
Адамдыктын мизинен тайбас үчүн,
Ар-намыстын колумда кызыл туусу.

Дилимди жууп аруулук таңы аткан,
Эргүүлөрүм жүрөктөн түнөк тапкан.
Мен улармын ак таңда ар күн сайын,
Ырлар менен оозанып канат каккан.

* * *

Жоогазындай жоодураган айчырай,
Жанарынан жыпар жыты чачырай.
Мезгил менен назиктигин жашырып,
Жалбыракка баш каттыбы, капырай?

Жаз жыттанып гүлүн ачып дембе-дем,
Махабатка үмүт канат сермеген.
Кайран жаштык боюн уруп от, суута,
Жеңип өтчү өктөмдүктү чендеген.

Жүрөк булкуп өрттү чалган өзөгүм,
Мертинүүдөн коркпой салган өжөрүн.
Чарк айланган чарык таштай от чыгып,
Учкун салчу жүрөгүнө өзгөнүн.

Кана эми, ошондогу айчырай,
Жыл артына бекиндиби капырай?

* * *

Сүйрөп салып сүлдөрүмдүн сүрөтүн,
Тыңшап жатам кагылышын жүрөктүн.
Сырт караңгы, а мен санап мүнөттү,
Өмүр үчүн ажал менен күрөштүм.

Караңгылык, туңгуюктун эшиги,
Парда тартып көздөрүмдү далдаалайт.
«Селт» - эттирип силкип салып бүт дартты,
Жүрөк сүйлөйт «калчы, өмүр калкалап».

Муздак аба, жымжырттык да баары суз,
Таң аталек, аалам тегиз уйкуда.
Жалгыз чырак турса мени телмиртип,
Өмүр сурайт чымындай жан умсуна.

Бул бир сыноо, билем аны жеңемин,
Жыгылчу да, жеңилчү да мен эмес.





«Жан дүйнөнүн ооруганы астында,
Кара жандын ооруганы кеп эмес».

Чачты тарайм, эч максатсыз оң-солго,
Күндөгүдөй калемим бар оң колдо.
Таңкы тилек кабыл болот деп угам,
Баары жакшы түшөт бир күн оң жолго.

* * *

Салынылбай калган аппак жоолуктай,
Сезим турат эмнегедир оолукпай.
Жаздын ышкы махабаттын чөйчөгүн,
Мас кылууда сүйүү берип толуктай.

Өңү өчүп, күнгө күйгөн көйнөктөй,
Арзуум бүгүн өпкөсү көөп көнөктөй.
Көкүрөккө батпай туйлап булкунат,
Тулку бойду жеригендей, бөлөктөй.

Көз караштын курчу кетип карыгып,
Чолок жашым жаштык демин сагынып.
Каректеги аалам баткан элеске,
Төгүлүүдө башын ийип багынып.

Кандай сонун эстөө дагы сагынуу,
Назик сезим аркасында таарынуу.
Жаңылдыкпы же жаздыкпы бары-бир,
Тагдырыңа болот экен багынуу.

* * *

Кимсиң деп чындап мени билгиң келсе,
Чырагы болом таттуу үй-бүлөнүн.
Окулбай калган китеп барагындай,
Табышмак, терең сырдуу бир дүйнөмүн.

Кимсиң де? Мен ак жаанмын төгүп турган,
Аздектеп, арууулукка көңүл бурган.
Деңиздин бир тамчысын жутуп алып,
Эркелеп керемет ыр сунуп турган.

Жылдызы болом кенен асманымдын,
Нурумун ар бир аткан ак таңымдын.
Сырдашып айлуу түндө барак менен,
Эргүүдөн жаралган бир ак жалынмын.

Тагдырда, эгер башка мүшкүл түшсө,
А балким, жолум бир күн калат бекип.
Жазылбай унутулаар нечен эргүү,
Ырымдын аягына койсом чекит.

* * *

Бир учугун таппай көйгөй, оюмдун,
Көрүп турам ачалыгын жолумдун.
Сыртым күлүп турган менен ичим чок,
Аргасыздык кишениби колумдун?

Басаңдоодо эргүүлөрдүн алышы.
Артка тартып таскагымдын жарышы.





Түрсүл соккон жүрөгүмдүн үнүнө,
Кулак түрүп жайлайт тамыр кагышы.

Тунжуроодо оюм, күлкүм, дабышым,
Кай тарапка билбей эргип агышын.
Талкаланган максаттардын сыныгы,
Күтүп жүрөт үмүт оттун жанышын.

Улам-улам жаңыланып жаратым,
Улар куштай талыдыбы канатым?
Сызып салып бүт көйгөйдү жүрөктөн,
Тапсам экен эргүүлөрдүн жайытын!

Кээде жайлайт жүрөгүмдүн согуусу,
Кайсыл жериң жабыркаса жан ушу!
Оорул жүрөт жан дүйнөмдө тополоң,
Уят менен ар намыстын согушу.

«Ийил» - деди бирөө басып желкемден,
Көңүл калды сөзү орой өктөмдөн.
Менин бактым ырлар менен тамырлаш,
Ыр жазганда төрөлгөнсүйм көктөмдөн.

Чөктүрүшсө чөктүм аргам жогунан,
Жараланып аксымдыктын огунан.
Жандан мурда каның ичип түгөткөн,
Вампирлердин тили тилип жонумдан.

Жолду тилди, каным ичти жаным бар,
Тосулса дагы басаар жолум болуп тар.
Жүрөк таза, намыс бийик сакталуу,
Башты бийик көтөрөмүн басып шар!

Үшкүрүнткөн үнсүздүгүм чыйрыгат,
Ачуу чындык көкүрөктө кыйкырат.
Сен укпасаң, сен кылбасаң калыстык,
Оо жараткан, адилеттик ким кылат.

Муңаюудан араң басам, кадам жай,
Түнөрүүдөн кубатым жок, кетип шай.
Бирок жетем тилегиме, максатка,
Өтсө дагы кылым, жылдар, нечен ай!

Күчтөнөмүн тоо суусундай шар агып,
Көкүрөккө үмүт менен шам жагып.
Учкун болом, учам алыс ыр менен,
Жакшы ыр менен жер шарында даңкталып.

Дүйнө кезем учак жасап ырымдан,
Дастан жазып көргөн-билген сырымдан.
Тоо кызынын шыңгыр булак добушу,
Орун алат ыры менен кылымдан.

## ДАЙЫНСЫЗ КЕТТИ ДЕБЕ КӨРҮНБӨСӨМ

Байкабай калсам эгер саламыңды,
Дайынсыз кетти дебе кабарымды.
Убакыт тардыгынан чарк-айланып,
Билдире албай жүрөм абалымды.

Алышып, тиргиликтин жүгүн тартып,
Таң эртең сабагыма шашып жүрөм.
Автобус же ыңгайы келген кезде,
Ырымды ат үстүндө жазып жүрөм.
Таң көрсөм, таңдан алып керемет сөз,





Нөшөрдүн тамчысындай татып жүрөм.
Түңкүсүн ай жылмайса колун булгап,
Мен дагы терезеден көрүп күлөм.

Ак барак күнү-түнү колдорумда,
Калемим колдон түшпөйт аны билем,
Уйкуга жеңилгенде арга жоктон,
Ырымды бек кучактап уктап жүрөм.

Жалкоолук тап жылдырбай кээ бир күнү,
Күндөрдү тең оодарып уйку басат.
Түшүмдө не бир сонун тапкан ыргак,
Таң менен эсте калбай бары качат.

Дайынсыз кетти дебе көрүнбөсөм,
Жүрөмүн көпчүлүктүн катарында.
Бапестеп көкүрөккө бир данекти,
Жүрөмүн чыдап жыргал, азабына.

Дайынсыз кетти дебе көрүнбөсөм.

## КАЙДЫГЕРДИК ЗАМАНЫ

Куржуну жок дубанага, толуп шаардын көчөсү,
Кадам сайын кайырчылар көбөйгөндөн көбөйдү.
Тыгындарда, жол чыракта, унааларга чуркашып,
кан жолду да мекендешти, кандай болду бул өзү?

Кайыр сурайт улам бири, алты саны аманы,
Берсең алкап терс бурулат, тың көрүнөт абалы.
Күчкө толгон кош билектер адал ишке кол сунбай,
Сурамжылап көчө бойлойт, жалкоолуктун заманы!

Соо аягын таңып алып арабада олтурат,
Ары-бери өткөндөргө «жардамга» деп умсунат.
Дагы бирөө ымыркайды жайкы ысык аптапта,
Курал кылып тыйын топтоп, чөнтөктөрүн толтурат.

Ал көчөнү, бул көчөнү, базарларды, калааны,
Кайырчылар каптап турат, шаардын кетип абалы.
Бүгүн сурайт, эртең сурайт, көйгөй ушул билсеңер,
Өмүр бою кайыр сурап күн өтөбү, жаманы?

Жалкоолуктан талааларда калды чалгы чабылбай,
Жалкоолуктан короосунда төрт түлүгү багылбай.
Тулку бойго кан чуркабай ныксыратып баратат,
Оңой оокат азгырыгы арам терин агызбай.

«Уялуудан калдык» деги бетти сыйрып жол карап,
Кайырчылык кесип болду «кичи-кичи-кичилеп».
Кайырчылык кесип болду «кичи-кичи-кичилеп».
Өз үйүнө, өлкөсүнө күйбөгөн соң катыгүн,
Кимдер жүрөт көчөлөрдө, кайыр сурап темселеп.

Таза шаарда, таза коомдо болбош керек бөлүнүш,
Жалкоолук да, кайдыгерлик жеткен жаман көрүнүш.
Деп ойлоймун, акыл жетет бирок жетпей ал-күчүм,
Жүрөгүмдө кайнап турат ызалык да өкүнүч.

Качан? Кайда кыргыз элим, кимден кайыр сураган?
Жоктон барды жаратышып, чачылганды кураган.
Эр жигиттер эл четинде чептен бекем тик туруп,
Ыйлаганды сооротушуп, ал абалын сураган.

Кайдыгерлик, жалкоолуктун бүтпөй турат аягы,
Кенебестик, кош көңүлдүк айыктырбай жараны





Айланбаса болду өлкө кайырчынын айлына,
Кайсыл жерге барба, көрбө, кайырчынын баяны!

Мындан жаман күндөрдө да кайыр сурап көрбөгөн,
Кыргыз бүгүн төрт көчөдө жүргөндөрүн көп көрөм.

## КУРБУЛАРГА

Жылгалуу тоонун бетинде,
Жайкала бастым кечинде.
Байрагын илип жаштыктын ай,
Көп нерсе түштү эсиме.
Жайдары курбум кайдасың ай,
Бүгүн кел айыл четине.

Кыраңдан чыккан шоолага,
Кызгалдак гүлү өбүлөт.
Кабарың берип кыштагың ай,
Өзгөчө сулуу көрүнөт.
Татына курбум күлкүңө,
Ээлигип көңүл бөлүнөт.

Токтотуп жашоо көйгөйүн,
Кийейин кызыл көйнөгүм.
Курбулар күтүп калбасын ай,
Күттүрбөй эрте жөнөйүн.
Жаштыктын таттуу ирмемин,
Досторум менен бөлөйүн.

Өмүрдүн ширин күндөрүн ай,
Курбулар менен көрөйүн.

* * *

Бел чечем намыс коргоого,
Жол бербей жоого кордоого.
Чычайтып айтып чындыкты
Чубалтам ойлорду ойлоорго.

Чегиндим артка чегиндим,
Өртүнө күйүп демимдин.
Жанымды албай кан ичти,
Калбыры калды теримдин.

Бурулуш жолдон торошуп,
Жаа-жебе менен орошуп.
Жүрөктү мээлеп турушат,
Көзүнүн майын коротуп.

Коргоном эми коргоном,
Качанга айтчы, кор болом.
Убалың эми өзүңө,
Акыркы амал, коргоном

* * *

Билбеймин, сенден мынча көңүл калды,
Көргөндө боюм үркүп чыйрыгамын.
Жылуу көз менен карап турсаң дагы,
Кылыгың эстеп алып жыйрыламын.

Билбеймин, сенден неге көңүл калды,
Жасалма күлгөнүңдү көргөндөнбү?





Эки ача сөздөрүңө курман болуп,
Жан чыкпай тулку боюм өлгөндөнбү?

Билбеймин, эмне мынча кыйналамын,
Көңүлүм калган экен көчкөн журттай.
Канткенде жашайт экем бул жашоодо,
Каргадай какылдаган укпай, укпай!

* * *

Бериле тыңшап, булбулдун сыйкыр үндөрүн,
Өкүнүү эмес, кубануу үчүн жашаймын.
Кумарлуу жыттап күзүмдүн кызыл гүлдөрүн,
Аркага эмес алдыга кадам таштаймын.

Көйкөлгөн көйнөк кийдим да бастым көктөмгө,
Жаңы эле туулган ырымды кысып боорума.
Куюлду сапка эзиле карап өпкөндө,
Эжигей жыттуу балжууран сүтүм оозуна.

Чогултуп ороп ырымдап productтактым бел боодой.
Күттүргөн күздүн сезимин, мээрин, арзуусун,
Сулуулук турса эргүүнү коргоп чоң тоодой,
Ирмелген кирпик карекке катат ачуусун.

Эргиген көңүл сымаптай колго токтобой,
Мөлтүрөп турат наристе жытын тартуулап.
Кечээки күнгө бүгүнкү күнүм окшобойт,
Көңүлдү ачкан ыр жазам эми шаттуураак.

## БИЙИКТИК

Уу жутканда билесиң кимдин кимин,
Таттуу сүйлөп, уу чачкан ача тилин.
Чактырсаң да жыланга бир кайрылбай,
Басып кетүү адамдык бийиктигиң.

Адам сапат, мамилең бийиктигиң,
Унчукпоонун өзү таза, урмат-сыйың.
Алды артыңдан аңдыган пастык менен,
Көралбастык көргөзөт кимдин-кимин.

Жыгылганда билесиң кимдин кимин,
Үстү-үстүнө салганда тепки түрүн.
Жыгылганды тытмалаар чөөнүн иши,
Бет келгендин көрө албас бийиктигин.

Ыйлаганда билесиң кимдин кимин,
Ууга айланып айларың, айсыз түнүң.
Жоо болгуча тарп аңдыган жору менен,
Бүркүт болуп сактаган оң бийиктигиң.

## АЛГАЧКЫ САПАР

Кылчак этип карашат тааныштарым,
Кандай жолго басканым тиктей карап.
А мен болсо эргүүдөн ыр жаратам,
Тунук таза асманым, бүт туш-тарап.

Түрдүү муза угулат кулагыма,
Кулак сала эргүүдөн багыт алам.





Тонна сөздөр ээрчисин көлөкөдөй,
А мен шашпаай толукшуп, ырым жазам.

Ырдын пири жетелеп уйкум алса,
Чиймелеймин баракка колум созуп.
Багытымды чыгышка буруп коюп,
Ырым менен барамын Күндү тосуп.

Душманым жок, касым жок жол тирешкен,
Ошол менин дөөлөтүм, баскан жолум.
Кыйын күндө, оор күндө таштап кетпей,
Кол сунганды бек кармайт жылуу колум.

Кылчак этип карашат тааныгандар,
Кандай жолго басканым тиктей карап.
А мен болсо эргүүдөн ыр жаратам,
Тунук таза асманым, бүт туш-тарап.

* * *

Тирүүлүктүн сересинде,
Аткарылсын ак тилек.
Алты саның аманыңда,
Иштеп турсун кош билек.
Жараткандан бизге белек,
Өмүр кымбат - ким билет?
Ооба, ооба, бул анык сөз,
Өмүр кымбат - ким билет?

Ушак айтып, уруштуруу,
Айыкпаган бир илдет.
Ачуу-таттуу сөзгө чыдап,
Ак жеринен дил күйөт.

Жаман сөзгө жабыркаган,
Көңүл назик - ким билет?
Ооба, ооба, бул анык сөз,
Көңүл назик - ким билет?

Жашыл көктөм жаштык менен
Эки жүрөк бир сүйөт.
Арзып тапкан махабатта,
Түбөлүккө бир жүрөт.
Сезим гүлү оттой жанса,
Сүйүү кымбат - ким билет?
Ооба, ооба, бул анык сөз,
Сүйүү кымбат - ким билет?

Ыңаалаган үнү чыкса,
Кубанасың элжиреп.
Бүт кылыгы, назы менен,
Жүрөгүңдү энчилеп.
Өмүрүңдүн бир учугу,
Бала ширин - ким билет?
Ооба, ооба бул анык сөз
Бала ширин ким билет?

Өйдө болсоң өбөк болгон,
Бир тууганды ким сүйбөйт?
Артта калсаң колдон алып,
Жөлөп-таяп көп сүйөйт.
Ата-энеңдей убайым жеп,
Таттуу сөздү ким сүйлөйт?
Ооба, ооба бул анык сөз,
Ата-энеңдей ким сүйөйт.





Өткөн өмүр жаштык менен,
Өтөт экен бул чындык.
Өр таянып калган кезде,
Өмүрлөшүң эң ысык.
Урушсаң да, талашсаң да,
Кыйбас жарың эң ысык.
Таарынсаң да, сагынсаң да,
Сөз көтөрөт бул кызык.

Өтөт, кетет өмүр бизден,
Өкүнбөйлү туугандар.
Аз өмүрдө капалыкты,
Күлө жеңип, кууган бар.
Жаркылдатып кабак-кашын,
Шайдоот жүргөн тууган бар.
Ооба, ооба арабызда.,
Жакшы сүйлөп турган бар.

Тирүүлүктүн сересинде,
Аткарылсын ак тилек.
Алты саның аманында,
Иштеп турсун кош билек.
Жараткандан бизге белек,
Өмүр кымбат - ким билет?
Ооба, ооба, бул анык сөз,
Өмүр кымбат - ким билет?

* * *

Жалгашпай айтар сөзүм, ыргактарым,
Музанын ыргагынан ыраактадым.
Дүйнөмдүн сырты тынч да, ичи толкун,
Издөөдө эргүүлөрдүн ыраактарын.

Серпилген ак толкундун канаттарын,
Шыбырай айткан илеп-санаттарын.
Шурудай, көз мончоктой тагып алдым,
Жолотпой суук көздүн азаптарын.

Кийгеним аппак гүлдүү көйнөк болчу,
Жарашып кадап койсом шуру, топчу.
Аккуудай ай нуруна жүз өптүрүп,
Толкундун агымына урдум бойду.

Тереңге, тереңге деп бара жатам,
Ээликкен көөдөндөгү демди басам,
Азабы жыргалынан көп болсо да,
Ыр менен дүйнөм тегиз, болбойт капам.

* * *

Муңайдың сезим, муңайдың,
Жарыгын эңсеп Күн, Айдын.
Ызалык буулуп токтобой,
Көз жашын төгөт убайдын.
Жылдызын ууччап өмүрдүн,
Кыраңдан чыгып кылайдың.
Кол булгап жаштык баратат,
Чырпыгын уурдап чырайдын.

Толгондуң сезим, толгондуң,
Капкасын ачып ойлордун.
Кейишин угуп кайгырбай,
Кетишин күчтүн болжодуң.
Кыяктын мукам үнүндөй,
Кайгыны ичтен толгодуң.





Карыгып карек калганда,
Кайрылып артка койбодуң.

* * *

Оо тагдыр, мени кыйнап эмне таптың?
Аялуу сезимиме айып тагып.
Үмүттүн араң күйгөн шам чырагын,
Сынады мөндүр ташың күлдөй чачып.

Оо тагдыр, алдап келдиң алдадың да,
Эң назик талуу оюм билип алып.
Көзүмө жалган мээрим сыйпадың да,
Канжарлап эт жүрөгүм тилип алып.

Топ таштай оюм бузуп тажабадың,
Чыгарып таш-талканын назарымдын.
Эндигин жабыркатып жараладың,
Бүрдөгөн жаңы гана жамалымдын.

Айт эгер өчүң болсо менде деген,
Азабың, тозогуңда аярладым.
Жыгылттың, кайра турдум бар күч менен,
Эми да кандай сыноо даярдадың?

Жалгандар боорума таш батыргандан,
Тунарып көздөн жашым чыкпай калган.
Мончоктой асыл кыял чачылгандан,
Бет алган багытымдан кайтпай калгам.

Тарадым акыл пештеп чачым өрүп,
Ыйладым, соорондум да көз ачылды.

Үн-сөзсүз жүргөн менен дүйнөм ыйлайт,
Алсызга тебелетпе бир башыңды.

* * *

Сапарлашпыз, бир кемеде барабыз,
Ыр деңиздин агымында агабыз.
Шары күчтүү толкунунда кокустан,
Ким бирөөбүз жээкте каалгып калабыз.

Балким кайчы кетет баскан жолубуз,
Кээ талашта каршы келип оюбуз.
Даңгыр жолдо ат салышып демигип,
Күнгө күйөт ыр көтөргөн жонубуз.

Ырлар менен жамакталып тонубуз,
Сыноолордо тирешкендей боюбуз.
Коңгуроосуз эч билинбей калаттыр,
Арабызда ким бирөөбүз, жогубуз.

Кыйгачтатып тагдыр жолду тандады,
Ала салып сыноолордун салмагы.
Аргасыздык кылтак койсо моюнга,
Токтотоорго сенде, менде ал барбы?

Кол булгалап кайра артка кайрылбай,
Түрмөктөлүп турган толкун мен болом.
Чумкуй кирип алоолонуп жалындап,
Ырым менен көк деңизге от коём.





* * *

От болуп көкүрөгүм чок жуткандай,
Алоолоп күйүп турат жалын бүркүп.
Ак жайдын айлуу түнү суу жээгинде,
Салкында ыр жараттым сени күтүп.

Кездешүү! Кандай сонун кездешүүбүз,
Тиктешет көздөрүбүз уяң карап.
Жалынын махабаттын чогуу кечип,
Үн-сөзсүз тура бердик көпту самап.

Коштошуу мезгил сааты жакындоодо,
Кабында сүйлөйт жүрөк, көздөр кыйбай.
А колдор ажырабай чырмалууда,
Ысыгы тартылганда бойго сыйбай.

Кош деген сөздү айтуу кандай кыйын?
Даабайбыз, кыялбайбыз кол сунууга.
Аргасыз сен да кеттиң, мен да кеттим,
Ак жайдын түнү күбө коштошууга.

* * *

Нугун таппай ойлор бүгүн түйшөлүп,
Ага, буга башын урат капырай.
Кай тарапты карабайын баякыл,
окшош көйгөй, туш-тарапка шашылмай.

Мен да бүгүн шашып турам негедир,
Бир маанилүү ишим калып жаткандай.

Дээлигемин, кыймылдоого дарман жок,
Бирок бир күч тап жылдырбай баскандай.

Эргүүм бышып, толгоо берип төгүлүп,
Балким ырлар төрөлүүгө аз калды.
Жаш бөбөктөй боорго кыссам саптарын,
Жашым мөлт деп... ак баракта так калды.

Мезгил менен тең жарышкан кыялдар,
Кээде алга, кээде артта калышат.
Ичим сыздап, кеткен жашыл жаштыкка,
Ойлор туман, баш аламан чатышат.

Ар бир күндүн барагында тарыхтар,
Жазылат да, кайра барак ачылат.
А өмүрлөр жетегинде мүнөттүн,
Токтоп койбой өр таянып агылат.

* * *

Жалындаган сезимдердин табына,
жылынбастан, муздак карап өчүрдүң.
Кумга сиңген суудай үмүт агылып,
кеткен кезде нуру кайтты өңүмдүн.

Жол кароодон карыкканда карегим,
Кайда элең? Ал-жайымды сурабай.
Жылдарымды кур өткөрүп өзүңсүз,
Чырт үзүлгөн үмүтүмдү улабай.

Ысык демим кайтып турат негедир,
Чокко сууну куйган кездей дым тартып.





Кимде күнөө? Таразалап карап көр,
Бирок койбо жүрөгүмө жүк артып..

Ырларымдан оргуп чыкчу махабат,
тунуп турат... арман ырын уккандай
Сезим өлүк, а ойлорум типтирүү,
Махабаттын мүрөк суусун жуткандай.

## КҮЗГҮ ТАҢ

Таңдын жели эркелете жумшак сылайт жүзүмдөн.
Кол чатырда муздак тамчы, мончок болуп тизилген.
Күздүн таңы булут менен жуурулушуп жаткандай,
Көз ачырбай төксө жашын, ойлор чачкын үзүмдөй.

Эргип алдым, сергип калдым, жутуп таза абаны,
Жамгыр менен тазарууда, шаардын сонун абалы.
Мен бактылуу сүйүүгө мас, ак булутка оролом,
Махабаттын күзү болбойт, жайнайт жаштык жамалы.

Тып-тып тамган тамчы дагы коштоп бийлейт жарышып,
Кыялымда тегеренем вальс бий менен алышып.
Күзгү ак таң бүгүн мага бакыт алып келдиңби?
Жолду карайм үмүт үзбөй айдай жүзүм тамылжып.

## КАЙРА БАШТАН ТӨРӨЛҮП

Тээ алыстан бакыт таңы аткандай,
Канат шилтеп талпынамын учууга.
Чексиздиктен эргүүм жолун тапкандай,
Кыялдарым кирсиз бийик учууда.

Жерге деле түшкүм келбей асманда,
Назым булут жамгырындай төгүлөт.
Жаздык кылып жылдыз төшөп жатканда,
Ууртумдан айдын нуру өбүлөт.

Муздан түндү демим менен жылытып,
Ай кучактап, кең ааламга батамын.
От жуткандай алаканды ысытып,
Табы күчтүү ырларымды чачамын.

Жылдыз учса алакан чаап балача,
Кыял-үмүт кошо учат жарышып,
Ырым менен наристедей төрөлүп,
Түйшүк тартам көйгөй менен алышып.

## АСЫЛ ЖАНДАР

Жыгылып баратканда жөлөгөндөр,
Жанымда мээримине бөлөгөндөр.
Келтирди жашагымды кайра баштан,
Жакшы иш, жакшы максат жөрөлгөңөр.

Куланып баратканда таягандар,
Кубарган гүл өңүмдү аягандар.
Кубантып үмүтүмө отту жакты,
Мертинген максатымды улагандар.

Күн алыс акыбалым сурагандар,
Коездукка бүт дүйнөмдү сырдагандар.
Силер бар бүткүл аалам кооз көрүнүп,
Силерге жакшы ырды арнагым бар.





Жаңырса кыр-кырлардан шаттуу үнүм,
Дүйнөнүн кеңдигине болбойт да чен.
Көктөмдө жаралгандай жарык күнүм,
Жакшылар силер үчүн төрөлөм мен.

## КУКУДАН БИР ШИҢГИЛ

Сыртта күз, салкын тартып күндүн деми,
Чачымды бузуп сылайт эрке жели.
Сапырып санааларды чачып өттү,
Дарактын каалгып учкан этек-жеңи.

Жымжырттык ээлегендей бүт дүйнөмдү,
Мүрүмө арта салып бир күрмөмдү.
Бүктөмүн өмүрүмдүн жалбыракка,
Окшотуп тартып өттүм, бир ирмемди.

Күлүп да, ыйлап дагы өткөн өмүр,
Сынып да, уланып да келген көңүл.
Сызылып ич дүйнөнү сыздаткыча,
Барына колду шилтеп кеткен жеңил.

* * *

Ырларым көп жазылган, жаттабаган,
Барактары бириндеп, такталбаган.
Көк алманын даамындай кыйгыл тартып,
Саптарынан сыр чыгат батпай анан.

Өтүп сааттын нечени саналбаган,
Кечээкини унутуп, жан тынбаган.
Жакшы ырды жазууга белди байлап,
Күндө айтам эртеңди тажабаган.

Батып күндүн нечени бaрктaлбaгaн,
Түн түнөрүп, үмүттөр актaлбaгaн.
Кабагыма кар тоңуп күздүн күнү,
Мен өзүмдөн качып жүрдүм, кайда барам?

Көйнөк кийсем, өлчөймүн чактап алам,
Кызыл өңүн өчүрбөй бaрктaп алам.
Кум сапырган бороонго башым ийбей,
Мөмө болом үзүлбөй шакта калган.

Күлкүм өчүп жүзүмдөн, бүтпөй санаам,
Эч айыкпай зыркырап жүрөк жарам.
Жоголгондо эргүүлөр, кызыгуулар,
Чырак кылып үмүттү издеп табам.

* * *

Бүт дүйнөмдү ээлегенсип туңгуюк,
Өзүмчөле кабак ачпай түнөргөм.
Тоскоолдукта өтсө дагы тиргилик,
Ырлар жазып тор желесин түгөтөм.

Мейли кышта, мейли жазда болбосун,
Ак булуттуу кооз сулуу жеримден.
Көктөм жытын көкүлүмө кыстарып,
Коңул толкуп эргүүм батпай эргиген.

Кош таманым топурагын басканда,
Көңүл кушум көтөрүлөт асманга.
Туулган жерим каным, жаным өзүңө,
Кубанамын саат сайын тарканга.





Бактылуулар жолго чыкса сапарга,
Келгин курбум кошул сен да катарга.
Аткан таңды бир тосолу актилек,
айтып күндө, улуу жашоо-сапарда.

Көңүл деген кипкичине нерсе экен,
Жаман сөзгө үшүп-ооруп үлбүрөп.
Мага дагы, сага дагы кол булгайт.
Жылуулугун берип көктө түн чүрөк.

* * *

Калгандай байланып карегим,
Кайрыла артыма карадым.
Көрө албай көздөрүм талыды,
Кайыптай дүйнөнүн караанын.

Сапырып саманын санаанын,
Сыйрыдым карттарын жаранын.
Серпилген секелек кезимдин,
Сезимин издөөдө жамалым.

Жаштыктын жароокер жанарын,
Жайнаган гүл ыраң абалын.
Жол тосуп жолугаар бекем деп,
Жадабай үмүттө абалым.

Мээрими тутантса биликти,
Махабат ойготот үмүттү,
Мага да, сага да жеткирбес,
Мезгил бул - күлүктүн күлүгү.

## ЖАР САЛАМЫН

Тазалык, таза көңүл, таза дүйнө
Булуттай аруу тилек ороп күнгө.
Үзүлүү, улануудан пайда болгон,
Бар болсун жандуу үмүт күндө, күндө.

Бийиктен жылдыз көрүп кубанамын,
Эркелеп булуттарга куланамын,
Үмүттүн бир учугун бери тартып,
Үзүлүп бара жатып, уланамын.

Чындыктын тартсам деле миң азабын,
Чыйрыгып барган сайын чыңаламын.
Тоскоолдук бүт эркимди байласа да,
Тырмышып бийиктикке чыга аламын.

Ааламга ырлар менен жол саламын,
Булуттан ууртап мүрөк суу аламын.
Бактымдын тазалыгын бийиктиктен,
Кыйкырып «Мен мында» деп жар саламын.

## МЕН ДЕЛЕ СЕНЧЕ БАР ЭЛЕМ

Жашымда эрке жагынан,
Мен деле сенче бар элем.
Гүлдөрдүн таза нектары,
Таңдайга салчу бал элем.

Назданып турсам таң эрте,
Апамдын кара көзү элем.





Таамайлап чечим чыгарган,
Атакем сүйлөөр сөз элем.

Кырк катар илген мойнуна,
Апамдын болдум шурусу.
Таштабай дайым тагынган,
Атамдын болдум бел боосу.

Ашынган тентек болсом да,
Текебер эмне билбегем!
Манчыркап кийген көйнөккө,
Алсызды карап күлбөгөм.

Улууну көрсөм уялгам,
Кичүүнү көрсөм кызаргам.
Каяша сүйлөө мындай тур,
Жооп айтпай алыс узагам.

Жашымда эрке жагынан,
Мен деле сенче бар элем.
Гүлдөрдүн таза нектары,
Таңдайга салчу бал элем.

* * *

Миң тилинип жүрөгүң ыйлап, канап
Турса дагы билгизбейсиң, жашырасың,
Ичиңден сызыласың тартып азап.

Кол сынса жең ичине жашырасың,
Көңүлдүн сынган жерин дарылоого,
Мезгилдин далдоосуна жашынасың.

Көнүмүш адат калбайт, унутулбай,
Бутуна жыгач улап келсең дагы,
Баягы кош кыялдан эч кутулбайт.

Тоого чык, деңиз сүзгүн, дүйнө кезгин,
Жан дүйнөң орунун таап тынчалбаса,
Жалгызсың эл ичинде муну сезгин.

Акылдуу болуп насаат айтсаң деле,
Өзүңө бир бөлүгүн колдонбосоң,
Бирөөгө ошол акыл керек беле?

Тажатма, кайталанма кыялыңдан,
Сен эмес башка дагы жүрөк заада,
Азабың ашып түшүп, жыргалыңдан.

Текебер, жерге урган сөзүң менен,
Көргөзгөн сыйың деле баасы төмөн!
Ал үчүн айкөл болгун, көңүл кенен.

Жыла кирип дүйнөсүнүнө бирөөнүн,
Чакчелекей түшүрүүдө жөн кетпей,
Ала кеттиң ат көтөргүс күнөөсүн.

Муздак караш чыйрыктырса денеңди,
Тартып койсо махабатта ченемди,
Үмүт үз да, алыс айда кемеңди.

Сын айтууда, ким бирөөнү күнөөлөп,
Алгач өзүң күзгүгө бир көрүнгүн,
Көп сыр жатат, сен өзүңдү билелек.





Сапарлашың сага окшош март болсо,
Бирге бассаң ак кар, көк муз таш жолдо,
Жолуң болот, андай адам туш болсо.

## РОМЕО, ЖУЛЬЕТТА

Ыйык сахна, той-шарапат башталып,
Бийлеп жатат жаштар жалпы шаңданып.
Дүкүлдөгөн жүрөк үнүн тыңшоодо,
Ромео, Жульеттага танданып.

Бир көрүнүш, сүйүп калуу бир көрүп,
Эки ашыкка отун чачты махабат.
Ай, жылдызга айтып сырын нечен түн,
Жолугушту айдын нурун пааналап.

Ромео Жульеттасыз жашабай,
«Эркем сени сүйөмүн»- дейт чарчабай.
А Жельетта - «сенсиз жашоо болбойт»- деп,
Жүргөн кезде кырсык чалды байма-бай.

Касташкандын уул-кызы сүйүшүп,
Калат деген эмнеси деп күйүшүп.
Жульеттаны башка жанга күйөөгө,
Бермек болду кайгы башка үйүшүп.

Жульеттага жакпай турду буйруктар,
Ашыгына жетпей калуу азап да.
Жан дүйнөсүн сүйүү бийлеп баш ийбей,
Уу жутту да... өлүк болуп жатат да.

Ал болгону эки күндө ойгонмок,
Жашоо үчүн кайра баштан күн кечип.

Бирок аттиң Ромео келди да,
Ашыгым деп жанын кыйды уу ичип.

Ойгонгондо Жулеттанын жанында,
Ромео мемиреген түбөлүк.
Сокпой жүрөк, бирок жүзү нурданып,
Уктап жатат махабатка сүйөнүп.

Жульеттанын ыйы-сөзү угулуп,
Ашыгына карай барат жулунуп.
«Сенсиз тирүү калуу бакыт эмес»- деп,
Ромеонун бычагына урунуп.

Ой, арман ай, эки жүрөк кагышып,
Бир мезгилде токтоду да жарышып.
Махабаттын бийиктигин даңкташты,
Эки ашык чын дүйнөдө табышып.

Сүйүү гана сүйгөн жанды издетет,
Сүйүү гана бакыт гүлүн гүлдөтөт.
Кыянаттык кылган адам жол тосуп,
Ашыктардын жүрөктөрүн кирдетет.

## ЖАМГЫР МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Сен да мендей буулуктуңбу күзгү жаан?
Көзүң ачпай көнөктөйсүң, төгөсүң.
Аралашкан ак-карага жетпей баам,
Көз жаш болуп жерге сиңип чөгөсүң.

Сен да мендей ызалыкка баттыңбы?
Чындык издеп, таппаганда мукурап.





Узун түнгө көз жашыңды каттыңбы?
Турган кезде кара өзгөйлүк нукулап.

Теңсиздикке ардандыңбы, таң калып?
Чындык жолу ичке жана чектелүү.
Нечен төгүл, жууп тазартып бүтпөйсүң,
Каныбызга сиңип калса кантели?

Ээнсиретип, эч ким жокто сыр төгүп,
Сактап жүргөн армаңыңды айттыңбы?
Сызып чыккан жаан аралаш жел менен,
Таңга калбай чексиздикке кайттыңбы?

Сен сырттасың, а мен үйдө буулугуп,
Тып-тып эткен тамчың тыңшап жатамын.
Айталбаган бүт армаңың угулуп,
Эмнегедир бүгүн мен да капамын.

* * *

Муңайдың сезим, муңайдың,
Жарыгын эңсеп Күн, Айдын.
Ызалык буулуп токтобой,
Көз жашын төгөт убайдын.

Жылдызын уучтап өмүрдүн,
Кырандан чыгып кылайдың.
Кол булгап жаштык баратат,
Чырпыгын уурдап чырайдын.

Толгондуң сезим, толгондуң,
Капкасын ачып ойлордун.

Кейишин угуп кайгырбай,
Кетишин күчтүн болжодуң.

Кыяктын мукам үнүндөй,
Кайгыны ичтен толгодуң.
Карыгып карек калганда,
Кайрылып артка койбодуң.

## КЕТКЕН ЭКЕН ЧЕКЕСИНЕН КЕТИЛИП

Жалын жаштык жүрөктө эч карыбайт,
Деми менен жан дүйнөнү аруулап.
Өр таянган өмүргө да карабай,
Сенек болгон сезимдерди дарылап.
Жүрөк сүйсө ошол жаштык учкуну,
Жашай берет үмүт берип жаңылап.

Жаштык кез ээ, кандай сонун жаңырат,
Курч мезгилде көп нерседен жаңылат.
Бакыт экен кээде ошол жаңылуу,
Эми кайдан ошол курак табылмак.
Колдон келсе кайра издеп бармакмын,
Тентектикти кайра баштап жаңылап.

Жигит көрсөк уяңдыктан бекинип,
Тик карабай сөз сүйлөбөй чечилип.
Ыйбаа менен, күнөөлүүдөй жер карап,
«Сөз тийбесин, болбосун деп чекилик».
Кайран жаштык боёлуктун күнүндө,
Кеткен экен чекесинен кетилип.





Калган экен бир көз караш, таттуу кез,
Карегимде өчпөс болуп бекинип.

* * *

Түн баласы тартып түндүн түндүгүн,
Азайтууга тирүүлүктүн түйшүгүн.
Уйку чачып, жымжырттыкта тунжурайт,
Боз тумандан калып мөлтүр шүүдүрүм.
Мен отурам уктабастан түйшөлүп,
Тыңшап коюп махабаттын күкүгүн.

Тумчукканбы? Үнү чыкпай махабат,
Чагылгандын бир учкуну талкалап.
Кеткен өңдүү бирикпестен ойлорум,
Кур үмүткө башын катат калкалап.
Жүлүн «дирт»- деп сызып чыккан үшкүрүк,
Дүйнө кезип аксап-тексеп жол салат.

Кемип турат көңүл бүгүн кетилип,
Сагынычтан самап жазым, жайларым.
Күтүү менен кеткен окшойт жүзүн жаап,
Күлкүм катып жайнап турган жайдарым.
Колдон келсе сурамакмын тагдырдан,
Жашыл белес жаштыгымдын кайтарын.

Күүгүм тартып ыйлап турат ооруп дил,
Өзөгүмө топтолгондой сары зил.
Сүрөттөөгө алы жетпей чайналат,
Сөзүн таппай, күнөөкөрдөй кайран тил.
Сыдырылып сыздап сынып баратам,
Жолобочу оо, санаалар бүгүн бир.

* * *

Аскадан агып түшкөн дайра болуп,
Тоо-ташка жанчып эргүүм агып түштүм.
Жер түбүн тешип чыккан булак болуп,
Туптунук мөлтүрөгөн арзуу күттүм.

Бөлүнүп асмандагы топ жылдыздан,
Туңгуюк жолдо жалгыз баратамын.
Жолоочу жолун улайт токтобостон,
Жолукса жакшы адамдар жанашамын.

Топ таштай жерге түшүп чачыламын,
Чачылган жерде гүлдөп ачыламын.
Кылычын сууруп келген бороондо да,
Жакшы ырды жазуу үчүн ашыгамын.

Кербендин жолун улайм ырым менен,
Көрөңгөм уютулган кенен-кенен.
Көңүлүм көксөгөнүн аткарамын,
Өмүргө койгучакты Кудай чечем.

Бактымды аппак карлуу тоого теңейм,
Сүйүүгө жүрөгүмдү арнап, бөлөйм.
Жараткан колдоп турса ар бир мүнөт,
Экөөнү ырым менен сүйөп, жөлөйм.

Тууганым, жакынымды, досторумду,
Ар убак асмандагы күнгө теңейм.





## ТАҢКЫ САЛАМДАШУУ

Кутман таң асылдардын асылдары,
Дүйнөсү ыр дүйнөгө жакындарым.
Ыр менен таң атырып, күн кечирип,
Сагынып жолун күткөн акындарым.

Саламың кабыл болсун ар бир таңда,
Бакыт куш коно берсин ар бир жанга.
Ыр менен баскан жолуң, кең ааламың,
Бөксөрбөй толуп турсун күлкү, шаңга.

Бакыттын нуру жаасын, төгүлбөсүн,
Кайгырып кабыргалар сөгүлбөсүн.
Кээ күнкү көңүл ооруп калган ишти,
Бүгүнкү ийгиликтер төгүндөсүн.

Кутман таң, шайыр шатман жакшыларым,
Каалаймын бул өмүрдүн жакшыларын.
Ар күнү салам берип, алик алып,
Кубанып тосуп турам бүгүн таңым.

* * *

От болуп көкүрөгүм чок жуткандай,
Алоолоп күйүп турат жалын бүркүп.
Ак жайдын айлуу түнү суу жээгинде,
Салкында ыр жараттым сени күтүп.

Кездешүү! Кандай сонун кездешүүбүз,
Тиктешет көздөрүбүз уяң карап.

Жалынын махабаттын чогуу кечип,
Үн-сөзсүз тура бердик көптү самап.

Коштошуу мезгил сааты жакындоодо,
Кабында сүйлөйт жүрөк, көздөр кыйбай.
А колдор ажырабай чырмалууда,
Ысыгы тартылганда бойго сыйбай.

Кош деген сөздү айтуу кандай кыйын?
Даабайбыз, кыялбайбыз кол сунууга.
Аргасыз сен да кеттиң, мен да кеттим,
Ак жайдын түнү күбө коштошууга.

## АЛГАЧКЫ САПАР

Кылчак этип карашат таныштарым,
Кандай жолго басканым тиктей карап.
А мен болсо эргүүдөн ыр жаратам,
Тунук таза асманым, бүт туш-тарап.

Түрдүү муза угулат кулагыма,
Кулак сала эргүүдөн багыт алам.
Тонна сөздөр ээрчисин көлөкөдөй,
А мен шашпаай толукшуп, ырым жазам.

Ырдын пири жетелеп уйкум алса,
Чиймелеймин баракка колум созуп.
Багытымды чыгышка буруп коюп,
Ырым менен барамын Күндү тосуп.

Душманым жок, касым жок жол тирешкен,
Ошол менин дөөлөтүм, баскан жолум.





Кыйын күндө, оор күндө таштап кетпей,
Кол сунганды бек кармайт жылуу колум.

Кылчак этип карашат тааныгандар,
Кандай жолго басканым тиктей карап.
А мен болсо эргүүдөн ыр жаратам,
Тунук таза асманым, бүт туш-тарап.

## МЕН БАСКАН ЖОЛ

*(Үйүмдөн университетке, экзаменге баратам)*

Мен баскан жол, издер бир күн көрүнбөй,
Өткөн тарых элестерден бөлүнбөй.
Саргайыңкы сүрөттөргө кылымдык,
өмүр берет жашыл жаштык төрүндөй.

Мен баскан жол кээде таза, кээде чаң,
Коштоп турат бүркөк асман, же бир шаң.
Күмүш күлкүм билериктин үнүндөй,
А кыялым үлбүрөгөн назик жан.

* * *

Оо ал кезде кара тору кыз элем,
Бир оюма башка илбей оюндан.
Мезгил деген таразадай так беле,
Сыноо салып так барабар боюма.

А азырчы? Ошол бала кыялым,
Адашууда, туңгуюкта чыңырат.
Көзүм туман, а акылым чачылса,
Баёо үнү кулагыма угулат.

Кызыл гүлдү кулагыма кыстарган,
Кызыл гүлдү түш сыяктуу сезилип.
Күндөр бүгүн түш сыяктуу сезилип.
Короомдогу жалгыз гүлдү жыттадым,
Шүүдүрүмүн кууп, сылай эзилип.

Күндөр өтөт, гүлдүн бүрү күбүлөт,
Жерде барик эртеңкиден түңүлүп.
Тирүүлөрдүн эртеңкиси уланат,
Бүчүр алып, түйүлдүгү түйүлүп.

## МЕЗГИЛ ӨКТӨМ

Басаар жол баткак экен, белчеден батпас бекем?
Белсенип белди бууп ай, жыгылбай бассам экен.
Карайлап бара жатам этек-жең ылай болуп,
Колумда чырагым жок, муңканып эрте-кечтен.
Жыгылып бирде туруп, боюмду түзөгүчө,
Токтобой кол булгалап, кубалайт мезгил өктөм.

Өткүнгө же жамгырга, бет келип шөмтүрөдүм,
Күн тийип нурун чачса, кулпуруп мөлтүрөдүм.
Саргайган жалбырактай өмүрдүн күзүн өтөп,
Сапырган санаа менен, күн санап өксүгөнүм.
Бир ыйлап сооронгуча, оюмду жыйнагыча,
Көзүмдөн өпкөн мезгил түс берди курагыма.

Баратам шашып дале бараар жер алыс экен,
Тоскоолдук капкан коюп тооруду нечен-нечен?
Колумда бүл-бүл үмүт желп эткен желге өчпөй,
Кетилген көңүлүмө из сала жарык берет.





Мезгилдин өктөмүнө, баш ийип кайран «мен» ай,
Түйшүктү чиркеп алып сапарым улап келем.

*08.11.201*

* * *

Күзгү нөшөр дыбыр менен,
Түнөртүүдө жанарын.
Камылгасын көрсүн деген,
Кыштын берип кабарын.

Морулардан түтүн булап,
Боз туманды аралайт.
А короодо ата-бала,
Отундарын араалайт.

Чайнек борк-борк кайнап турат,
Буусу чыгып шакылдап.
Көптөн бери отту көрбөй,
Калган эле жалгыздап.

Күчтүү оттун чайы даамдуу,
Шарактады токтобой.
Ичсең суусу ысык, жандуу,
Бал, шекерин кошкондой.

Терезеден күзгү жамгыр,
Көз ачырбай төгүлөт.
Кыялданып көздү жумсам,
Бала чагым көрүнөт.

* * *

Издегем, сени далай издегенмин,
Изиңди күз жамгыры жууса дагы.
Ичимден жалын бүрккөн кусалыктан,
Өчүүдө көкүрөктүн майрам шаңы.

Эстебөө сени такыр мүмкүн эмес,
Анткени күндөр улам кайталанат.
Таң атып, күн батканда шоола- нуру,
Эсиме салса жүрөк жараланат.

Алаксып башка ойго кетсем деле,
Кайрале ойдун учу сага барат.
Мен түгүл үмүтүм да карлыгачтай,
Жылуу жай издеп алга канат кагат.

Кайрылбас махабаттын бир ирмемин,
Тажабай төрт мезгилден издей берем.
Кээ бир күн кирген суудай албууттансам,
Кээ бир күн ичтен тунам, чумкуйм терең.

Шамалдын добушу да мукам коштоп,
Таң атпай обон созот арман козгоп.
Кайрыгы махабаттын асабасын,
Көтөрүп кайталанат ырым коноздоп.

Көзүмдү бекем жумуп уйкудамын,
А бирок көкүрөгүм онтоп, ойгоо.
Жаңырган кулагыма коңур үндү,
Буюруп боло бекен да бир тыңдоо?





Сен менин жүрөгүмдө жашап турсаң,
А мага мындан артык дары болбос.
«Жолугуу» – жолу бизге чиеленген,
Бизге эми жоготуунун орду толбос.

Жетишет менин гана кыйналганым,
Өзүңдү эзип сен да кыйналбагын.
Эстебе, унут мени, өткөн күндү,
Чогултуп түйүнгө түй, жыйна баарын.

Биз эми жолугабыз ыр сабында,
Вальс бийин бийлегендей тегеренип.
Колуңа конуп алган көгүчкөндөй,
Жепжеңил канат куулөйм, чебеленип.

* * *

Ичикий, үшүп кеттим, үшүп кеттим
Таң эртең сампарлаган аппак карга.
Жүзүмдү тосуп жеңил тегерендим,
Сыйкыры, керемети жагып жанга.

Жүзүмө, көздөрүмө, саамайыма,
Саймасын сайып өттү уйкум ачып.
А, көңүл көккө карай тазарууда,
Түнөргөн булуттарды жирей чачып.

Эрүүдө жашка айланып мөлтүрөгөн,
Колумда майда жылдыз учкундары,
Бир эргүү ак кар менен кошо келип,
Көөдөндү керип-чоюп туткундады.

Ичикий, үшүп кеттим, үшүп кеттим,
Карадым тунарыңкы түбүн көктүн.
Чексиздик ааламынан ак нур жааса,
Кубанып жылаңайлак карды кечтим.
И-чи-ки-ийй, үшүп кеттим, үшүп кеттим.

* * *

Көптөй эле көңүл кемтик, бүтүнмүн,
Бийик чынар, жаңы өскөн бүчүрмүн.
Акыл-эсим толсо бирде ташкындап,
Эссиздиктен бирде жерге түкүрдүм.

Алсыз болдум, кээде шумдук күчтүүмүн
Мококтуктан тажап азыр учтуумун.
Көңүл шайыр, күлкүм чыгып жайдары,
Жашырамын жашоо ызгаар, учкунун.

Пендемин да, мен да көптүн бириндей,
Ыйлап калсам шарт турамын күлүңдөй.
Тирешкенде тагдырыма бет келип,
Өтмөк белем ага башым ийилбей.

Ийилгенмин! Капа болгом! Күйүнгөм!
Азап-тозок, жыргалына сүйүнгөм.
Сыноо салып берген бакыт ачкычын,
Табуу үчүн билегимди түрүнгөм!

Тебеленип-жемеленип тытылган,
Көз көрүнө чындык ыйлап утулган.
«Ак ийилип сынбай» сактап ар убак,
Коргоп жүрөт азап-тозок, учурдан.





* * *

Санаа менен сайма сайып түрдөгөн,
Сумсаюдан көзүм жайнап күлбөгөн.
Саманчынын жолун издеп узун түн,
Саат санап уктабадым түндө мен.

Көзүм көктө, көкүрөктө дүрбөлөң,
Арзуу ырын жазып нечен түрдөгөм.
Ак жылдыздын арман-сырын бөлүшүп,
Түйшүк тартып уктабадым түндө мен.

Көңүл ооруп кокусунан кирдеген,
Ашыктыкты айтуудан да сүрдөгөн.
Үркөр менен үн алыша чарчабай,
Кирпик какпай арзуу жазам күндө мен.

* * *

Жүрөктү барча тилип кайдыгерлик,
Үмүттү жерге таптап баратат эй.
Кол шилтеп ишенимге, эмгегиңе,
Күтүлбөс капалыкты жаратат эй.

Ишеним кымбаттыгын билип туруп,
Бырчалап карападай талкалайт ээ.
Жараттын тагы калат айыкса да,
А бирок, түпкү дарты айыкпас ээ.

Бөз деле күнгө жайса кургайт экен,
Көз деле ачуу сөзгө ыйлайт экен.

Көңүлдүн назик жерин атаганат,
Жаман сөз аяк басып булгайт экен.

Кош кулак жакшы сөздү тыңдайт экен,
Болсун деп эсенчилик, достук бекем.
Кош таман атаганат, жыртылууда,
Ташыркап тик жол менен басып нечен.

* * *

Адамдар жырткыч болуп баратабы?
Ааламга азап-арман жаратабы?
Бирөөнүн ай-чолпондой наристесин,
Жан кыйып, жүрөк тилип канатабы?

Татына бир секелек күлбөй калды,
Жаркылдап тосо албай аткан таңды.
Ачылбай он гүлүнүн бири дагы,
Өмүрдүн таттуу кезин сүрбөй калды.

Жексурдун курмандыгы болуп аттиң,
Арманда, аргасыздан эрте баттың.
Он жашка чыккан эле курагында,
«Сумая» жер жастанып муздап жаттың.

Абалың көрүп ыйлайт бүтүн аалам,
Солк этип жер-суу, асман булут чалган.
Табылып калса экен изи суубай,
Түбүңө жеткен канкор, жексур адам.

Адамдар! Эмне болуп баратабыз!
Наристе жаш кыздарга колду сунуп.





Коргобой кордоп өтүү шермендelik,
Демин бууп, гүлүн үзүп, жанын кыйып!

Чыркырап ыйлаганын укту беле?
Көзүнөн миң салаалап агып жашы.
Көз кыйып кантип, кантип кордоп кетти?
Адамдын эки аяктуу, боору ташы.

Сак-сактап жаш кыздарды кайтаралы,
Мерездин дилин ташка майтаралы!
Энелер! Оо, аталар кел катарга,
Балдарды коргоо күнүн жараталы!

Жашасын кайгысы жок ар бир бала,
Ата-эне жоготуудан тартпай санаа.
Бөпөлөп наристесин чоңойтушсун,
Шаң менен күлкү толуп биздин калаа.

* * *

Колу-бутка салып түйшүк капканын,
Тагдыр мага кантип эшик ачканын.
Билүү үчүн көтөрүнүп баратам,
Кереметтүү ыр дүйнөнүн чачпагын.

Бирде катуу, бирде жайлап басканым,
Саамай ылдый куюлуп тер чачканмын.
Кээде ката, кээде туура жолдордо,
Адашпаска багыт алып шашамын.

Жакшы угуп, жаман угуп адамдан,
Арыбадым багыттаган кадамдан.

Улуусу да, кичүү да катарлаш,
Бет келебиз даңгыр улуу сапардан.

Тың болушуп бөлсө бирөө сөзүмдү,
Экинчиси аңдыйт күндө өзүмдү.
Кечээ эле мурдун тартып «шорр» эткен,
Бүгүн даяр чукуганга көзүмдү.

Мейли жыртсын, тепкилесин эшигим,
Тийгизсе да улуу жолдо кесирин.
Уютулган сары алтындай солк этпей,
Терметемин ыр дүйнөнүн бешигин.

Көтөргөнүм учтуу калем, ак барак,
Баскан жолум узак, анан миң азап.
Сапарлаштын түрдүү түмөн ойлору,
Жаза келсем, барак түтпөйт миң санат.

Шилтеп келем бардыгына колумду,
Улайм сапар, топтоп акыл-оюмду.
Мойнумдагы бир милдетим ыр жазуу,
Каруум арып, жоорутсам да жонумду.

* * *

Чок кечип, отту ууртап жалындаган,
Шар суудай токтобогон, албууттанган.
Өткүндөй шатыратып төгүп өтүп,
Чагылган болуп көктө жаркылдаган.

Көкүлгө гүл кыстарган кызык кезек,
Өкүнтүп билинбестен өттү демек.





Сагынтып, кусаланткан ар бир мүнөт,
Жаштыктан бизге калган кымбат белек.

Жашыл жаз кызыл гүлүн төккөн кезде.
Көктөмдүн жыпар жытын өчкөн кезде.
Каректен ачуу жашым мөлт дей түштү,
Көзүмө майда тырыш түшкөн кезде.

Күмүш күз күүгүм тартып кирген кезде,
Көргөзбөй үмүт жибин үзгөн кезде.
Жүрөгүм тыз дей түштү атаганат,
Күлкүмө томогосун илген кезде.

* * *

Таш чайнаган болоттой курч жаштыгым,
Аппак кардуу тоо таянып качтыбы?
Улар куштай ак таңдарда сайраган,
Коңур үнгө коңгуроосун тактыбы?

Көөдөн керип тепкилеген тилегим,
Күүгүм тартып уясына баттыбы?
Эрким ээлеп ээликтирген махабат,
Эрте эле эшик-төрүн жаптыбы?

Андай эмес, жаңылыштым болжолу,
Кантип эле алдырайын олжону?
Сапар алыс, чачкын ойду жыйнактап,
Жалкоолукту сүрүп салам болгону.

Өр таянып күүгүм кирсин өмүргө,
Көрө берем эртеңкиге камылга.

Тагдырымды кайра оңдоп жазамын,
Кайрылбаймын каталардын баарына.

* * *

Булутту айдап жел келип,
Түндөле жааган кар эрип.
Коштошуп турат күз бүгүн,
Түктөйөт өзүн кыш сезип.

Катмары жердин тоң чалып,
Тоңкулдайт бассаң үн салып.
Бат эле жетчү жериме,
Кыйлада жеттим кыйналып.

Күз менен кыштын ортосу,
Кыз-жигит жолдо жүргөндөй.
Ноябрь эргип ийилсе,
Декабрь кабак түйгөндөй.

Түндөсү кыштын жели урат,
Күндүзү күздүн деми урат.
Күн көзүн жапса боз туман,
Ызгаары бетти чымчылап.

* * *

Өкчөдү топ чүкөдөй сабырымды,
Сыноолор салмактоодо акылымды.
Бир гана жакындарым жандап турду,
Сур булут орогондо жарыгымды.





Алымдан тайышымды күткөндөр бар,
Артымдан сынай карап күлгөндөр бар.
Барына кайыл болуп чындык үчүн,
Жанымда жакшы сүйлөп жүргөндөр бар.

Күн менен кошо чыгып оттой жандым,
Нур болуп ызалыкты жутуп салдым.
Жанымды кыйнап жүргөн көптөн бери,
Сыздооктой бир ооруну жулуп алдым.

Салмагын бакытымдын сезип бүгүн,
Башкача жаңырууда шаңкып үнүм.
Жолотпой жамандыкты жаратканым.
Жанымда жакындарым коргой жүргүн.

* * *

Күркүрөп аккан дайранын,
Ордунда нугу калдыбы?
Жумушка барчу эски жол,
Эсиңе бизди салдыбы?

Жыдыган жылдар соңунда,
Үмүткөр көңүл түңүлгөн.
Жанында эми башка адам,
Жылмая карап тигилген.

Салынган кызыл жоолугум,
Саратан күндө өңү өчтү.
Сагыныч толгон көз нуру,
Сен менен бирге бир кетти.

Кырмызы көйнөк, кемселим,
Кийгенде эске түшөсүң.
Аралап өтөм кыялда,
Жаштыктын жашыл көчөсүн.

Кусага толгон күндөрүм,
Ээ бербей колдон жетелейт.
Закымдайт мезгил, өр таяп,
Келишиң неге кечеңдейт?

Жакаңды оңдоп-түзөгөн,
Жолуңдан тосчу мен эмес.
Көзүңдөн көзүн албаган,
Ал биздин сүйүү, бир элес.

* * *

Таңкы беш, уйку качып, ойлор тороп,
Сыдыра эркелетип саамайымды,
Эрке жел тоонун жыпар жытына ороп,
Көтөрдү таң эртеңден маанайымды.

Ак жылдыз асмандагы бүлбүлдөгөн,
Көз кысат, «турдуңбу?»-деп бийик көктөн.
Көөдөнүм алып учуп көкөлөсөм,
Жүзүмдөн чымчыйт күздүн суугу өктөм.

Жөө туман жетелешип тоо этегин,
Жайлуураак конуш издеп барат тынбай.
Айлана тыптынч баары таңкы уйкуда,
Турамын жүрөк толкуп, карап кыйбай.





Жол жүрөм, тээ алыска көл тарапка,
Көөдөндү ырлар менен байытууга.
Касиеттүү көл жээгинен «жок»- издеймин,
Жаралуу жаратымдан айыгууга.

* * *

Мезгил жетти чек коюуга, абалга,
Кабылбайлы мындан дагы жаманга,
Тең экиге эл бөлүнүп бaратат,
Калың элди салып, түпсүз санаага.

Эки жаатта мазакташып бөлүнүп,
Жети атаңды жерге ура сөгүнүп.
Кайран кыргыз кыл учунда турасың,
Бир-бириңе желмагуздай көрүнүп.

Карабастан абалына, чамага,
Булук салчу көбөйүптүр арага.
Ата-бала бир багытка бет албай,
Башын ийбейт түктөйүшкөн абалда.

Кордук көрүп бара жатат улутуң,
Тебеленип топурагың, олутуң.
Арстан жүрөк айбатыңар каякта?
Бириккиле, үзбөй элдин үмүтүн!

Унуттукпу? Ата салтты, кыргызды,
Өстүрөлү татынакай уул-кызды.
Жалтандырсын жолборс жүрөк сүрүңөр,
Коргогула, сактагыла кыргызды.

## КЫЗДАРГА

Олоң чач, сурма көз ай чырай,
Көкүлгө көз мончок төктүң ай.
Дидарың балкытып нур чачса,
Жүзүңдөн өөп турат көктө ай.

Кош этек көйкөлсө делбиреп,
Көргөн жан чын дилден элжиреп.
Жаз жытын назданууң коштосо,
Жүрөктөр сүйүүдөн эзилет.

Эрке кыз кылыктуу ай чырай,
Негедир барына жактың ай.
Ууртуңа жарашкан уячаң,
Ууртасын төгүлтпөй бактың ай.

Жаштыктын бакчасын гүлдөтүп,
Жамалың жыпардай жайнасын.
Жароокер жакшынам жан дүйнөң,
Бакыттын учугун кармасын.

* * *

Окубадым акындардын мектебин,
Ыр жазууга бел байладым, беттедим.
Дың жер бузуп ыр угутун себүүдө,
Арып-чарчай көтөрөмүн кетменим.

Далай угуп улуулардын акылын,
Бирде катуу, бирде жайлайт басыгым.





Чыпчыргасын жерге койбой илемин,
Мага айткан акыл-насаат чачымын.

Мүчүлүштүк менен далай кемигем,
Жыгылсам да көңүл калбай теминем.
Тик жалама аска-зоого чыккандай,
Жакшы ыр жазсам кубанамын эми мен.

## БҮГҮНКҮ КҮН-МЕНИН КҮНҮМ

Студентмин мына бүгүн,
Эң алгачкы таттуу күнүм.
Жаратканга жетип үнүм,
Жыттап турам жаштык гүлүн

Тээ 18 жаш курагымдай,
Толкунданып турат жүрөк.
Окуу, билим кыялымдан,
Орун алып, тапкан түнөк.

Бүгүнкү күн менин күнүм,
Шаңдуу чыгат, шайыр үнүм.
Студенттик күндөр менен,
Жууп салам көңүл кирин.

Олоң чачым тарайынчы,
Оттой күйүп, жанайынчы.
Жаштыгымда жетпей калган,
Окуу жайга барайынчы.

Көп студент катарында,
Шайыр, шайдоот жүрөйүнчү.

Токтоп калган күлкүм улап,
Илгеркидей күлөйүнчү.

Студенттик доорду эми
Кадимкидей сүрөйүнчү.

* * *

Жамгыр төгөт мен кичине кезимдей,
Ойнойт элем суу болгонум сезилбей.
Мөлтүр булак шыңгыр күлкү жаңырган,
Бар бекенби таза бала сезимдей?

Шамал согот мен секелек кезимдей,
Убакыт да өтүп барат сезилбей.
Эрке кыял дээликтирип көкөлөп,
Далай сырлар ичте туйлайт чечилбей.

Ак кар төгөт мен көргөндөй дагы эле,
Чоң, кичине жылдызчасы бар эле.
Алаканга салып карап суктанам,
Ошол күндөр балалыктын багы эле.

*\эски дептерден*

* * *

Жаштыктын жашыл багы мезгил өтсө,
Саргайып күзгү түшкөн жалбырактай.
Делбиреп эрке желге бириндешип,
Баш ийет табигатка, учуп шашпай.

Буулугуп ызаланам жашым акпай,
Күз күнкү сары боёк мага жакпай.





Кайрылбай кетчү күндү эстегенде,
Ырларым жазылбады, дептер актай.

Турамын айлананы тиктеп гана,
Сөзү жок туталанам кабак ачпай.

* * *

Тагдырда өчүм бардай көктүк менен,
Өзүмдү кыйып салдым азабына.
Гүл ачып бара жаткан сезим гүлүн,
Ачырбай жууп туздуу көз жашыма.

Жашмын да, баалабастан сезим гүлүн,
Бутагын бүрдөгөндө кыйып салдым.
Буулугуп ыйлап турган махабаттын,
Тыңшабай, мукам үнүн тыйып салдым.

Өзүмдөн өчүм алып бүтө албай,
Сезимдин серпилгенин күтө албай.
Түңгүюк тушап турса, арманым күч,
Тушалган тушоомду же үзө албай.

Кайгырдым, санааркадым күндү санай,
Капалык кетпей койду тооруп-жандай.
Көзүмдүн нуру бир күн өчүп кетсе,
Арманда өтсөм керек чаңкоом канбай.

## КҮЗГҮ ЭТЮД

Илеби саратандын аста кайтып,
Эрте-кеч муздак аба чыйрыктырат.
Күзгү таң сары жоргосун камчыланып,
Салкындап бизге күлө жакындашат.

Шуудурайт бул алдымда жалбырактар,
Саргайып жердин бетин бербей ээлеп.
Дарактар эрке желге ык салыша,
Көз жашын жалбыракка кошуп элейт.

Карачы! Күмүш күздүн кереметин,
Талаа, түз бышыкчылык жытка толгон.
Токчулук- молчулуктун берекесин,
«Күз күрөш» эмгегине илип койгон.

Сары тон Ала-Тоону бүтүн каптап,
Турганда кайтып барат жайкы аптап.
Чагылган отун жагып булут көктө,
Кубаттайт, жамгыр менен жонун таптап.

Күмүш күз бирде ысып, бирде муздап,
Сөйкөсү айга-күнгө чагылышып.
Ак кардан салам алып келди бекен?
Сактаган сыры бизге болот кызык.

Узарып коюу түндүн мүнөттөрү,
Таттуу уйку алаксытат колдон тартып.
Кыскарып күн тартиби мурдагыдан,
Убакыт ченейт саатты түйшүк артып.





Келгин куш жылуу жакка кетүү үчүн,
Күз күндү көптөн бери күтүп жүрөт.
Катарлаш учкан чардак-карлыгачтар,
Кошторуп тээ бийикте канат керет.

Дарактар, алма бактар табигаттын,
Мыйзамын четке какпай башын ийет.
Таң эртең бет сылаган салкын аба,
Күз күндүн келгенинен кабар берет.

Сыртта күз, эртели-кеч чыйрыктыра,
«Камылга көргүн кышка»- белги берет.
Аз калды аз күндөрдө аппак тондуу,
Аяз да көп күттүрбөй жетип келет.

## КУТМАН ТАҢ

«Кутман таң» деген катты алган кезде,
Тирүүлүк коңгуроосу эшигимде.
Амандык, жакшылыгын ичке катып,
Терметет таттуу кыял бешигине.

Алыңды сурап койгон жакшылардын,
Бул сөзү көңүлүңдү күндөй ачат.
Күн менен кошо күлүп келген бакыт,
Көңүлгө не керемет нурун чачат.

«Кутман таң». Жакшы жатып жай турдуңбу?
Башталды тирүүлүктүн машакаты.
Уйкудан тургун, ойгон, таттуу кезди,
Өткөрбөй тартып башта арабаңды.

«Кутман таң». Кучагыңды күнгө тоскун.
Карачы! Айлананын кереметин.
Таза аба, таза ойлор, аруу тилек,
Көөдөнгө эргүү болуп себелесин.

«Кутман таң». Жолуң ачык шыдыр болсун,
Сапарда жүрсөң эгер узун жолдо.
Тирүүлүк сапарында жолоочубуз,
Жараткан ар бир жанды таяп, колдо.

## БИЗГЕ ДАЛЕ БАЛАСЫҢАР

Сагынып силерди мен жүрөм дале,
Эскерип кичинекей кезиңерди.
Эркелеп төртөөң бирдей кучагыма,
Батчулең, айтып бүтпөй сөзүңөрдү.
Балдарым,
Сагынып силерди мен жүрөм дале.
Талашып оюнчукту бир-бириңден,
Нур чыгып аппак таза нур жүзүңдөн.
Апалап же аталап эркелесең,
Кубанып айланчу элек күлкүңөрдөн.
Балдарым,
Сагынып күлкүңөрдү дале жүрөм.

Тосчулек кайда кетсең кең жолуңдан,
Үшүсөң бекем кармап ак колуңдан.
Мээрине ата-эненин эрип -эпчип,
Чайпалып турчу эле жер огунан.
Балдарым,
Күтөм дале, кеч жолуңдан.





А азыр, бириң апа, бириң ата,
Түйшүктүү даңгыр жолго түшкөнсүңөр.
Ата-эне болсоңор да, а биз үчүн,
Назиксиң көктө жылдыз, үркөрсүңөр.
Балдарым, бизге дале баласыңар.

* * *

Ыр жазсаң ийлеп-ийлеп таптап жазгын,
Окурман көңүл кушун ырга бурсун.
Сыйкыры ой-санааны бүтүн ээлеп,
Үтүрүң үтүрөйбөй сүйлөп турсун.

Ыр жазсаң ыргагына көңүл бургун,
Музага сөздөр өзү куюлушсун.
Ырыңдын ичиндеги ырлар ырдап,
Чекитиң чериң жазып күлүп турсун.

## НАДИЯ АНЖУМАНГА

*(Надия Анжуман (1980–2005) Ооганстандан чыккан акын кыздардын бири. Ыр кайрыктарында ooганда аял болуу, эркиндик, адилетсиздик, теңсиздик тууралуу чыгыштын казал («газель») формасында жазган. Алгачкы "Айдагы гүл" аттуу китеби чыкккандан кийин коомчулук тарабынан кысымга алынып, күйөөсү сабап өлтүргөн)*

Оогандан чыккан акын кыз,
Тагдырың угуп ичим тыз.
Ырыңдан билдим сырыңды,
Арнадым сага ырымды.
Оогандык акын Надия,

Жазылбай ырың калды да.
«Айдагы гүл» китебиң,
Тарыхтан орун алды да.
Теңсиздик күндө желкелеп,
Канкорлор сени тепселеп.
Өчүрдү гүлдөй курагың,
Канкорго жетсин убалың.
Эркиндик издеп кыйладан,
Аялзат баары ыйлаган.
Теңсиздиктин айынан,
Наристе кыздар кыйналган.
Абакта жаткан кишидей,
Туш тарап салат тыюну.
Тебелеп аял укугун,
Токтотпой жанды кыюну.
Шыбырап рухуң ыр жазат,
Жаныңа болсун миң азат.
Өзгөчө болуп жаралдың,
Тагдырын жаздың аялдын.
Бөтөнчө туулдуң, жаралдың,
Бактысын жаздың аялдын.
Ичиңде кайнап талантың,
Чындыкты жазып ийилдиң.
Ырларың менен таанылып,
Ырларың менен сүйүлдүң.
Армандуу жазган казалың,
Көргөзгөн тагдыр азабын.
Күйүттүү жазган казалың,
Кыздардын көргөн азабын.
Чарчабай жаздың күнү-түн,
Жандырып көптүн үмүтүн.
Кор болгон кыздын көз жашы,





Көк сыя болуп куюлду.
Армандуу аял көз жашы,
Ак сыя болуп куюлду.
Оогандын сырын батырган,
Ак барак болду сырдашың.
Поэзия дүйнөнүн,
Ооганга ачтың эшигин.
Акыйкат издеп ыр менен,
Төгүлдү ырыс кешигиң.
Чындыкты издеп ыр жазып,
Терметтиң ырдын бешигин.
Жаштыктын доорун сүрдүрбөй,
Төгүштү ырыс-кешигиң.
Оогандын кызы Надия,
Чындыкты жаздың жарыя.
Тагдыры кыздын, аялдын,
Дүйнөгө болду жарыя.
Өлтүрдү сени канкорлор,
Каныңды жерге сиңирип.
А бирок барсың, тирүүсүң,
Жашайсың ырда тирилип.
Жаныңды алды канкорлор,
Уу берип билек түрүнүп.
А бирок дайым тирүүсүң,
Ыр менен жайнап, сен күлүп.
Дүйнөгө таркап атагың,
Түбөлүк өчпөс ырларың.
Бейкүнөө канча жан өлдү,
Ичине сактап сырларын.
Адилеттик издөөдөн,
Үмүтүң үзүп, такыр талбадың.
Актыктын туусун көтөрүп,

Ажалың таптың, жанбадың.
Чындыктын туусун көтөрүп,
Чыркырап өчтүң, жанбадың.
Ооганды жазган колуңду,
Майдалашты, чагышты,
Шариятка тууралап,
«Өзү өлдү»- деп жабышты.
Көөдөндөгү эргүүңдү,
Жаздыра койбой өрттөштү.
Дүйнөлүк акын, жаш кызды,
Чындыгы үчүн көптөштү.
А бирок, Надия тирүүсүн,
Төрөлгөн кыздар бул сенсиң.
Ооганда өлгөн кыздардын,
Чыркырап чыккан жаны сен.
Акыйкат үчүн аялдын,
Төгүлүп турган каны сен.
Ак менен кара бет келсе,
Чагылдырган күзгү сен.
Теңсиздик менен күрөшкөн,
Аялзатка үлгү сен.
Жылмайып турган кыз сенсиң,
Кыпкызыл ачкан гүл сенсиң.
Оогандан аткан таң сенсиң,
Таттуу айткан сөз сенсиң.
Ооганда жааган жамгырсың,
Жашаган анда тагдырсың.
Таң эрте созгон үн сенсиң,
Жаркырап тийген күн сенсиң.
Мөлтүрөп кыздар ыйласа,
Көзүндөгү жаш сенсиң.
Тагдырын кыздын баяндап,





Ак баракта ыр сенсиң.
Өчпөгөн улуу тарыхсың,
Кыз-келинге жарыксың.
Ырларың жашайт түбөлүк,
Барагын ээлеп тарыхтын.

## КЫЗ БОЛУП ТУУЛГАН АРМАН АЙ

*(Ооган кызынын арманы)*

Олоң чач күндө өрүлбөй,
Ичтеги арман төгүлбөй.
Он жаштан эми өткөндө,
Тебелеп салды тагдырым,
Эртеңки күнүм көрүнбөй.

Кырмызы көйнөк кийилбей,
Кырк саамай чачым өрүлбөй.
Секелек эле куракта,
Талкалап салды тагдырым,
Бал ширин ооздон сезилбей.

Аландап корккон көздөрүм,
Жаш катып турат киртейип.
Талибан тартса колумдан,
Жүрөгүм түшүп үрпөйүп.
Дегиле кызда эмне айып?

Кыз болуп туулуш бул кордук,
Башыңа түшөр миң зордук.
Эркинди байлап, кул кылат,
Кордукту мына биз көрдүк,
Балалык күнү биз көмдүк.

Чыкканын күндүн байкабай,
Оюндан кумар таркабай.
Ойногон куурчак жок болду,
Жулунуп колу, чарчап ай.
Кыз болуп туулуу арман ай.

Батканын күндүн байкабай,
Балалык күндү таштамай,
Оогандык кызга буйруптур,
Он жашта эрге аттанмай,
Кыз болуп туулуу арман ай.

Ай сулуу, көктө суйкайып,
Сулуулук арнап жылмаят.
Ооганда туулуу кыз болуп,
Көз жашын төгүп муңканат,
Армандан жазып ыр санат.

Эрке жел чачым сылабай,
Тоо гүлүн сүйүп жыттабай.
Балакатка жетти деп,
Тепседи гүлүм, уурдап ай,
Кыз болуп туулуу азап ай.

Шар аккан сууну кечалбай,
Тагдырым өзүм чечалбай.
Бактымды байлап шорлотсо,
Жанымдан турам кечалбай,
Кыз болуп туулуу арман ай.

Көзүмдөн жашым куюлат,
Тамагым күндө буулугат,





Кичинекей жүрөктүн,
Чыңырган үнү угулат.
Кыз болуп туулуу миң азап.

Эркиндик эмне? Билалбай,
Ээн эркин күлалбай.
Кор болду кайран көп кыздар,
Балалык доорун сүралбай.
Кыздарда деги эмне айып?

Дүй-дүйнө бизге түрмөбү?
Кол-бутка кишен салгандай.
Кыз болуп туулуп заматта,
Тозокко түшүп калгандай,
Эмнеге бизде азап ай.?

Чыккан күн көзүн көрүүгө,
Бар беле биздин акыбыз?
Көз ачкан жаңы күчүктөй,
Арманда кеттик канчабыз?
Кулчалык беле бактыбыз?

«Эненин таман астында,
бейиши «- деле курусун.
Эненин гүлүн соолуткан,
Сыздаткан иттей улусун.
Жүрөгү канап, жулунсун.

Энени сыйлаар эр болот,
Ошондо бакыт, кут конот.
Эненин кызы чыркырап,
Турганда «бейиш» не болот,
Кыз кордогон кул болот.

Жашагым келген жашагым,
Балалык күндү өткөрүп.
Сындырып гүлүм, соолутту,
Бутактарым кыркылып,
Жүрөгүм өлүк, сыйрылып.

Чоңойгум келген чоңойгум,
Балалык доорду өткөрүп.
Балапан жүнүм жулунду,
Бактымды бууду, бөктөрүп,
Эмнеге калдым, төрөлүп?

Ырдагым келген ырдагым,
Өмүрдү даңктап, сыр кылып.
Добушум чыкпайт күкүктөй,
Канатым калган кыркылып,
Секелек кезде чырпылып.

Ойногум келген, ойногум,
Колумда турган куурчагым.
Көзүмдөн аккан шоро, жаш,
Таттым го кордук ууртамын,
Өсалбай бийик куурадым.

Ай нуру мага чачырап,
Мен турам карап алсырап.
Денимде жаным бар-жокпу,
Жүрөгүм ыйлайт кансырап.
Баратам күндө жалдырап.





Таң атат, кайра күн батат,
Ар күнү арман жаратат,
Сыр каткан Ооган тоолору,
Томсоруп эле баратат,
Томпойгон өлүк жаратат.

Кеч кирип, кээде ай чыкпай,
Көңүлгө арман жаратат.
Таң атуу азап, оо кудай,
Бозоргон Ооган тоосуна,
Кыз ыйы батпай баратат.

Кандай күч бизди калкалайт,
Кандай күч эми талкалайт.
Кыз болуп туулуп ит жашоо,
Секелек кезде жакалайт,
Кандай күч бизди калкалайт.

Кыз болуп туулуу арманы,
Күн сайын толуп, ашынат.
Балалык күндүн бактысын,
Көрүүгө кыздар ашыгат,
Кай жерге эми жашынат.

Кыялы кыздын үзүлүп,
Үмүтү жерге күбүлүп,
Жулунуп сабак гүлдөрү,
Армандуу үнү узулуп,
Ооган Тоо жатат кубулуп.

## ЧЕК АРАҢ БЕКЕМБИ БУРАДАР?

Корооңо кол-бутун ойнотуп,
Уйкуңду миң бузуп, ойготуп.
Туш-туштан коркунуч кулактар,
Колтукка мынтыгын жойлотуп.
Коңшуңдун тынчтыгы бей кумөн,
Чек араң бекемби бурадар?

Көчөңдө коопсуздук күч алып,
Туш-туштан баш багып көп жандар.
Корооңдо жүрүүгө кусадар,
Балдардын уйкусун коргоого,
Мен дешип чеп болуп тургандар,
Чек араң бекемби, бурадар?

Энелер уктабай ойлонот,
Аталар жол карап толгонот.
Бешикте баланын эртеңи,
Канткенде тынч болот, оңдолот.
Тынч турган элиңди коргоого,
Чек араң тостуңбу бурадар?

Кошунаң күнүгө чырылдап,
Мынтыктын добушу угулат.
Кан жутуп калуудан корккон эл,
Уктабай турушат зырылдап.
Учпасын октору биз жакка,
Чек араң бекемби бурадар?





Кабарды байма-бай окушуп,
Шаарынан эл качып, куну учуп.
Авгандын элиндей болуудан,
Дүкүлдөп жүрөктөр коркушуп.
Турушат баарысы үрпөйүп,
Чек араң бекемби бурадар?

Чочулап турушат куттуу эл,
Чек араң бекемби бурадар?

* * *

Көчө бала болуп өсүп өспүрүм,
Ата-энеси белгисиз да дайны жок!
Бөбөгүндө балдар үйдө ташталып,
Ызалыктан ичи жалын, сырты чок.

Кең көчөдө көрүп калса кокустан,
Келишимдүү жигитти же айымды.
Ушул балким менин ата-энемби?
деген үмүт дүрт эттирди сезимди.

Бойго жетти жаш теректей буралып,
Ойу менен бою бийик жетилип.
Ар бир мүнөт чыйрыгуудан бир үмүт,
Карападай сынып турду кетилип.

Күндөрдүн бир күндөрүндө сабакта,
Чоң тапшырма, сөз талашып достору,
«Эң сулуу сөз» - кайсыл деген суроого,
Түйшөлүштү жооп издеп көптөрү.

Бирөө айтты «жаным» деген сулуу сөз,
Бирөө айтты сүйүү арнаган жылуу көз.
А бирөөсү башты ийип урматтоо,
Сылык дагы, урматка бай сыпаа сөз.

Көздөр сүйлөп, бала боюн түздөдү,
Мугалими колдон тартып кел деди!
Класс тыптынч, кулак түрөт баарысы,
А өспүрүм сөздүн ээсин издеди.

«Бардык эле сөздөр сулуу чынында,
Ушул сөздү айтпай калуу кыйын да.
Мен бой жеттим айта албагам бир жолу,
«Апа» деген сөздүн өзү сулуу да.

А эмнеге айтпадың деп сураба,
Туулгандан апакем ким билбедим.
«Апа» деген сөздү айтуу буюрбай,
Бул тагдырды далай жолу тилдедим.

«Апа» деген сөздүн өзүн билемин,
«Апа» деген сөздүн өзүн сүйөмүн.
Көздөрүмө көрүнбөгөн апага,
Айтаар сөз көп, барбы биздин күнөөбүз?»

Класс тыптынч, жаш куюлуп көздөрдөн,
Ак-караны тагдыр ылгап көздөгөн.
«Апа» деген асыл сөзгө байланган,
Эне-бала бөлүнбөсүн өзгөдөн.

Улутунган бала чыгып класстан,
Жутуп алды тамак бууган капасын.





Жер кезүүгө даяр эле бир өмүр,
Бүт ааламдан издеп алтын апасын.

## НООРУЗ МАЙРАМЫҢЫЗДАР МЕНЕН КУТТУКТАЙМЫН

Кандай сонун улуу күнү улустун,
Чыккан күн да көркүн ачып булуттун.
Жердин бети жыбыган көк майса,
Ала-Тоодо кызыл туусу улуттун.

Нооруз келди ырыскысы жайнаган,
Казан толо эт, сүмөлөк кайнаган.
Айылымдын кучагында чоң майрам,
Кубангандан булбулу да сайраган.

Нооруз менен ырыс-дөөлөт, кут келсин,
Адам пейли жакшылыкка төп келсин.
Куттуу жерим күлкүсүнө баланын,
Жазып черин ынтымакты бүт берсин.

Ар бир үйдүн бузулбасын эшиги,
Төгүлбөсүн аталардын кешиги.
Ак элечек апалардын колунда,
Теремелсе экен наристенин бешиги.

Ак баталуу чоң аталар бар болсун,
Ак өргөөлүү жаш бүлөгө кут консун.
Кыйгач байлап ак жоолугун келиндер,
Ыйбаа менен улууларга чай сунсун.

Нооруз келди айран, сүтү мол келди,
Элге бүгүн үмүт, максат бүт берди.
Тынчтык орноп ынтымакта дос-тууган,
Кечиширип бир-бирине кол берди.

Нооруз майрам куттуу болсун барыңа,
Кызыл желек желбиресин шаарыма.
Улуулуктун урматына Улуста,
Кабыл болсун тилек-максат барында.

## АЛАЙ ЖӨНҮНДӨ

Жашабасам деле Алай тоосунда,
Үнүн угам жел аргыдан керемет.
Чектеш турат Кара-Кулжа тоосуна,
Ак жамгыры бирдей төгүп себелеп.

Тоо койнунда, колтугунда өскөн шер.
Чоң -Алайы кооз арча, жашыл төр.
Дүйнө жүзүн дүңгүрөтүп тарыхка,
Даткалардын дайнын айтып келген жер.

Атың Алай даңкың кеткен далайга,
Арзуу кылат уккан жандар бараганга.
Курманжандын, Алымбектин элеси,
Мээрим менен нурун чачкан Алайга.

Нура айыл, Жоош уруусу ичинен,
Эл таламын талашкандын айынан.
Досбол уулу Молдо Ныяз, беш уулу,
Чек арада жолборсторчо атылган.





Турдугулдан туулган ырчы Ботобек,
Көкүрөктөн эки добуш чачалган.
Ырчылыгы ашып Алай, далайдан,
Чоң ырчыдан, Нурмолдодон бата алган.

Кердегейдин кереметин таштабай,
Кубат агай «улак»[1] чабат чарчабай.
«Күн сүрөтүн дале тартып бүтө элек»,
Эргүү менен Алай тоосун аркалай.

Тоолуу айыл керемет сыр камтыган,
Сырдуу сыйкыр күчү тоого катылган.
Ат үстүнө курал кармап шерлердин,
Эркиндиги өмүрүнө татыган.

Ак-Босого, Сопу-Коргон, Гүлчөнү,
Билбеген жан болбогондур чынында.
Окумуштуу, илимпоздор, акындар,
Тоолук элдин сыймыктары - ушул да.

Бар бол Алай, сыймыктанам сен менен,
Кичи мекен, жылуу уя сен деген.
Койнуң кенен ынтымактык, ырыскы,
Чачып күндө күч бересиң дембе-дем.

1 «Улак»* - Жазуучу Кубатбек Жусубалиевдин «Улакчы» чыгармасы. «Күн сүрөтүн дале тартып бүтөлек»* - Кубатбек Жусубалиевдин «Күн портретин дале тартып бүтө элек» чыгармасы.

## ТАҢКЫ ТӨГҮЛҮҮ

Алып калем колума,
Ыр жазууга олтурам.
Кемтигимди дарылап,
Ырым менен толтурам.

Ак баракка тигилип,
Сан оюмду бөлөмүн.
Булгап жазып алууда,
Келечегим көрөмүн.

Тагдырымды жазгандан,
Коркуп турам, абайлап.
Жакшы жакка ой бөлүп,
Өз-өзүмдү даярдап.

Калем деген калем да,
Сыя толсо төгүлөт.
Көкүрөктө эргүүлөр,
Көөдөнүмдөн бөлүнөт.

Чымыраган колдорум,
Чыйыр салат алдыга.
Чийип ката оңдоймун,
Алкыш айтып жакшыга.

Мүдүрүлөм, жыгылам,
Тик бет, таштак жолдордо.
Жылаңайлак жылгада,
Нелер келбейт ойлорго.





Ирең-бараң күүгүмдө,
Күн нуруна зар болом.
Түн баласын кайтарып,
Түндө төккөн ыр болом.

Жылдыз чыкса суктанып,
Жаш балача кубанам.
Оюм кылт деп бөлүнсө,
Үзүлөм да уланам.

Жакшы сөздү жакшынын,
Карашынан байкаймын.
Мээриминен бир үзүм,
Алып көңүл чайкадым.

Какшык, текээр сөздөргө,
Назарымды бөлбөдүм.
Тирүүлүктө мындайдын,
Бир далайын көргөнмүн.

Табалаган үн уксам,
Коюп койдум Кудайга.
Ниетим түз да, дилим ак,
Жакшы күндөр маңдайда!

Келет жакшы күндөрүм,
Күндөрдүн бир күнүндө.
Кимдин кандай экени,
Айткан сөзү, тилинде.

Ат арыгы күлүктүр,
Аргымактан кем эмес.

Окуранып жер чапчыйр,
Кашаң жорго тең эмес.

Түлкү жойлоп колотто,
Саякатка чыгаттыр.
Куулугунун азабы,
Өзүн бир күн ураттыр.

Ээ-жаа бербей чиймелеп,
Калем жазды октобой.
Көөдөнүмдө бир бугум,
Агылууда токтобой.

Алып калем колума,
Ыр жазууга олтурам.
Кемтигимди дарылап,
Ырым менен толтурам.

* * *

«Тагдыр»- деген көөдөндөгү өктөм үн,
Тартуу кылса күмүш күзүн, көктөмүн.
Татып таттуу, өтөп күндүн өткөөлүн,
Утулганда калаарым чын өксөөрүм.

«Намыс» деген жесе дагы ич-этим,
Бар сыңары бул тагдырда миң өчүм.
Басып кетүү колдон келбей тушалып,
Сүйрөп жүрөм моюндаган кишенин.

Үнсүз гана жаап-жашырып кеселин,
Көкүрөктөн түнөк алган ишеним.
Калган кезде бир чындыктан түңүлүп,





Кир күрмөнү артка таштап күбүнүп.
Жыгылуудан, кайра жеңди түрүнүп,
Ийгиликте көккө учуп сүйүнүп.
Кабагымды жаап турган кайгыны,
Жууп салам калган кезде сүйүлүп.

## САРЫЛКАН АПИЕВА ЭЖЕКЕГЕ

Илимдерден илим издеп тынбаган,
Ийгилигин эмгек менен сырдаган.
Илбериңки Сарыл эжем кесибин,
Жандай сүйүп жүрөк үнүн тыңдаган.

Психолог жолун сүйүп тандаган,
Сабагында эргип гүлдөй жайнаган.
Адамдардын кулк мүнөзүн жат билип,
Жылмаюусу кайгы капа айдаган.

Педагогсуз студентти түшүнгөн,
Түгөнбөгөн үмүт берип үзүмдөн.
Сизден сабак алган күндөн башкача,
Эргип күндө күч аламын күчүңдөн.

Ой ичинен ойду издеп чубаган,
Үзүлгөндү сиздин ойлор улаган.
Бактылуулук формуласын үйрөнүп,
Жаш баладай алакан чаап кубанам.

Куттуу болсун 70 жаш юбилей,
Көп жашаңыз жайнап турган ак гүлдөй.
Бар билгенди үйрөтсөңүз балдарга,
Кантип турам анан сизди мен сүйбөй.

Көңүл куунак, узак өмүр сүрүңүз,
Дем-күч берип элге жайнап күлүңүз.
Дөөлөт-бакыт жылооңузда жандашып,
Шайыр-шатман, сак-саламат жүрүңүз.

## АЙТМАТОВ КЫРГЫЗ ЖЫЛДЫЗЫ

Айтматовдун дүйнөсүнө көз салсаң,
«Тоолор кулап» жан дүйнөсү сабалап.
«Кыяматта» «Бетме-бетте» кезигип,
«Кылым карыр жолун бир күн таба алат».

«Саманчынын жолун» болжоп айлуу түн,
«Кызыл алма» колго алган махабат.
«Кызыл жоолук жалжалымдын» «Сүрөтүн»,
«Гезит саткан Дзюйо» гана тарта алат.

«Ак кемеде» Нургазыдай жаш бала,
«Жамилада» сүйүү болот таптаза.
«Эрте келген турналарда» түбөлүк,
Султанмурат Мырзагүлдөй даңкталат.

Алтынайга «А»тамганы биринчи,
Мугалими Дүйшөн агай үйрөткөн.
Эмчегинен аппак сүтүн куюлтуп,
«Ак барага» тил бүтүрүп сүйлөткөн.

«Бугу эне» бешик илсе мүйүзгө,
Атак берди «Гүлсараттай» күлүккө.
«Жер энеге» сырын төгүп Толгонай,
Жетсе экен дейт элим жакшы тилекке.





«Фудзиямда кадыр түндө» от жакса
«Ала дөбөт» деңиз бойлоп жүгүрөт.
А Жамиля Даниярды жетелеп,
Махабатка таазим кыла жүгүнөт.

Талант бийик, чексиздикке таралган,
Мындай адам чанда гана жаралган,
Алтын тамга менен калды жазылып,
Айтматов деп орун алып ааламдан.

Талантына таазим кылып өтүшөт,
Кылымдарга баалап, сыйлап ар адам.

## ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВДИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Түркүн ырды чарчабастан жаратып,
Жүрөгүнөн арзуу нурун таратып,
Поэзия ааламына жол салды,
Турар агам, ай жылдызга жанашып..

«Көлчүктөгү ай» китеби төл башы,
Болсо дагы акындардын эң жашы.
Көөдөнүнө батыра албай сүйүүсүн,
«Биз турган жер бийик тоо»- деп ыр жазды.

«Кызыл алма» ыр жыйнагын окусаң,
Махабатка балкып учуп толкусаң.
«Тоо үстүндөгү күн» китеби нур чачат..
«Таңкы жылдыз» ыр жыйнака кол сунсаң..

«Ай тийген тоо» нурун чачып жүрөкө,
«Ыр булактан» ырлар агып куралган.

Балдар үчүн «Базарлык» деп ыр жазса.
«Боорукер жаан» нөшөр болуп буралган..

«От өчпөгөн коломтодо» кайнаган,
«Кыл чокулар» булбул болуп сайраган.
Турар агам жазган ар бир ырында,
«Мен тоолордун уулумун» деп жайнаган,

«Ак булуттай энекем» деп толгонсо,
«Желбиречү ырдын аппак парусу».
«Бүтпөс тема», «Жамгыр жыты», «Карылык»,
Бар үмүттү алга сүрөйт жаңырып..

Балдар үчүн жазып нечен ырларды,
«Кетик тиште» айткан жашоо жыргалды.
«Биздин күчүк кумалак» деп кубантса
«Гүл деңизи» гүлдөп турду сырларды..

Поэзия ааламында ыр сунуп,
Чексиздикти ырлар менен жараткан.
Турар агам урпактарга көөнөргүс,
Алтын тамга белектерин тараткан..

Ар бир ыры алп акындын эмгеги,
Кылымдардан кылымдарга сакталат.
Урпактарга сабак болуп ар бир сап,
Ирет менен сөз башаты башталат.

Акын тирүү жашайт ырдын сабында,
Акын тирүү урпактардын жадында.
Тээ бийиктен күлүмсүрөп кол булгап,
Ыр дүйнөдөн салам айтат баарына..





Акын тирүү ыры менен оролгон,
Ырлары да сүйүү менен торолгон.
Бешиктеги бала дагы ыйлабай,
Ырын угуп, жайдар күлүп соорongон..

## ГҮЛАЙЫМ МУКАРАМОВАДАН

*(Акын кызыбыз Кундузбү Алимбековнага арналат)*

Жүгөндөп алып эргүүнүн күчтүү толкунун,
Арзууга ташып деңиздей болсун толкунуң.
Ичтеги сырың төгүлсөң айтып бүтпөгөн,
Кыргыздан чыккан ак таңдай акын болгунуң.

Ыр менен жазып баат жеткис өмүр китебин,
Теңирим колдоп ишке ашсын ой-тилегиң.
Жарк этип жанган чолпондой болуп көктөгү,
Күйүмдүү болуп элиңе тийсин керегиң.

Көөдөндү жарып ыр болсун уюп жатпаган,
Көзүнө сайып чындыкты талба айтуудан.
Кыргыз деп согуп,арзуулар жанып жүрөктөн,
Кызы бол элдин намысын бийик сактаган.

* * *

Шашылышмын, иле калып чокоюм,
бара жатам кечикпөөгө сабакка.
Манжаларым өйкөп жанды кыйнады,
жаңы сатып алган элем катыгүн,
эми кантип жетээр экем үйүмө.
Бут кийимдин тары жанды көргөзүп,
аксаңдатты, басыгымды басайтып.
Тардыгынан жан ачышып, кеп-сөз жок,
тар болгонсуйт бүткүл аалам, дүнүйө,
Эми канттим, жетсем экен батыраак,
эки жакты карадым да элеңдеп,
баса кийип арткы апкытын арга жок,
илкий басып бара жатам үйүмө.

## ОКШОШТУГУН КАРАЧЫ

Аялдама, унаа күткөн чоң ата,
Маңдайында жаштар турат жанашып.
Кайран жынсы, тамтыгы жок самсаалайт,
Тизе жыртык, туш-тарабы жамаачы.
Чоң атанын таң калуусу өзгөчө,
«Бир мезгилде жамаганга жамак жок,
тери жаргак, тизелери сүрүлгөн,
мен бул шымды кийген элем илгери,
оо капырай, окшоштугун карачы».





## ТОЙГО БАРДЫК

Тойго бардык, чач жасатып башкача,
көйнөк тандап, улам бирди ыргытып.
Колтукташып, жалган күлө баш ийип,
Бактылуудай көрүнөбүз башкага.
Жаштар келди, жетелеше кубанып,
каалоо, тилек, улам бирден айтылып,
тамаданын түшүнүксүз көп сөзү,
арагы жок турат баарын мас кылып.
Коңшу үстөлдө шишке отурган немедей,
эже тойдон чарчап араң отурат.
Саатын карап, шыбыраша көпчүлүк,
андан сайын убакытты өткөрөт,
көп сүйлөгөн тамада да кенебей!
Ичкен ичти, ичпегени зымпыят,
көз жылдырып сынап тойго келгенди,
Жакшы жагын көрсө дагы көрмөксөн,
жаман жагын издегенсип чыртыят!
Оо!
Микрафон жаңырганда зал күлөт,
А кээ бири не айтарын ойлобой,
эки жагын карап, сүрдөп кеттиби?
кандай тойго келгенин да унутуп,
жайлоодогу бала кезин жомоктойт.
Шалактатып эки экиден бийлетип,
кыжырына тийип карап тургандын,
а тамада, обу жоктун ойнундай,
ойду-тоону айтып улам чоёктойт.
Биз ошентип,
тойго бардык жасанып,
көпчүлүккө бактылуудай көрүнүп.

Биз эле эмес бүгүн баары ошондой,
карасаңар,
жеңелерди!
кетип чачтын гелдери,
көк пакетке түшүп, конфет эттери,
моймоюшат шек алдырбай башкага,
албыргандан кызарышып беттери,
эй жүз грамм, ичте гана туйласа,
зал жаңыртат шаңкылдашып күлүшүп!
А байкелерчи?
Тойдон кийин галстуктар кыйшайган,
муруттары титиреөдөн бириндеп,
төбө чачы бирин-серин үрпөйгөн,
акыркы тост ичээринде жеңенин,
тыйып койгон кылыгына түктөйүп,
чыр кылчудай чекеленип бөлүнүп,
жеңе менен чагылышса көздөрү,
муштум түйөт шыбыранып, сөгүнүп!
Ха-ха-ха-ха,
Мына ошентип тойго бардык кубанып,
Жашоо чиркин сонун тура билгенге,
Ар бир мүнөт кызыктарга чөмүлүп.
Мезгил менен өмүр өтөт уланып.

## БИР МАС БАРАТ

Бир мас барат узун жолдо теңселип,
бирде ыйлап, бирде күлүп жайдары.
Көйнөк дал-дал, согончогу жарылган,
сумсайыңкы, карегинде муң-арман,
сүрөт турат тагдырынан кача албас,
Кетүүчүдөй ыргып эки тарапка,





ак батинка араң батат кептелип.
Желим баштык ийинде илинип,
бөтөлкөсү шыңгыр үнүн салууда.
Кунар качып кара мончок көзүнөн,
Сөздөрү да баш аламан сүйлөнүп,
Качып өзү өзүнөн, тар көрүнүп кең аалам.
Кубанганда жүзү жайнап кулпурса,
ыйлаганда кирпиктери киринип.
Балким куса, балким ыза биреөгө,
Муштумдары бир жазылып түйүлгөн.
Ырдап алат алаксытып көңүлүн,
Тобокелге салып калган күндөрүн,
Арман-бугун айтып ачуу аракка,
Унутам деп батты окшойт күнөөгө.
Бир мас барат узун жолдо теңселип,
Жашы жамгыр токтобостон төгүлүп,
Чындыгы жок бул дүйнөнүн жалганын,
кабагына катып алган бекитип.

## АВТОБУСТАГЫ ЖАШОО

Баратабыз автобуста тыгылып,
тормус тепсе жабышабыз ыкталып.
Чачын жайган кыздын чачы мурунду,
кытыгылайт чүчкүртүүгө бурултуп.
Төрдө отурган абышканын жанында,
кемпир барат ойго бата термелип.
«Ал сумкөңдү, орун бошот, эй бала»,
Дагы биреө сырттан кирди сүйлөнүп.
Тер да кетти, моюн, чеке, колтуктан,
Аба жетпей, акактаган балыктай.
Бирин-бири сырдуу карап жолоочу,

көзү учат кичине эле боштуктан.
Жол акыны төлөө үчүн тыйындар,
колдон колго өтүп барат жылмышып.
Көнүп калган бул бул жүрүшкө көпчүлүк,

## ТАҢКЫ ИРМЕМ

Күндүн көзү ачылбай турат бүгүн,
Кабак түйүп түктөйөт урушчудай,
Жылчыгы жок асмандан жел да өтпөйт,
Жатат шамал уйкуда бузбай нугун.
Жамгыр турат салаңдап жерди тиктеп,
Ойго батат баштагыдай төгүлсөмбү?
А болбосо, баркымды билсин баары,
Төгүлбөймүн,
чаң жутуп турсун уктап.
Ал аңгыча тынчтыктын түбү урап,
Ана, уксаң! Коңшунун ити ойгонду,
Дүрүлдөтүп көчөнү чаңга бөлөп,
Кетти ишке эски унаа жашоо улап.





## БАЛДАРЫМА ТИЛЕГИМ

Көп жашап балам өмүрлүү,
Болбосун сенде кемчилик.
Карегим, жүрөк канымсың,
Сүйбөстүр эне менчелик.
Өмүрүң тилейм кудайдан,
Эрте кеч күндө термелип.

Агарган аппак таңымсың,
Мөмөсү ширин багымсың.
Жарк этип койсоң жадырап,
Ооруга шыпаам дарымсың.
Жарыгым, асман, деңизим,
Дүйнөдө менин баарымсың.

Өмүрлүү болсоң өмүрдө,
Жашасаң жайнап көңүлдө.
Бактылуу болсоң апакең,
Гүл жагат ыйык сезимге.
Ак сүтүм актап бергениң,
Көп жашап балам өмүрдө.
Жаркырап тийген күнүмсүң,
Шаңкылдап чыккан үнүмсүң.

Жылуулук берген сезимде,
Аялуу назик гүлүмсүң.
Өмүрлүү болгун каралдым,
Бактыңды тилейм күнү-түн.
Жылдызду жоктур сенчелик,
Сүйбөстүр эне менчелик..

## НЕБЕРЕМЕ

Күнсүң да жылуулугун берип жаткан.
Айымсың барыбызга нуруң чачкан.
Кытылдап күлүп коюп эркелесең,
Өзүңдү коштоп атат ар бир ак таң.

Тил алчаак, кээде тентек кежирлигиң,
Жарашып кызыктырып, ээликтирет,
Быйтыйган колдоруңа колум койсом,
Керемет бир туюмга кезиктирет.

Чиркин ай, наристенин жыпар жыты,
Ооруган жанга дабаа, дары тура.
Унутуп бүт көйгөйдү турам азыр,
Бериле таттуу-ширин сөзүн уга.

Күн-түнү дүйнөм түгөл, аалам тегиз,
Балам бар бакыт биздин үйдө жашайт,
Терметип бешигине таттуу ойдун,
Кылыгы тап-жылдырбай бекем тушайт.

## ТЫНЧЫ ЖОК ТАҢ

Бүтпөйт санаа каалганы черткилеп,
Өкүнүүдө көңүл чети кертилет.
Бүгүн мени, кечээ сени эрмектеп,
Турган азап эртең эле эскирет.

Күндөр менен из басылат издерге,
Ээрчип мезгил сыноо салат кимдерге?





Бул белгисиз, ошондуктан асыл жан,
Мүңкүрөбө, калтаарыба, термелбе.

Кош ашыктай өкчөлөсүн кээ бирде,
Каалоолорду көңүлдөн сырт чыгарып.
Акыйкаттык ак жолунан тайганда,
Бүлк-бүлк этет мээде тамыр чыңалып.

Күндөр өтөт уюлгуган куюндай,
Добулбасы бир угулуп, угулбай.
Бир ишеним, чындык гана жол ачат,
Тайгак кечүү, тар жолдордо жыгылбай.

Түйшөлткөн түн, турдум карап көчөнү,
эске түшүп өкүндүргөн кечээки.
Көңүл тартпай эч нерсеге буюгат,
жүзүм күлбөй мурдагыдай бейчеки.

Кандай кыйын саат, мүнөттү эсептөө,
Кар тыгында калган катар унаадай,
Кыбырайт да байлангандай жебеси,
А мен болсо карда калган улардай.

Качандыр бир аалам жаркыйт,
күн төбөдөн нурун чачып тийгендей.
Актык менен акыйкаттык жашаарын,
билген кезде күн да күлөт, ай сүйөт.

Кыштын таңы бүт дүйнөмдү үшүтүп,
турган менен үшүгөндү сезбедим.
Отун жакса үмүт деген жылуулук,
Музга толгон кирпигимди ирмедим.

Чындык, тактык, адилеттик жашаса анда,
анда болот ар бир жанда сулуулук.
Өттү бүгүн дагы бир таң тынчы жок,
Уктадымбы? Уктабадым, билбеймин!

* * *

Түн бир оокум, сыртта суук да жымжырттык,
Тынчтык бузган иттин үнү угулат.
Түн баласы менен жалгыз сүйлөшүп,
Жүрөгүм да согот алсыз ургулап.

Үшүгөндөн оронгонмун жуурканга,
Көздү жумуп ызалыкты жутканга.
Ишенимдин бир учугун кармасам,
Айтаар элем бүт дартымды укканга.

Жер жарылып таң да атып баратат,
Чыгыш жактан Күн да оюм билгендей.
Нурун чачып кубат берип турабы?
Эртеңки күн жаркып маанай күлгөндөй!

Үмүт, үмүт адамзаттын дүйнөсү,
Үмүтү жок адам чын да күлбөшү.
Эртеңкини үмүт менен караган,
Сынбаса экен ишенимдин ийнеси!

Булук түшүп энелердин дүйнөсү,
Тынчыбаса көкүрөктө санаалар,
Ой ичинде түйшөлүүдө түндөсү.





* * *

Өкчөдү топ чүкөдөй сабырымды,
Сыноолор салмактоодо акылымды.
Бир гана жакындарым жандап турду,
Сур булут орогондо жарыгымды.

Алымдан тайышымды күткөндөр бар,
Артымдан сынай карап күлгөндөр бар.
Барына кайыл болуп чындык үчүн,
Жанымда жакшы сүйлөп жүргөндөр бар.

Күн менен кошо чыгып оттой жандым,
Нур болуп ызалыкты жутуп салдым.
Жанымды кыйнап жүргөн көптөн бери,
Сыздооктой бир ооруну жулуп алдым.

Салмагын бакытымдын сезип бүгүн,
Башкача жаңырууда шаңкып үнүм.
Жолотпой жамандыкты жаратканым.
Жанымда жакындарым коргой жүргүн.

## БҮГҮН ДАГЫ САГА АРНАП ЫР ЖАЗДЫМ, УУЛУМ...

Айсыз түндө мен уйкусуз жапжалгыз,
Жылт деп чыккан жылдыздардан көз учуп.
Уурутунан сүйө келчи уулумдун,
Түшүн бузба, алба анан чочутуп.

Ай нурунан сурап турам телмирип,
Шоолаң жөнөт уулум жаткан бөлмөгө.

Суук болсо жылуулугуң бере көр,
Ак жүзүнөн аста сылап жөнөөрдө.

Күндүн нуру Актилекке туш келгин,
Санаалардан тайып мөгдөп жүрбөсүн.
Нуруң менен ороп, бөлөп мээримге,
Түшүн оңдоп, эркелетип күч бергин.

Эрке желди эңсегендир түйшөлүп,
Терезеден оюн салып кирип бар.
Саамай чачын жыттагын да сүйлөшкүн,
Жүрөгүндө, санаасында эмне бар?

Ала келгин саамай жытын бир үзүм,
Сыртта турам магдырайын, жыттайын.
Кучагымда Актилегим тургандай,
Көңүл тынып анан барып уктайын.

Оо жараткан, тилегимди бере гөр,
Кирип келсин эркетайым жаркылдап.
Көзүм албай жолду күтүп телмирем,
Миң сан ойлор деңиз болду калкылдап.

Бүгүн дагы сага арнап ыр жаздым,
Ал анткени уйкум качты сагынып.
Көз алдыма тартылганда элесиң,
Күбүрөнө калам уулум жалынып.

Таянаарым, сырдашаарым табигат,
Аз да болсо күч-кубатын береби?
Колдон келбес иш көп экен чынында,
Акыйкаттык акыр бир күн жеңеби?





* * *

Бүгүн күнүң кандай өттү кулунум,
Төрт дубалда санааң санга бөлүнүп.
Түнкү уйкуң бузулгандыр төрт жолу,
Өткөн күндөр түшүңдө да көрүнүп.

Муздак дубал... тар бөлмөдө тыгылып,
Эркин өскөн эргүүлөрүң тумчукту!
Көөдөнүңдө тилек-максат үмүтүң,
Сыртка чыкпай ичте гана унчукту.

Барган жериң жылуубу же муздакпы?
Үшүп калбай алгын жылуу жамынып.
Бизди ойлоп көп кыжаалат болбогун,
Түн уйкуңду төрткө бөлүп камыгып.

Тамагыңдан аш да өтпөй санаага,
Алдырбагын, кетпе уулум арыктап.
Жакшы күндөр болот бир күн буюрса,
Чуркап чыккын эркиндикке жаркылдап..

Тегеренип кетем уулум өзүңдөн,
Окуп турам көп сөздөрдү көзүңдөн.
Жараткандын бар экени чын болсо,
«Ак ийилет сынбайт», сага кезигем.

Нелер түшпөйт эр жигиттин башына,
Төө да минет, жөө да жүрөт тагдырда.
Бул бир сыноо башка түшкөн бүгүнкү,
Жаркылдагым кайгырып көп алдырба!

* * *

Сурма тарткан көздөрүмдө өкүнүч,
Көлөкөсүн түшүрдү да, бекитти.
Бир учугун кармап алып үмүттүн,
Адаштырып кетем бир күн өкүттү.

Шаңга толгон бакыт үйүн табам да,
Туткасына колум созом ашыга.
Максат бийик, сапар узак, сыноо күч,
Жанашамын ою мөлтүр жакшыга.

Сыноолордун сындырамын белинен,
Ак эмгегим, тунук таза дил менен.
Жалган күлүп табалаган жолдон кач,
Бирикпесин улуу жолум сен менен.

## КАТ

Олтурам жылуу үйдө чайдан жутуп,
Өлбөскө, эртеңкиге жашаш үчүн.
А сенчи? Муздак түндө карыштыңбы?
Уйкусуз таң атырып, сарптап күчүң.

Оронуп жуурканга башым катам,
Түрүлгөн миң түр ойдон чарчаганда.
А сенчи? Үшүгөндөн ары-бери,
толгондуң, тар бөлмөгө батпаганда!

Саналуу сааттарда таң да атат,
Жымжырттык.. атаганат кулак тунат.





Тунжуроо эзип турат экөөбүздү,
А бирок чыйралабыз үмүт улап.

Бышык бол, ысык-суукка кайыкпагын,
Бек болсун ден соолугуң, асыл жаның.
Мага дем, мага кубат, жашоо, өмүр,
Алыста болсоң дагы сенин барың.

* * *

Түн бир оокум, сыртта суук да жымжырттык,
Тынчтык бузган иттин үнү угулат.
Түн баласы менен жалгыз сүйлөшүп,
Жүрөгүм да согот алсыз ургулап.

Үшүгөндөн оронгонмун жуурканга,
Көздү жумуп ызалыкты жутканга.
Ишенимдин бир учугун кармасам,
Айтаар элем бүт дартымды укканга.

Жер жарылып таң да атып баратат,
Чыгыш жактан Күн да оюм билгендей.
Нурун чачып кубат берип турабы?
Эртеңки күн жаркып маанай күлгөндөй!

Үмүт, үмүт адамзаттын дүйнөсү,
Үмүтү жок адам чын да күлбөшү.
Эртеңкини үмүт менен караган,
Сынбаса экен ишенимдин ийнеси!

Бүлүк түшүп энелердин дүйнөсү,
Тынчыбаса көкүрөктө санаалар,
Ой ичинде түйшөлүүдө түндөсү.

## ЖАКШЫ АПА БОЛО АЛБАЙ ЖҮРӨМҮН

Жакшы апа боло албай жүрөмүн,
Чындыгыңды коргоп чыкпай көчөгө.
Жалыны жок түтөдүм ээй кантейин,
Окшоп отто чала күйгөн көсөөгө.

Тааныш көрсөм угамбы деп жаман сөз,
Ала качам күнөөсү жок көзүмдү.
Алыс кетем жолум бура тайсалдап,
Байкатпаска толкундоомду, сезимди.

Жаратыма туз себет деп чочулап,
Ээн жолдо жалгыз басып жүрөмүн.
Туруштугун бере албай кир ойго,
Токтоочудай болуп кетет жүрөгүм.

Көргөзбөскө көзүмдөгү кайгыны,
Көргөндөргө баягыдай күлөмүн.
Ичим туман, түтүн булайт кантейин,
Көз алдыма тартылганда гүл өңүң.

Жакшы апа болгонумда ушул тап,
Отурмакмын бек кучактап уулумду.
Кубанычтан чачын жыттап, чалкалап,
Сүйлөшмөкмүн чыгарып бир муңумду.

Колдон келбей эки колум шалдырайт,
Кайсыл жактан жолду табам белгисиз?
Алсыз көзүм үмүт менен жалдырайт,
Чындык үчүн күнөөлүүбүз эми биз.





Чече албай мыйзамдардын тигишин,
Кайра-кайра окуймун да ал жетпейт.
Каруу колдон, акыл баштан адашып,
Тиш өтпөсө чындык ыйлап бүт четтейт.

Жакшы апа боло албай жүрөмүн,
Перзентимди канатыма калкалаар.
Арысам да күтөм уулум өзүңдү,
Жаратканым угуп бир күн кайтараар.

* * *

Жаратканга үнүм жетээр бекен деп,
Ырлар жазам сагынычы чубалган.
Сезип жүрөм алыс эмес ал күндөр,
Эркетайды кучактап бир кубанган.

Сыртта чилде бүт ааламды муздатса,
Үйдө жатып тарып барат дүнүйөм.
Уулум кантти? Үшүгөндүр бүрүшүп,
Уйкум качып оодарылам, үшкүрөм.

Сырдашууга жылдыз да жок бекинип,
Кыш суугунан ал да алыс качтыбы?
Бой сеңселтип тирешемин кыш менен,
Уулум үшүйт, алба эми шаштымды.

Алаксыймын ага-буга түйшөлүп,
Колум иште, а көңүлүм баламда.
Эшик кагып күлүп кирип келчүдөй,
Нечен жакшы ойлор жашап санаамда.

Алыс эмес ал күндөр да каралдым,
Үшүбөгүн, жылытамын ыр менен.
Энелердин аалам баткан жүрөгү,
Баласына жылуу уя, кепкенен.

* * *

«Апа, баары жакшы болот» - дегениң,
Берип турду жакшылыктан ишеним.
Сыйкыр болсом кучагыма катмакмын,
Талкалай чаап колуңдагы кишениң.

Сагынычым ызалыкка жуурулуп,
Кайнап турат жүрөгүмдөн суурулуп.
Жол кароодон карек дагы карыкты,
Ачуу жашка жүзүм кошо туурулуп.

Эч бир тоскоол ортобузду бөлбөсүн,
Кабар алып турам уулум алыңдан.
Эч бир пенде, эч бир эне көрбөсүн,
Баласынан кош кишенди салынган.

Колдон келсе жыттамакмын чачыңдан,
Ортобузда кадам жеткис алыстык.
Жараткандан тилеп турам ак таңда,
Болсо экен адилеттик, калыстык.

## КАЧАН ҮЙГӨ КИРИП КЕЛЭЭР ЭКЕНСИҢ

Качан үйгө кирип келээр экенсиң?
Ачып эшик күлүмсүрөп, жаркылдап.
«Мен келдим»-деп жарык кылып ааламды,
Баягыдай шайыр сүйлөп шаңкылдап.





Качан сага чай беремин шашылып?
Дүйүм толгон ак дасмалым жайылып.
Маңдайымда тамактансаң көңүл ток,
Калаар элем бүт оорумдан айыгып.

«Шытыр» этсе карай салам убай жеп,
Кайрыламын эшик «кыйч» деп ачылса.
Кургур үмүт уулун күткөн энеге,
Бир учугун карматат да дагыле.

Күтүп жүрөм жакшы күндү эртеңки,
Сен бар үчүн күчтүү болуп көрүнүп.
Жүргөн менен ички дүйнөм көчүүдө,
Оюм сенде, санаам-санга бөлүнүп.

Өзүң келип от жагасың үйүңө,
Жакшы күндөр келет бир күн билемин.
Алтын башың жаратканга аманат,
Жайнап турсун жакшынакай гүл өңүң.

## КЫЙЫН ЭКЕН АПА БОЛУУ ТҮЙШҮГҮ

Түйшүгү көп болот тура ченемсиз,
Түн уйкусун төрткө бөлгөн апанын.
Бакыт тура уулун жыттап маңдайдан,
Уктап жатса кымтылап жаап чапанын.

Төрөп коюу оңой эле көрүнүп,
Жашооң бактың өмүрүң да балдарың.
А апалык кылуу кыйын иш экен,
Сарсанаада атып далай таңдарың.

Кечиккенде улам жолду карайсың,
Ким бирөөнүн тийбесе деп кеп-сөзү.
Канатыңа калкалайсың кайыгып,
Оңго жоруп бул тагдырдын өкчөөсүн.

Кандай кыйын эне болуу балага?
Түйшүгүнө тепчип өмүр тиркеген.
Түйшөлгөндө түн баласын кайтарып,
Туңгуюктун туюк жолун тиктеген.

Балаң күлсө дүйнөң күлөөр жайдары,
Балаң сүйсө жарашып бир айдары.
Капилеттен күнүң булут каптаса,
Кандай азап ар бир таңдын атмагы.

Саат, мүнөттөр жылбай, өтпөй кагылып,
Сагынычтан эне жүрөк жарылып.
Сабырдуулук менен бой да түзөлөт,
Көзгө толгон ачуу жашы агылып.

Каалабаймын жамандыкты эч кимге,
Ай жарымы жарык жана караңгы.
Толгон сыноо эрте-кечпи бир келет,
Чыйралттырып өкчөп бардык адамды!

Табалаган табалап да жатышат,
Мыскыл күлө заар окторун чачышып.
Пейлиң түшкүр айрымдары жөн эле,
Оозго келген уу сөз менен атышып.

Ким не десин ага такыр арданбайм,
Ал анткени чындык жашайт дүйнөдө.





Энелерди жүрөгү эч алдабайт,
Билбегендер, жаман айтып сүйлөбө!

Кыйын экен апа болуу түйшүгү!

## ӨЗҮҢ КЕЛ

Баратам ийри жолдо ойго батып,
Санаалар ээрчип алган оролошуп.
Күбүлгөн көңүлүмдүн тигиштерин,
Тепчиймин кирпик менен жашым катып.

Сөгүлүп кетпесин деп кабыргалар,
Белиме белбоо тагам катар-катар.
Кайрылып келбейм уулум үйдөн күтөм,
Сен өзүң келип калгын тартып сапар.

Сизонун эшигине төрт ай каттап,
Колума эмне тийсе бекем сактап.
Кудайдан тилеп келем бошошуңду,
Арышым аттаганда атың жаттап.

Бул сапар эң акыркы каттоом болсун,
Жаркылдап өзүң үйгө кирип келгин.
Алсырап жол караган апакеңди,
Кучактап, беттен сүйүп кубат бергин.

Баратам артка карап, оюм бүтпөй,
Ичимде жалын өртүм быкшып түтөй.
«Келгилик кылбасынчы ушул жерге»,
Дедим да арыш кердим колду шилтей.

Ырымдап, болбогондой эч бир нерсе,
Шашылдым алтын уя турагыма.
Дасмалым жууп тазалап даярдайын,
Актилек келсе кысам кучагыма.

## ҮЗБӨЙМҮН УУЛУМ КҮДӨРДҮ

Тарттырбай санаа, убайым,
Тилекти берип Кудайым.
Эркетай үйгө келгиче,
Белимди бууп турайын.

Таш, кумун жердин терейин,
Гүлдөрдүн түрүн эгейин,
Жаркылдап уулум келгенде,
Кубана үзүп берейин.

Бакчаны багып турайын,
Шагына шакты улайын.
Мөмөсү бышып жетилсе,
Эркетай көрсүн убайын.

Бакчамда түркүн гүл болот,
Шагына сайрап куш конот.
Актилек келсе бир күнү,
Короомо бакыт, кут конот.

Кайналы гүлү жайнады,
Жыпарын шамал айдады.
Өрүгүн көрүп кулунум,
Кубансын күлүп жайдары.





Күтөмүн жакшы күндөрдү,
Элжирей карап гүлдөрдү.
Ирмелип кирпик турганда,
Үзбөймүн уулум, күдөрдү.

* * *

Алтындын эмне кереги?
Асылдар турса жанында.
Акыл кеп айтып коштосо,
Кошулат нектар каныма.

Күмүштүн эмне кереги?
Колдосо калкың жанында.
Кызыгын айтса өмүрдүн,
Кошулат өмүр жаныма.

Жыгылган жерден тургузуп,
Жылмая карап берип кол.
Өбөктөп калсам таяган,
Өрнөктүү жакшым аман бол.

## АКЫТАЙДЫ САГЫНДЫМ

Куса деген эзилтип жүрөгүмдү,
Уйкум алып уйпалайт бүт дүйнөмдү.
Уулум түшүп эсиме оодарылам,
Эрин тиштеп, кубарта гүл өңүмдү.

Таң да атпай кунарсыз булут чалып,
Көчө жымжырт, а ичим уйгу-туйгу.
Жаздыгыма сарыккан көз жаштарым,
Жаратканым а балким сезип, туйду.

Ооруп турат жүрөгүм, ооруп турат,
Үйгө кирсем уулумдун жыты урат.
Оо жаратkан, күч бергин, колдой көргүн,
Кетпесекен көкүрөктөн үмүт урап.

Адатымча «шырп» этсе карайм жолду,
Уулумбу деп үмүттө, буруп ойду.
Жол караңгы, а бирок бара жатам,
Уулум кирип келчүдөй сунуп колду.

Акыл, оюм таймашып өтөт күндөр,
Кулагыма жаңырып түркүн үндөр.
Тушалгандай сааттын жебеси да,
Эрмектөөдө бир энени айсыз түндөр.

## КҮТКҮН ДЕШТИ

Күткүн дешти март айынын он үчүн,
Анык беле ошол берген антыңар?
Толкундоодон чечилүүдө бүт бүчүм,
Уулум чыгып балким көңүл жаркыраар.

Анык болсо олоң чачым тарайын,
Муңайыңкы көрүнбөйүн балама.
Ак нанымдан бир сындырып алайын,
Тилек кылдым, салбай уулду санаага.

Өтсө деле уурдалган убакыт,
Акыйкаттык жеңет бир күн чыдап тур.
Сагынычтын изин жабат кубаныч,
Көрүшкөнчө сак-саламат, эсен тур!





Күткүн дешти март айынын он үчүн,
Кайдан болсом барам уулум сен үчүн.
Миң тамырым зыркырата кучактап,
Жыттоо үчүн топтойм болгон ал-күчүм.
Апакең

* * *

Эсебимден жаңыбасам экен деп,
Күн датасын жаздым койбой караймын.
Мүнөттөрүм кечигүүдө коюп чеп,
Чаңы чыкса көкүрөктө санаанын.

Күн желесин көргөнүмө кубанып,
Дем аламын кучак жайып асманга.
Төлгө менен жаратkандан сураныp,
Тилегимди айтам аткан ак таңга.

Эңшерилген бар дүнүйөм уланып,
Уулум кийген ак күрмөнү жыттадым.
Жыты кетип калбасын деп жуулбаган,
Балам жаткан ак жаздыкка ыктадым.

Эшикте жаз, бак-даракка жан кирип,
Кадимкидей жашоо барат уланып.
Биздин үйгө сен келгенде жаз болоор,
Бакчаң гүлдөп, ата-энең кубанып.

# БАЛА ТИЛИ БАЛ

## ЧОҢ АТА МЕНЕН НЕБЕРЕ

Небере:
Чоң ато-у, карасаңыз,
Бара жатат кумурска.
Өзүнөн чоң жүк көтөрүп,
Жол тарткансыйт алыска.

Чоң ата:
Жоокерлердей так жүрүшөт,
Чыгат күндө жүрүшкө.
Жалкоолукту сүйбөйт алар,
Акыл-эси жумушта.

Небере:
Көктө турган ай эмнеге,
Чыгат түндө жаркырап?
Чыкпай калса эмне үчүн
Капкараңгы туш тарап?

Чоң ата:
Ай асмандын сулуулугу,
Түндө гана көрүнөт.
Уктап жаткан бөбөктайга
Нурдан мээрим төгүлөт.

Небере:
Бешке-бешти кошсо канча?
Таппай жатам эсебим.
Дагы канча күн уктасам,
Бийик болуп өсөмүн?





Чоң ата:
Бешке бешти кошсоң, балам,
Адашпагын – он болот.
Тил алчаактар, акылдуулар
Мендей бийик чоң болот.

Небере:
Тил аламын, тентек болбойм,
Тобум тээп ойноймун.
Автоматчан солдат болуп,
Мекенимди коргоймун.

Чоң ата:
Мекениңди корго, уулум,
Мекен кымбат элиңе.
Душман бутун бастырбагын,
Ыйык туулган жериңе.

## КЫЯЛ

Так секирем улактай, улактай,
Оргуп агам булактай, булактай.
Алиппемди шар окуп апамды
Кантип турам кубантпай, кубантпай.

Дирилдеймин бариктей, бариктей,
Чарк айланам шариктей, шариктей,
Мектебиме тартылам күнүгө,
Кичинекей магниттей, магниттей.

Боюм карыш кичине, кичине,
Бакыт толо күлкүмдө, күлкүмдө.
Билгим келет бүт баарын, бүт баарын,
Сыйкырчы болсом бир күнгө, бир күнгө.

## АППАК МОНЧОК

Асмандан мончок жаады,
Жыбырап жердин бети.
Апакай, бирок катуу,
Черткилеп терезени.

Жер жайнап көрктүү мончок,
Төгүлөт токтобостон,
Уучума топтоп алып,
Бекитип ойнобосом.

Жүгүрүп үйдөн чыгып,
Ашыга термеледим.
Толтуруп кочушумду,
Кубанып термелемин.

Колумда аппак мончок,
Мөлтүрөйт, бирок муздак.
Төгүлгөн мончокторго,
Көздөрүм күлүп жайнайт.

Кармасам улам эрип,
Эрикпей мен да терип.
Жылмайып күлүп алды,
Апакем мени көрүп.

«Бул мөндүр, мончок эмес,
Ысыкка эрип кетет.
Жаз айы кээ бир күнү,
Ак мөндүр төгүп өтөт».





Апамдын сөзүн тыңшап,
Ишенбей ийин күүшөп.
Турганда колумдагы,
Мончогум эрип түшөт.

Өткүн деп апам айтат,
Жер жайнайт аппак мончок,
Эриди бир заматта,
Колума салып койсок.

Мөндүргө көзүм тойбой,
Караймын улам-улам.
Токтобой төгө бер деп,
Асманды карап турам.

## КИЧИНЕКЕЙ ДАРЫГЕР

«Тез жардамдын» сумкасы,
Моюнунда асылып.
Кичинекей Акылай,
Иштеп жүрөт шашылып.
Куурчагын дарылап,
Укол сайды колуна.
Таңып башын жылуулап,
Күрмөсүн жаап жонуна..

Тыңшагычын белендеп,
Сени тыңшап берем деп.
Чоң атасын каралайт,
Өзүм доктур болом деп.

Энесинин колдорун,
Улам-улам кармалап.

«Эт ысыган» дарысын,
Берип келет «чайна» деп.

«Укол сайсам ыйлаба,
Ыйлап, мени кыйнаба.
Айыктырам бат эле»,
Деп күймөнөт кыйлага.

Карс-карс күлүп чоң ата,
Колун сунат кубанып.
Өмүр, бакыт, келечек,
Уланганга кубанып..

«Дары» жеген чоң эне,
Көңүл ачык сүйүнөт.
Дарыгери жанында,
Ойноп жүрөт күлүңдөп.
Кичинекей кол менен,
Укол жасайт баарына.
Чоң атага, энеге,
Өзү эле дары да.

«Оорусуң сен жат»-десе,
Жатып калат чоң ата.
Жыттап саамай чачынан,
Берет күндө ак бата.

Биздин үйдө дарыгер,
Кичинекей Акылай.
Чоң атага, энеге,
Өзгөчө бир жакын ай.





## МУГАЛИМДЕН ҮЙРӨНӨМ

Жалкоолукту сүйбөгөн,
Жыгылганды сүйөгөн.
Адал оокат, эмгекти
Айтып, таттуу сүйлөгөн,
Кыйшык бассам түзөткөн,
Сабагымды күзөткөн.
Тазалыкты, тартипти,
Мугалимден үйрөнөм.
Калыстыгы таш жарган,
Таразадай тактыкты,
Чындык үчүн күрөшүп,
Үйрөнөмүн ар шыкты.
Мээрим чачып сүйлөгөн,
Бийиктикке сүйрөгөн.
Билим, илим булагын,
Мугалимден үйрөнөм.
Көрүп калсам сүйүнүп
Салам берип ийилип.
Тапшырмасын аткарып,
Сылыктыкты үйрөнөм.
Бардык жакшы адатты,
Мугалимден үйрөнөм.

## СҮЙӨТ ЭЛДИ ЖҮРӨГҮМ

Ташты тизип, кумду үйүп,
Үйлөр салып коздоймун.
Чатыр жабам, шифер кагам,
Терезесин тордоймун.

Кичинекей күрөк менен,
Жер казамын чарчабай.
Буудай эгем, тер шыпырып,
Баатыр дыйкан бабамдай.

Жорго минем камчыланып,
Тоо аралап ойноймун,
Чоңойгондо Ала -Тоомду,
Өзүм эле коргоймун.

Уста болом, дыйкан болом,
Актайм Мекен тилегин.
Мен уулумун кыргызымдын,
Сүйөт элди жүрөгүм.

## ЖАГЫМДУУ СУРОО

- Эне, эне карасаңыз,
Куйругу бар эмне экен?
Делдең кулак, мүйүзү бар,
Коркуп кеттим тиктесем.

- Коркпо балам, корко көрбө,
Ал музоонун апасы.
Эмчегине сүт толтурса,
Болбойт музоо капасы.

- Ай чоң ата карасаңыз,
Жал, куйрукчан эмне экен?
Тепкилебей тынч турабы?
Момпосуюм мен берсем.





- Коркпо балам жал куйрукчан,
Асыл тукум жылкы да.
Жорго, аргымак, күлүк деген,
Кырґыз элдин күчү да.

- Эне, эне, энекебай,
Тигил үрпөң эмне экен?
Мени менен кош чуркайт,
Алга колум сермесем.

- Сени менен кошо чуркап,
Так секирип ойногон.
Күчүк болот сага окшош,
Оюнга эч тойбогон.

- Ай чоң ата, карасаңыз,
Асмандагы эмине?
Алыс кетпей жүрөт неге?
Айланчыктап бизди эле.

- Асмандагы учуп жүргөн,
Ала -Тоонун бүркүтү.
Тээ бийиктен жерин коруйт,
Алгыр, көрктүү, ал күчтүү.

- Эне, эне айтсаң мага,
Колдо неге беш манжа.?
Эки колдо кошконумда,
Билбей турам эх канча?

- Бир колуңда беш манжага,
Бешти кошсоң он болот.
Адашпастан эсептесең,
Жолуң дагы оң болот.

- Оо чоң ата, чоң кишини
Укпай койсо не болот?
«Анте көрбө, эстүүсүң сен,
Кеп укканың оң болот».

## ЭРКЕ КЫЗ

Мен кичинек, акылым көп,
Сынык, кетик тишим бар,
Бешке эми чыксам дагы,
Түгөнбөгөн ишим бар.

Сылап-сылап чачтарынан,
Гүлдөрүмө суу куям.
Көпөлөктөр консо эгер,
Сыбызгыган үн угам.

Чоң энеме чай сунамын,
Эрте менен кечинде,
Көз айнегин тагынамын,
Менде болот издесе.

Жөжөлөрүм эсептеймин,
Аппак, сары, мойну көк,
Кызылдары бешөө экен,
Эх адаштым, өтө көп.

Жардам берем чоң энеме,
Көтөрүшүп сомкесин.
Уктаганда таппай калам,
Бек сактаган соткесин.





* * *

Кош-коштоп айдап төрт түлүк,
Кыр-кырда жүргөн ой күлүк.
Ооруса жаның онтолоп,
Көзүңө кайнап от толот.
Кайрасаң бычак мокогун,
Колуңду кесет байкагын.
Туяктан отуң чыкканда,
Чаалыкпай алыс чуркагын.

Сүйүүнү сүйгөн жүрөгүң,
Менчиги болот бирөөнүн.
Бактылуу кылбай бирөөнү,
Курулай илбе күнөөнү,
Күнөөсү тонна болсо да,
Арзуудан жайнайт гүл өңү.
Кесирдин оозун караба,
Окшошот учук, жарага.
Текебер, оюу жамандан,
Колунда жок дос жакшы.
Айтылбас арман-ызадан,
Бук чыгарган жаш жакшы.
Пайдасы жок дүйнөңдөн,
Короондо жаткан таш жакшы.
Аткарбас кээ бир убада,
Карабайт уят, убалга.
Ийненин көзү кичине,
Чочутат колго колго сайылса.
Жакшынын түшсөң изине,
Барганың ошол жарышка.

Устаттын сөзүн, кебин ук,
Керектүү жерин ичке жут.
Тил безеп улуу- кичүүгө,
Билбеген нерсе талашпа.
Ак-кара жолго жанашпа,
Жанашсаң да адашпа.
Чындыкты кээде жашыруу,
Пайдалуу жакка чечилет.
Адамдын гана адамы,
Күнөөнү жууп, кечирет.

## КЫЗГАНАМЫН

Терип калбай жаштыгымдын кызгалдагын,
Жашыралбай жан дүйнөм сыздаганын.
Өмүр мени күтчүүдөй кенебеген,
Кур кетирген убактымды кыганамын.

Жашыл белес гүлдөрдүн тутамдарын,
Тилек, максат... үмүттүн ууртамдарын.
Кеч байкадым күмүш чач болгон кезде,
Күндөр менен өмүр, ышкым уурдалганын.

Санап калдым саатымдын чыкылдагын,
Тутандырсам ышкымдан күйөт жалын.
Калган күнүм, саатымдын мүнөтүмдүн,
Чотун кагып тызылдап кызганамын.





## ТИРҮҮЛҮК

Тирүүлүк - берген демиң сенин барың,
Көз жайнап, жүрөк согот жашап жаным.
Мүнөттө сан жетпеген кагуу менен,
Тамырда чуркап турат кызыл каным.
Тирүүлүк - уйкум ачып түйшүк салчы,
Тосойун абаң жутуп аппак таңың.

Тирүүлүк - тирүү калуу, өсүп, жанып,
Өчүрбөй коломтого отту жагып.
Үшүйүн же ысыйын, чок болоюн,
Өлбөскө тирүүлүктөн оттук алып.
Алданбай пайдасы жок көр дүйнөгө,
Жашайын адам сапат, жүзүм жарык.

Тирүүлүк - соккон шамал, же боз туман,
Кетилбей өмүр көчү өссүн улам,
Койнунан махабаттын кол тартпастан,
Бактымды коргоюнчу, кетсин туман.
Тирүүлүк кандай сонун билген жанга,
Жаңырса жакшы сөздөр сергип турам.

Тирүүлүк - бул ден соолук, сезген сезим,
Бакыттын оош-кыйышын кезген кезиң.
Бир күнү тебелесең таштак жолду,
Бир күнү такка чыккан ыйык кезиң.
А бирок, мансап байлап жол көргөзбөйт,
Өмүрдүн баасын, баркын ченеп сезим.

Тирүүлүк - атың сонун, өмүр баасы,
Атпасын жаштык кыйган өкүм жаасы.
Боз туман, түнөргөн түн, төккөн жамгыр,
Карачы кандай сулуу берет баасын.
А бирок, ажал улук, ажал ыйык,
Карабайт, ылгабайт да кары жашын.

## ЖАШЫЛ БАГЫМ

Бакытка ысык демиң тегиз бөлөп,
Кайгырсам жакшы айтып дайым жөлөп.
Жүргөндө күткүн дедиң сейил бактан,
А бирок гүлүн сунган адам бөлөк.

Серпилген сезим үшүп кайтып артка,
Чоочуркай карап мүшкүл салды башка.
Адашып кай багытка кеттиң экен?
Толтуруп көздөрүмдү ачуу жашка.

Сен келчү тарап жашыл, гүлдүү бакча,
Жолумдан тосчу элең басып аста.
Көлөкөм көлөкөңө далдоо калса,
Көкөлөп учаар элем ошол чакта.

Сен деген үмүт бүгүн жерди карап,
Окшошпой, көзгө чоочун бул туш-тарап.
Кайчылаш неге кетти биздин жолдор?
Тагдырым сыноо салып берип азап.

Унчукпай көкүрөккө каттым үнүм,
Баткандай алоолонгон ысык күнүм.





Жолугуп калаарыма ишенемин,
Эртең же буюрганда да бир күнүм.

Сактагын жүрөгүңө махабатым,
Көтөргүн сезимдердин асабасын.
Жашарат эстегенде ар убакта,
Махабат ыр түнөткөн жашыл багым.

## ЖАМГЫР

Асмандын жиги сөгүлүп,
Ак жамгыр бүгүн төгүлүп.
Буулугуп турат токтобой,
Чачымдан сылай өбүлүп.
Төгүлдүң жамгыр башкача,
Көзүмө муңдуу көрүнүп.
Сен турсаң көктө көз жаштап,
Мен турам жерде сөгүлүп.

Буулуктуң неге ак таңда?
Баттыңбы түпсүз арманга?
Тамчыңдын үнүн эшитип,
Жай барам тиктеп асманга.
Төгүлгүн жамгыр, төгүлгүн,
Мүрөгүң чачып бактарга.
Сен жууган жүзүм албырат,
Сөз таппай өзүм актаарга.

Тунжурап, кайра катуулап,
Мелтирейт, төгөт сабалап.
Кучагым жайып баратам,
Жамгырлуу таңды аралап.

Төгүлгүн жамгыр, төгүлгүн,
Чачымдан сылап, салаалап.
Мендеги чыксын кусалык,
Эзилтти жүрөк жаралап.

* * *

Чыдам кетип, уйку качып чекчейип,
Чыйрыгамын чыканактай бүрүшүп.
Сөз түгөнүп, тилдер келбей күрмөөгө,
Ич этимди туурап турам урушуп.

Көз карыгып киртийиңки санаадан,
Түпкүрүнө катып ачуу ызаны.
Жакшылыкка жоруп санайм мүнөттү,
Батыралбай көкүрөккө кусаны.

Күлгөн болом эл көзүнө жайдары,
Көлөкөсүн ызалыктын жашырып.
Көңүлүмө сиңбей турат эч нерсе,
Шайыр мүнөз ийилүүдө басынып.

Боюм түзөп барам түптүз басууга,
Андай эмес, бирок дүйнөм ийилген.
Эки көзүм көрүнбөгөн ашууда,
Ачык жолдор бар бекенби чийилген?

Ийилүүдө максат, үмүт, тилегим,
Каруу кетип бошоң тартып билегим.
Төрт аяктап калсам деле жол карап,
Сагынычын аста айтат илебим.





Бул дүйнөдөн калбагандай ишеним,
Жүрөк дагы өзгөртүүдө ийкемин.
Эшик ачып уулум мага келгиче,
Жыгылбастан тике тураар бекенмин?

Оо, жүрөгүм, буза көрбө ийкемиң,
Сени менен менде бышык ишеним!

* * *

Бакыт жолу узакпы же жакынбы?
Деп издейбиз бакыт жандап турганда.
Саргайтабыз чачыратып акылды,
Туш тараптап сынoo камчы урганда.

Кашаң аттай убакыт да кыбырап,
Жылбай калат күтүү алса жакадан.
Бакыт эмне? Азап эмне шыбырап,
Сабыр гана сактайт бийик аскадан.

Үмүт колдон алыс жакка жетелеп,
Жөнөгөндө бакыт издеп барабыз.
Бакыт бизди ороп жүрөт жетелеп,
Пендебиз да, аны кийин билебиз.

## БИШКЕК–ТҮРКСТАН

Түйшүктүү сан ойлордон бүгүн качып,
Баратам Түркстанга сапар тартып.
Өзгөрүп кетсе экен сыноолорум,
Кайрылып келгичекти өңдөн азып.

Бакыттын бир учугун үзбөй улап,
Ураган максаттарды бирден курап.
Дубана болуп жерди кезсем дагы,
Кудайдан адилеттик турам сурап.

Түркстан калаасына баратамын,
Түркүн ой, санааларды таратамын.
Кайрылып калкыма мен баргычакты,
Уулумдан санаам тынбай, азаптамын.

Зыярат кылып элдин эсенине,
Кайтамын эки күндө мекениме.
Көп аман, көп ичинде уулум аман,
Азаттык нуру тийсин чекесине.

Түйшүктүү сан ойлордон бүгүн качып,
Баратам Түркстанга сапар тартып.
Өзгөрүп кетсе экен сыноолорум,
Кайрылып келгичекти өңдөн азып.

## ЖАЗДЫН КҮНКҮ БИР ЭРГҮҮ

Күндүн нуру төгүлөт, нур төгүлөт,
Жебесинен сыйкырдуу сыр бөлүнөт.
Жан бүткөндүн баарысы ойгонушуп,
Тирүүлүктүн түйшүгүнө бир чөмүлөт.

Бак-дарактар бой керип шыбырашат,
Курт-кумурска жем ташып кыбырашат.
Эркин учкан куштар да ары-бери,
Чапкылашып канаттарын шуулдашат.





Адамдарчы?
Көйгөй менен укташып, ойгонушат,
Табылгынын бурамындай толгонушат.
Топук кылып, кылбай да бар оокатка,
Тоодой жүктү көтөрүп, ойлонушат.

Бирөө шашат жумушка чуркап-чуркап,
Бирөө ыйлайт азаптан кайгы ууртап.
А башкасы актык деп үн чыгарса,
Экинчиси мылжыят бакыт уурдап.

Пейил тарып барабы, пейил тарып?
Сезбедик ээ дүйнөбүз чачса жарык.
Манчыркоодон көз кырын салса бирөө,
Жекирүүдө заматта болот карып.

Өзүмчүлдүк алдыбы барын ээлеп?
Чындыкты көөмп ороого, өзү тейлеп.
Таразасы кудайдын тең салмакта,
Оош-кыйышын берет да, коёт теңдеп.

Мелтирөөдөн дүйнө да тиктеп турат,
Чайкай албай күнөөнү ичтен тунат.
Жарк-журк этип сүзүшөт булуттар да,
Жаракасы асманга коюп тузак.

Жаздын күнү эргүүлөр эргитишет,
Жаш баладай жаш төгүп сергитишет.

## МАЗМУНУ


МУҢДУУ, НУРЛУУ КАЙРЫКТАР ..... 3
КУНДУЗБҮ ..... 10
КУНДУЗБҮ ..... 11

**МЕКЕН ЖӨНҮНДӨГҮ ЫРЛАР ..... 12**
МЕКЕН ДЕМИ ..... 13
МЕКЕНИМ КЫРГЫЗСТАН ..... 13
КАСИЕТТҮҮ ОШ ЖЕРИМ ..... 14
КАРА-КУЛЖА МЕКЕНИМ ..... 15
ТООЛОР МЕНИ, МЕН ТООЛОРДУ
САГЫНГАМ ..... 17
ТООЛОР МЕНЕН СЫРДАШЫП ..... 19
БАЛАЛЫКТЫН АЙЛЫНА САЯКАТ ..... 19
АЙЫЛЫМА БАРАМЫН ..... 21
АРМАНЫ ДАСТАН БОЛУП ЫРДАЛАТ ЭЭ ..... 23
АЛМАСЫН БИР ЖЫТТАСАМ БОЛООР ДАРЫ ..... 24
МЕН ӨСКӨН ҮЙ ..... 25
АЙЫЛЫМ ..... 28
КАСИЕТТҮҮ КАРА-КУЛЖАМ ..... 29
САГЫНЫП ЖҮРӨМ ..... 30
КУСАЛЫК ..... 31
ТУУЛГАН ЖЕРИМ ..... 32
БИЙМЫРЗА МЕНИН АЙЫЛЫМ ..... 33
ЕКАТЕРИНБУРГГА КАРАЙ САПАР ..... 34
АЙЫЛДАШТАН МЕН САДАГА КЕТЕЙИН ..... 35
БАРАЛБАЙ ЖҮРӨМ ТООЛОРГО ..... 36
АЙЫЛДАГЫ КӨЗ ИРМЕМ ..... 38
СӨЗҮБҮЗ ЭЧ БҮТПӨДҮ ..... 40
ҮЧ КЫЛ КОМУЗ ..... 41







**КУПЛЕТТЕР ..... 43**
ОЙЛОР ..... 43
ЖЕТЕМ БИР КҮН ..... 44
МЕЗГИЛ КУЛУК ..... 45
ИЗДЕГИЛЕ ..... 49
ЭНЕ ТИЛИМ ..... 50
АПАКЕ, МЕНИ КЕЧИРГИН ..... 51
БИР ТУУГАНЫМ ..... 56

**ЫРЛАРГА ТОЛГОН ДИЛ КАЙРЫК ..... 57**
ШИЛТЕ КАЛЕМ ..... 57
ШИЛТЕ КАЛЕМ – 2 ..... 58
ШИЛТЕ КАЛЕМ – 3 ..... 59
ЗАЙЫРБЕКТИН «НӨЛДӨРҮ» ..... 60
ЧАҢ БАСКАН КИТЕП ..... 61
БИЗДИН САПАР - УЗАК САПАР ..... 61
БИР ИЛДЕТ ..... 63
АКЫНДАР КЫЙЫН КАЛК ЭКЕН ..... 64
АК БАРАК ..... 65

**ЛИРИКА ..... 69**
ЖАРЫМА ..... 69
СИЗ ..... 71
СҮЙҮҮНҮ ЖАЗГАН КЕЗДЕ ..... 72
СЕН ДЕГЕН СӨЗ ..... 73
КАРЫНДАШЫҢ БОЛГУМ КЕЛГЕН ..... 74
КЕРЕК ЭКЕН ..... 75
КЕРЕК ЭЛЕ ..... 75
БИЛБЕДИҢИЗ ..... 77
ЭМИ СИЗДЕН ҮЙРӨНӨМҮН СҮЙГӨНДҮ ..... 78
СЕН ҮЧҮН ..... 79
КУЧАКТАП АЛДЫМ, КУЧАКТАП ..... 80
МЕН ДА КҮТӨМ ..... 81
СЕЗИМ ЭЭЛЕП ӨЗҮМДҮ ..... 82
ЖАРАЛДЫҢ БАЛКИМ МЕН ҮЧҮН ..... 83

СҮЙҮҮ МЕНЕН ........ 83
КӨҢҮЛҮМ АКСАП ТУРАТ ........ 84
ЖАРАЛДЫҢБЫ БАКТЫМА ........ 89
КҮТӨМҮН СЕНИ ........ 90
ЖҮРӨГҮМ ЭГИЗ СЕН МЕНЕН ........ 93
КҮЗ ЭЛЕ АНДА ........ 95
АК СҮЙҮҮҢ ДЕГИ КАНДАЙ ........ 97
МАХАБАТКА БИР КАДАМ ........ 98

**ЭРКИН ОЙЛОР ........ 99**
КЫЯЛДЫН КҮЧТҮҮЛҮГҮ ........ 102
КҮЗ ТҮШСӨ ........ 103
БАГЫТЫМ КАЙ ТАРАПКА БАРАТ ЭКЕН ........ 105
ТОКСОНДУН СУУГУ ........ 111
ТАГДЫР МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ ........ 117
ДАЙЫНСЫЗ КЕТТИ ДЕБЕ КӨРҮНБӨСӨМ ........ 124
КАЙДЫГЕРДИК ЗАМАНЫ ........ 125
КУРБУЛАРГА ........ 127
БИЙИКТИК ........ 130
АЛГАЧКЫ САПАР ........ 130
КҮЗГҮ ТАҢ ........ 139
КАЙРА БАШТАН ТӨРӨЛҮП ........ 139
АСЫЛ ЖАНДАР ........ 140
КУКУДАН БИР ШИҢГИЛ ........ 141
ЖАР САЛАМЫН ........ 144
МЕН ДЕЛЕ СЕНЧЕ БАР ЭЛЕМ ........ 144
РОМЕО, ЖУЛЬЕТТА ........ 147
ЖАМГЫР МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ ........ 148
КЕТКЕН ЭКЕН ЧЕКЕСИНЕН КЕТИЛИП ........ 150
ТАҢКЫ САЛАМДАШУУ ........ 153
АЛГАЧКЫ САПАР ........ 154
МЕН БАСКАН ЖОЛ ........ 155
МЕЗГИЛ ӨКТӨМ ........ 156
КЫЗДАРГА ........ 170
БҮГҮНКҮ КҮН-МЕНИН КҮНҮМ ........ 171







КҮЗГҮ ЭТЮД ........ 174
КУТМАН ТАҢ ........ 175
БИЗГЕ ДАЛЕ БАЛАСЫҢАР ........ 176
НАДИЯ АНЖУМАНГА ........ 177
КЫЗ БОЛУП ТУУЛГАН АРМАН АЙ ........ 181
ЧЕК АРАҢ БЕКЕМБИ БУРАДАР? ........ 186
НООРУЗ МАЙРАМЫҢЫЗДАР МЕНЕН КУТТУКТАЙМЫН ........ 189
АЛАЙ ЖӨНҮНДӨ ........ 190
ТАҢКЫ ТӨГҮЛҮҮ ........ 192
САРЫЛКАН АПИЕВА ЭЖЕКЕГЕ ........ 195
АЙТМАТОВ КЫРГЫЗ ЖЫЛДЫЗЫ ........ 196
ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВДИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ ........ 197
ГҮЛАЙЫМ МУКАРАМОВАДАН ........ 199

**АК ЫРЛАР ........ 200**
ОКШОШТУГУН КАРАЧЫ ........ 200
ТОЙГО БАРДЫК ........ 201
БИР МАС БАРАТ ........ 202
АВТОБУСТАГЫ ЖАШОО ........ 203
ТАҢКЫ ИРМЕМ ........ 204

**БАЛАМА ........ 205**
БАЛДАРЫМА ТИЛЕГИМ ........ 205
НЕБЕРЕМЕ ........ 206
ТЫНЧЫ ЖОК ТАҢ ........ 206
БҮГҮН ДАГЫ САГА АРНАП ЫР
ЖАЗДЫМ, УУЛУМ ........ 209
КАТ ........ 212
ЖАКШЫ АПА БОЛО АЛБАЙ ЖҮРӨМҮН ........ 214
КАЧАН ҮЙГӨ КИРИП КЕЛЭЭР ЭКЕНСИҢ ........ 216
КЫЙЫН ЭКЕН АПА БОЛУУ ТҮЙШҮГҮ ........ 217
ӨЗҮҢ КЕЛ ........ 219
ҮЗБӨЙМҮН УУЛУМ КҮДӨРДҮ ........ 220
АКЫТАЙДЫ САГЫНДЫМ ........ 221
КҮТКҮН ДЕШТИ ........ 222

**БАЛА ТИЛИ БАЛ** ........ **224**
БАЛА ТИЛИ БАЛ ........ 224
ЧОҢ АТА МЕНЕН НЕБЕРЕ ........ 225
КЫЯЛ ........ 226
АППАК МОНЧОК ........ 227
КИЧИНЕКЕЙ ДАРЫГЕР ........ 229
МУГАЛИМДЕН ҮЙРӨНӨМ ........ 229
СҮЙӨТ ЭЛДИ ЖҮРӨГҮМ ........ 230
ЖАГЫМДУУ СУРОО ........ 232
ЭРКЕ КЫЗ ........ 233

**КУПЛЕТТЕР** ........ **234**
КЫЗГАНАМЫН ........ 234
ТИРҮҮЛҮК ........ 235
ЖАШЫЛ БАГЫМ ........ 236
ЖАМГЫР ........ 237
БИШКЕК-ТҮРКСТАН ........ 239
ЖАЗДЫН КҮНКҮ БИР ЭРГҮҮ ........ 240



**Кундузбү Маматова**

**МЕКЕН ДЕМИ**

*Ырлар*

*Компьютерде калыптоочу* М. Кадыров

Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Офсет кагазы. Көлөмү 15,5 басма табак.
Нускасы 100 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек ш., Үсөнбаев көчөсү, 149.



**МАМАТОВА КУНДУЗБҮ АЛИМБЕКОВНА**

1965-жылы 29-ноябрда Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Бий-Мырза айылында туулган. «Тагдыр буйругу», «Эрке» прозаларынын, «Кирпиктеги тамчы», «Махабат ыргагы», «Жүрөктөгү толкун», «Чаң жолдогу издер», өзбек тилинде чыккан «Жол карап» ыр жыйнактарынын автору. Эл аралык «Пегас» журналынын негиздөөчүсү, «Эл достугу» котормо китептеринин түзүүчүсү. 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн» ардак грамотасы менен сыйланган жана башка бир нече сыйлыктардын ээси. Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги жана Кыргыз театр ишмерлер союзу тарабынан уюштурулган VII Эл аралык «Жаңы ысымдар» театр фестивалынын 2 жолку лауреаты, жеңүүсү, Кыргыз Улуттук жазуучулар союзунун, Түндүк Америка жазуучулар союзунун мүчөсү. «Алака» Эл аралык коомдук фондунун директору/ Үй бүлөлүү, төрт баланын энеси.